**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

УДК: 316.7 (575) (043.3)

**ЧЫНЫКЕЕВА ГҮЛНАЗ ЭРГЕШАЛИЕВНА**

# Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Жалал-Абад облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)

**07.00.07. – этнография, этнология жана антропология**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчи:**
**тарых илимдеринин доктору**
**Джоошбекова А.Р.**

**Ош – 2014**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ........................................................................................................ 3**

**I БАП. Калктын этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, булактары жана тарыхнаамеси**

1.1. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, ыкмалары жана колдонулган булактар ...................................................................................... 10

1.2. Проблеманын тарыхнаамеси...................................................................... 20

**II БАП. Жалал-Абад облусунун калкынын санынын динамикасы, жыныстык-курактык түзүмү, улуттук курамынын өзгөрүүсү**

2.1. Калктын санынын жана курамынын өзгөрүүсү ............................................ 30

2.2.Никелешүүдөгү, ажырашуудагы мүнөздүү багыттар жана аралаш никелер ..................................................................................................... 46

2.3. Шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү............................................ 56

**III БАП. Этностордун өзүн-өзү өндүрүүсүндөгү өзгөрүүлөр**

3.1. Калктын өзүн-өзү өндүрүүсүнүн факторлору жана мүнөздүү багыттары... 68

3.2. Кыргыздардын азыркы учурдагы жашоосунун негизги булактары жана жашоо шарттарына болгон канааттануусу ........................................................ 81

**IV БАП. Жалал-Абад облусундагы калктын миграциясы жана анын калктын курамына тийгизген таасири**

4.1.Облустагы калктын миграциясынын жүйөлөрү, факторлору жана негизги багыттары.............................................................................................. 103

4.2. Облустагы миграциялык жүрүмдөрдүн этникалык жагы........................... 120

**ЖЫЙЫНТЫК ................................................................................................. 132**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ ...................................... 141**

**ТИРКЕМЕ................................................................................................... 158**

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Рынок экономикасына өтүү, кардиналдуу социалдык-экономикалык жана саясий реформалардын жүрүшү, өлкөдөгү социалдык-экономикалык кыйынчылыктар Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнөн кийинки жылдары анын калкынын өнүгүү динамикасына жана мүнөзүнө чечкиндүү таасир тийгизди. Ошондуктан учурда республикадагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү терең жана ар тараптуу изилдөө актуалдуу болуп саналат.

XX кылымдын экинчи жарымында этнологдор изилдеген маселелердин айлампасы белгилүү деңгээлде кеңейди. Бул мезгилде этнология менен байланышкан бир топ илимий дисциплиналар пайда болду: этнодемография, этносоциология, этногеография, этнопедагогика, этноэкология. Учурдагы этникалык жүрүмдөрдү мүнөздөгөн материалдар илимпоздор тарабынан топтоштурулууда жана талдоого алынууда.

Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Жалал-Абад облусунун мисалындагы бул изилдөөдө өлкөдөгү саясий жана экономикалык өзгөрүүлөрдүн республикадагы этнодемографиялык жүрүмдөргө тийгизген таасирин ачып көрсөтүүгө аракет жасалды. Бул облус – ири ресурстарга бай жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүгү жогору өнөр-жай жана маданий борборлорунун бири болуп саналат. Облус түштүк – батыштан Өзбекстан, түндүктөн – Талас, чыгыштан – Нарын жана түштүктөн Ош облустары менен чектешкен. Жалал-Абад облусу 1939-жылы 21-ноябрда негизделген, ал эми 1959-жылы 27-январда Ош облусунун курамына кирген. 1990-жылы 14-декабрда кайрадан Жалал-Абад облусу болуп түзүлгөн [3.38. 2-б.]. Облустун аймагы 8 административдик-аймактык райондорго бөлүнөт. Алар: Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон, Ноокен, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул жана Чаткал. Облустун административдик борбору – Жалал-Абад шаары [3.41.3-б.].

Кыргызстандын аймактарындагы элдердин тарыхый өнүгүүсүнүн көп түрдүүлүгү, андагы жашаган калктын өзүн-өзү өндүрүүсү жана жашоо

ишмердүүлүгү илимий жактан гана актуалдуу эмес, анын практикалык да мааниси чоң. Калктын демографиялык жүрүмдөрү бир топ факторлор, анын ичинде аймактын тарыхый өзгөчөлүктөрү, экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли, ар түрдүү этностордун маданияттарынын бири-бирине тийгизген таасири менен да шартталат.

Облустун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрү этнологиялык жактан изилдене электиги изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт.

**Диссертациялык эмгектин максаты** этносоциологиялык жана статистикалык материалдардын негизинде Жалал-Абад облусунун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүнүн мүнөздүү белгилерин изилдөө болуп эсептелет.

**Жогорудагы максаттарга ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлду:**

- облустун калкынын санын, этникалык жана жыныстык-курактык курамын карап чыгып, андан ары өнүгүү мүнөзүн жана багыттарын изилдөө;
- демографиялык өзгөрүүлөрдүн багыттарын аныктоо үчүн облустун субаймактарындагы калктын санынын динамикасын райондор боюнча изилдеп чыгуу;
- облустагы никелешүүнүн жана ажырашуунун көрсөткүчтөрүн жана аралаш никелерди талдоо;
- калктын жыныстык-курактык курамын, нике жана үй-бүлөлүк абалын талдап, аны шарттаган факторлорду изилдөө;
- облустагы калктын табигый өзүн-өзү өндүрүү жүрүмдөрүн (төрөлүү, өлүү) изилдөө, анын факторлорун, мүнөздүү багыттарын аныктоо;
- этностордун азыркы учурдагы жашоо булактарын, табигый өзүн-өзү өндүрүү жүрүмдөрүнүн социалдык-экономикалык фактору катары талдоо;
- кыргыздардын жаңы шартта калктын көз караштарынын өзгөрүүсүнүн этнодемографиялык жүрүмдөргө тийгизген таасирин этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары боюнча талдоо;

- облустагы калктын миграциясын изилдөө, анын учурдагы себептерин, жүйөлөрүн, багыттарын жана өнүгүүсүнүн мүнөздүү багыттарын ачып көрсөтүү жана калктын демографиялык курамына тийгизген таасирин изилдөө.

**Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси** болуп учурдагы Жалал-Абад облусунун калкы алынды.

**Изилдөөнүн предмети** болуп илимий жана практикалык кызыгууну жараткан учурдагы Жалал-Абад облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөр, калктын санынын динамикасы, жыныстык-курактык, нике жана үй-бүлөлүк, этникалык курамы сыяктуу демографиялык мүнөздөмөлөр эсептелет.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** 1989-жылдан 2009-жылга чейинки жыйырма жылды кучагына алат. Бул мезгилде Кыргызстанда, анын ичинде Жалал-Абад облусундагы калк сандык жана сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болду. Башкача айтканда, совет доорунун акыркы жылдарынан 2009-жылдагы акыркы эл каттоого чейинки мезгил алынды. Бул мезгилди үчкө бөлүп кароого болот:

1. 1989-1991-жылдар. СССРдин курамындагы мезгил. Мында Жалал-Абад облусундагы демографиялык жүрүмдөр СССРдин курамында каралат.
2. 1992-1999-жылдар. Постсоветтик мезгилдеги жана эгемендүүлүктүн алгачкы мезгилиндеги этнодемографиялык жүрүмдөрдүн бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгон мезгили.
3. 2000-2009-жылдар. Биринчи Улуттук эл каттоодон кийин Экинчи Улуттук элди жана турак-жай фондун каттоо мезгилине чейинки этнодемографиялык өнүгүү мезгили.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы:**

XX кылымдын акыркы он жылдыгы жана XXI кылымдын башындагы Жалал-Абад облусунун калкынын этнодемографиялык өнүгүү жүрүмдөрүн комплекстүү изилдөөгө алгачкы кадам жасалды. Мында Жалал-Абад облусунун калкынын улуттук топторундагы сандык жана сапаттык өнүгүүсүн чагылдырган маселелер кеңири булактардын негизинде каралды.

Бул диссертацияда алгачкы жолу Жалал-Абад облусунда жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары талданып, жыйынтыктар илимий айлампага киргизилди. Андан сырткары, жарыкка чыга элек маанилүү статистикалык маалыматтар колдонулду (айрымдарын автор өзү эсептеп чыкты).

Калктын демографиялык түзүмүн мүнөздөө үчүн этнодемографиялык ыкмаларды кеңири колдонуу менен белгилүү аймактарда жашаган калктын санынын динамикасы талдоого алынды, демографиялык көрсөткүчтөр аркылуу салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү.

Калктын өзүн-өзү өндүрүүсүнүн мүнөздүү белгилери ачып көрсөтүлдү жана алардын социалдык-экономикалык, маданий, демографиялык жана этникалык шарттарга ылайыкташышы аныкталды. Миграциянын таасирине байланыштуу этнодемографиялык жүрүмдөрдүн өзгөрүүсү көрсөтүлдү.

**Диссертациянын илимий-практикалык маанилүүлүгү:**

Изилдөөнүн материалдарын жана илимий жыйынтыктарын демографиялык жүрүмдөрдүн өзгөчөлүктөрүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтүүдө, өлкөнүн демографиялык саясатын аныктоодо, анын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн болжолдоо үчүн узак убакытка чектелген программаларды түзүүдө, ошондой эле, өндүрүшкө жана керектөөгө байланышкан аймактагы саясий, экономикалык жана чарбалык маселелерди уюштурууда колдонууга болот. Талданган материалдардын жыйынтыктары, сунуштары ушул проблема боюнча иштеген бардык мамлекеттик жана коомдук уюмдарга пайдалуу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн этнодемография курсун иштеп чыгууда изилдөөнүн материалдарын пайдаланса болот. Ошондой эле, Кыргызстан элдеринин тарыхы, этнографиясы, демографиялык өнүгүүсү боюнча жалпылоочу жумуштарды даярдоодо, энциклопедияларды, окуу китептерин, илимий-популярдуу китептерин, окуу курстарын иштеп чыгууда колдонууга мүмкүн. Изилдөөнүн материалдары ушул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзгөн жаш окумуштуулар үчүн да пайдалуу.

**Коргоого сунушталуучу жоболор:**

- Кыргызстандын түштүгүндөгү Жалал-Абад облусунун көп улуттуу калкы демографиялык жактан көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Калктын санынын динамикасына табигый өсүү жана миграция чоң таасир этет. Биз изилдеген мезгил ичинде облустун калкынын саны өскөн.
- Облустун калкы демографиялык жактан салыштырмалуу жаш. Калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны көп. Улгайган адамдардын саны Кыргызстандын түндүк облустарына караганда аз. Жыныстардын ортосундагы дисбаланс сезилээрлик эмес. Улгайган жаштагы эркектердин саны аялдарга караганда эки эсеге аз.
- Жыйырма жыл аралыгында калктын этникалык курамы чоң өзгөрүүлөргө кабылды. Тышкы миграциянын күч алышы менен калктын курамында кыргыз, өзбек, тажиктердин үлүшү өскөн, орус, украин, белорус, татар, немецтердин үлүшү кемиген. Миграциянын таасири башка аз сандуу этносторго көп таасир эткен эмес, алар мурдагыдай эле облустун аймагында жашап, анын көп улуттуу калкын түзүүдө.
- Эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий жана социалдык-экономикалык реформалар шартында калктын демографиялык өнүгүү маселелеринде, андагы табигый өзүн-өзү өндүрүү мүмкүнчүлүгүндө жана сапаттык өнүгүүсүндө көптөгөн өзгөрүүлөр бар. Калктын демографиялык өсүүсүнүн негизги фактору табигый өсүү болуп эсептелет. Негизинен облустун калкынын табигый өсүүсү жогору.
- Өткөөл мезгилдеги экономикалык абалдын туруксуздугу, кардиналдуу реформалар учурунда облустун калкынын никелешүү көрсөткүчү төмөндөгөн. Айыл жана шаар калкында никелешүү жана ажырашууларда кээ бир айырмачылыктар бар. Кийинки эл каттоонун материалдары көрсөткөндөй, калктын ичинде аз санда болсо да мамлекеттик каттоодон өтпөгөн никелер пайда болду.
- Облустун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган. Этномаданий өнүгүүдөгү жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн

жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз түгөйлөрүндө көп кездешет.

- Жалал-Абад облусунун калкынын этнодемографиялык өнүгүүсүнө миграциялык жүрүмдөр чоң таасир тийгизет. Тышкы эмгек миграциясына негизинен эмгекке жарамдуу жаштар кетип жаткандыктан, облустун этнодемографиялык өнүгүүсүнүн бардык параметрлеринде анын таасири чоң.
- Облустагы калктын, анын ичиндеги кыргыздардын көпчүлүгү Россия, Казакстанга барып иштеп келүү, жашоо үчүн багытталган. Алардын активдүү миграциялык жүрүм-туруму негизинен социалдык-экономикалык себептер менен шартталган. Миграциялык жүрүмдөр жана калктын этнодемографиялык өнүгүүсү бири-бири менен тыгыз байланышкан жана өз ара бири-бирине таасир этип турушат.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдү талдоонун, байкоо жүргүзүүнүн, тургундар менен маектешүүнүн материалдарын жана статистикалык маалыматтарды пайдалануунун натыйжасында Жалал-Абад облусунун этнодемографиялык жүрүмдөрү изилденди. Облустун калкынын этникалык, курактык, жыныстык курамы аныкталды. Этнодемографиялык жүрүмдөрдүн өзгөрүүсүнүн шарттары талданды. Облустун калкынын миграциясынын себептери, багыттары анын демографиялык абалга тийгизген таасири изилденди. Жаңы турмуштук шарттар кыргыздардын этнодемографиялык жүрүм-турумун өзгөртүп жаткандыгы өздүк материалдар менен тастыкталды. Ошондой эле, илимий айлампага жаңы этносоциологиялык материалдар киргизилди.

**Иштин апробациясы.** Диссертациянын негизги жоболору жана теориялык, практикалык жыйынтыктары эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда доклад, билдирүү катары баяндалган жана басмадан чыгарылды. Алар: Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган “Улуттук аң-сезим жана мамлекеттүүлүк” аттуу илимий практикалык конференцияда (Ош, 2003-ж.), “Кыргызская

государственность в системе государственности тюркоязычных государств и степной зоны в целом” деп аталган Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган студенттердин жана жаш окумуштуулардын эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Ош, 2003-ж.), Турциянын жана башка өлкөлөрдүн окумуштуулары тарабынан уюштурулган “Ulkumuz” эл аралык симпозиумунда (Стамбул, 2006-ж.), тунгуч-этнограф Какен Мамбеталиеванын юбилейине арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, 2010-ж.), Кыргыз Республикасынын Гербинин 20 жылдык маарекесине арналган “Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгү жана укуктук тутуму: тарыхы жана бүгүнкү учур” деп аталган эл аралык илимий-теориялык конференциясында (Ош, 2013-ж.) доклад формасында баяндалган. “ОшМУнун жарчысы”, “Известия вузов” жана “Әdilet” сыяктуу жыйнактарда жалпысынан тогуз макала жарык көрдү.

**Изилдөөнүн түзүмү**. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, тогуз бөлүктөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Эмгекте жадыбалдар, диаграммалар берилген.

# I БАП. Калктын этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, булактары жана тарыхнаамеси

## 1.1. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, ыкмалары жана колдонулган булактар

Демография – грек тилинен которгондо “эл” жана “жазуу” б.а. калктын коомдук-тарыхый жүрүмүндө шартталган өзүн-өзү өндүрүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим. “Демография” термини алгачкы жолу 1855-жылы француз окумуштуусу А. Гийяр тарабынан колдонулган. 1882-жылы эл аралык гигиена жана демография конгрессинин Женева сессиясында расмий аталган. XX кылымдын башында Петербургда 1972-жылы өткөн эл аралык статистикалык жүрүмдөрдүн сегизинчи сессиясында орус тилине киргизилген.

Өз алдынча коомдук илим катары демография төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу сыяктуу демографиялык жүрүмдөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана социалдык шартталышын, жубайлардын жана үй-бүлөлөрдүн түзүмдөрүн, жалпы эле калктын өзүн-өзү өндүрүүсүн, жыныстык-курактык түзүмүн жана миграциялык жүрүмдөрүн изилдейт.

Окумуштуулар тарабынан кийинки учурда улут маселесине өзгөчө көңүл бурулууда. Акыркы мезгилдерде көпчүлүккө белгилүү бир топ илимдерге «этнос» сөзү уланууда – «этнодемография», «этносоциология», «этнопсихология» ж.б. Муну менен социология, демография жана башка илимдердин өнүгүүсүндө жаңы кадам ташталгандыгын айтууга болот [4.125.3-б.]. Калктын санынын динамикасын жана курамын, социалдык- экономикалык маселелерди изилдөөдө алардын этникалык жагын ачуу чоң мааниге ээ.

Этнодемография XX кылымдын экинчи жарымынан өнүгө баштап, калктын улуттук курамын жана динамикасын тактайт, этностордун санын жана этнографиялык топторду аныктайт, негизги демографиялык көрсөткүчтөрдү (төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу, миграция) этникалык жаатта изилдейт

жана бул көрсөткүчтөрдү турмуш-тиричилик жана маданият менен байланышта ачып көрсөтөт.

Этнодемографиялык изилдөөлөрдү өткөрүү боюнча методологиялык сунуштар жана көрсөтмөлөр орус окумуштуусу В.И. Козловдун [4.83.,4.84.,4.85] эмгектеринде чагылдырган. Демографиялык окуяларды утурумдук эсепке алууну уюштуруу, үзгүлтүксүз эл каттоолор, иргеме аркылуу изилдөөлөр учурдагы элдин демографиялык мүнөздүү багыттарын талдоого алууга мүмкүнчүлүк берди.

Негизинен демографияга кызыгуу XX кылымдын аягы XXI кылымдын башында башталгандыгы байкалат. Бул статистикалык материалдардын топтолушу жана социалдык-экономикалык, маданий жана этникалык жүрүмдөрдүн демографиялык абалга тийгизген таасири менен түшүндүрүлөт.

Акыркы жыйырма жылдагы изилдөөлөр КМШ өлкөлөрүндөгү демографиялык жагдайдын начарлаганын көрсөттү. Эмгекке жарамдуу калктын жана балдардын өлүмүнүн жогорку көрсөткүчтөрү, төрөлүүнүн төмөндөөсү ага далил боло алат. Учурдагы изилдөөлөр демографиянын маселелерин жаңы деңгээлде карап чыгууга мүмкүнчүлүк берүүдө.

С.А. Арутюнов [4.45.], Ю.В. Арутюнян [4.46., 4.47.], С.И. Брук [4.63.], Г.А. Бондарская [4.55], А.Я. Боярский [4.57., 4.91., 4.92.], Д.И. Валентей [4.64.], А.Я. Кваша [4.81], П.И. Кушнер [4.93.], Ж.А. Зайончковская [4.78., 4.79.], Л.Л.Рыбаковский [4.115., 4.116., 4.117., 4.118.], В.И. Переведенцев [4.112., 4.113.], Б.Ц. Урланис [4.132.], Н.Н. Чебоксаров, И.А. Чебоксарова [4.134.] сыяктуу окумуштуулардын илимий эмгектери демографиянын методологиялык негиздерине, калктын өзүн-өзү өндүрүүсүнө жана миграциясына арналган. Алсак, Л.Л. Рыбаковскийдин [4.115., 4.116., 4.117., 4.118.] бир топ эмгектери миграциянын аймактык талдоосуна, демографиялык жүрүм-турумдарды социологиялык изилдөө ыкмаларына, жалпы эле калктын миграциясына жана анын теориялык маселелерине арналган. Ал эми В.И. Переведенцев [4.112., 4.113.] өзүнүн изилдөөлөрүн калктын миграциясын изилдөөнүн ыкмаларына жана азыркы мезгилдеги Батыш Сибирь калкынын миграциясына арнаган.

Методологиялык жактан англиялык демографтар тарабынан киргизилген “демографиялык өткөөл” концепциясынын киргизилиши коюлган бул маселени терең аңдоодо чоң мааниге ээ болду. Өзүн-өзү өндүрүүнүн салттуу тиби үй-бүлөнүн жаңы тибинин келип чыгышы менен өзгөргөн. Ал никелешүүнүн деңгээлинин төмөндөөсү, алгачкы никеге кеч туруу, акырындык менен орто жана аз балалуулукка өтүү, төрөлүүнүн үй-бүлөлүк пландаштырылуусу менен мүнөздөлөт.

В.А. Борисов [4.56.], В.М. Медков [4.99., 4.100.] өздөрүнүн эмгектеринде демографиялык категорияларга аныктамаларды беришкен. Ал категориялардын бири “калктын өзүн-өзү өндүрүүсү” болуп саналат. Мында төрөлүү жана өлүү аркылуу калктын санынын жана түзүмүнүн үзгүлтүксүз өзгөрүүсү менен муундун муунга алмашуусу каралган. Жогорудагы окумуштуулардын эмгектери биздин изилдөөбүздүн теориялык-методологиялык базасын кеңейтти.

Биздин бул этнодемографиялык изилдөөдө *тарыхыйлуулук* принциби колдонулду. Ал Жалал-Абад облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдүн тарыхый мүнөздүү багыттарын ачууга жардам берет. Этнодемографиялык өнүгүүнүн таасири бир нече муундун жашоосунун тарыхый узак убакыттын ичинде өзгөрүшүнө алып келет.

Муундардын алмашуусундагы адам баласынын жашоосундагы маанилүү окуялар болуп эсептелген облустун калкынын *төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу* сыяктуу демографиялык жүрүмдөрүн иликтөө бул диссертациялык иштин өзөгүн түзөт. Демографиялык жүрүмдөрдү талдоодо этникалык жүрүмдөрдү эсепке алуу зарыл. Себеби, элдин санынын динамикасынын бир компоненти катары этникалык жүрүмдөр эсептелет.

Этнодемографиялык кырдаал демографиядагы фундаменталдык түшүнүктөрдүн бири. Этнодемографиялык жүрүмдөр белгилүү убакыт ичинде этностордун өнүгүүсүнүн мүнөздүү багыттарын чагылдырат [4.103]. Көп улуттуу мамлекеттердин чегинде ар бир аймактын этнодемографиялык

жагдайы эреже катары ар түрдүү болуп, калктын өзүн-өзү өндүрүүсүнүн түрдүү типтерин аныктайт.

Жалал-Абад облусунун калкынын этнодемографиялык мүнөздүү багыттарын талдоо, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын көрсөтүү, мейкиндикте жана убакытта салыштырууларды жүргүзүүчүн биздин изилдөөдө *салыштырмалуу-тарыхый* ыкма колдонулду. Салыштырмалуу-тарыхый ыкманын курамында аналогиялык ыкма салыштырып жаткан калктын курамынын кээ бир белгилеринин негизинде алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктап берүүгө жардам берди [4.82.].

Изилдөөдө *статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу* ыкмалары колдонулду. Сандык анализ, альтернативдик статистика жана динамикалык катарды иштеп чыгуу сыяктуу ыкмалар материалдарды талдоодо чоң мааниге ээ болду. Биздин изилдөөбүздө башка бул сыяктуу изилдөөлөрдөгүдөй эле салыштырмалуу талдоодо салыштырмалуу көрсөткүчтөр колдонулат. Демографиялык кубулуштардын интенсивдүүлүгүнүн мүнөздөө үчүн бир жылда калктын 1000 адамына эсептелген коэффициенттерди, промилл катары берилген көрсөткүчтөрдү колдондук.

Калктын курамын изилдөөдө жана талдоодо эффективдүү инструмент катары атайын демографиялык жадыбалдар, жыныстык-курактык пирамидалар, диаграммалар түзүлдү. Аларда калктын санынын динамикасы, абсолюттук өсүү, өсүүнүн темпи, жыныстардын катышы, жаш-курагы, үй-бүлөдөгү балдардын саны, никелешүү жана үй-бүлөлүк, улуттук, тилдик курамы сыяктуу демографиялык көрсөткүчтөр талдоого алынды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө облустагы калктын демографиялык, экономикалык жана социалдык абалы талдоого алынды. Эгемендүүлүк мезгилинде облуста этнодемографиялык абал өзгөрүп, анын ичинде миграциялык жүрүмдөр активдешкен. Калктын табигый өсүүсүн эске албаганда, миграциялык жүрүмдөр калктын санына түздөн-түз таасирин тийгизген жана бир топ терс социалдык жана демографиялык кесепеттерге алып келген. Атап айтканда, толук үй-бүлөлөрдүн бузулушуна жана толук эмес

үй-бүлөлөрдүн пайда болушуна, төрөлүүнүн азайышына, өлүмдүн көбөйүшүнө таасирин тийгизген.

Бул изилдөөдөэтнологиялык изилдөөнүн төмөнкү ыкмалары колдонулду:

- сурамжылоо;
- статистикалык маалыматтарды талдоо;
- жергиликтүү тургундар, жергиликтүүөзүн-өзү башкаруунун өкүлдөрү менен аңгемелешүү;
- байкоо жүргүзүү - Жалал-Абад облусундагы талаа изилдөөлөрү;
- массалык маалымат каражаттарынын материалдарын талдоо;
- сурамжыланган материалдарды талдоо;

Диссертациялык изилдөөнүн негизги булагы болуп жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары эсептелет. Этносоциологиялык изилдөө Жалал-Абад облусунда 2009-жылы жүргүзүлдү жана “Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жана миграциялык жүрүмдөр” ( жетекчиси т.и.д., профессор А.А. Асанканов) деп аталган чоң изилдөө проектисинин бир бөлүгү болуп саналат. Изилдөө Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында жүргүзүлгөн. Жалал-Абад облусунда этносоциологиялык изилдөө үчүн иргеп алуу ыкмасынын натыйжасында Жалал-Абад шаары жана Базар-Коргон айылы тандалып алынды. Бул изилдөөнүн стационардык пункттары изилденип жаткан облустун бардык калктуу пункттарын мүнөздөйт. Этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары диссертанттын талаа изилдөөлөрү менен толукталды.

Жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөө иргеп алуунун негизинде, 2009-жылдын жаз жана күз айларында жүргүзүлдү. Бул изилдөөлөрдө кыргыздар үчүн тандап алуу көп тепкичтүү, стратификацияланган жана өкүлчүлүк принциптеринде түзүлдү. Этносоциологиялык изилдөөдө облустун жана райондун борбору катары – Жалал-Абад шаары жана Базар-Коргон айылы тандалып алынды. Тандап алууда негизги көңүл калктын этникалык курамына бурулду. Алар облустун башка шаарлары жана райондору сыяктуу эле административдик, маданий жана экономикалык борборлор болуп саналат.

Башкача айтканда, Жалал-Абад шаарында 97172 адам жашайт, анын ичинен 54% кыргыздар, 38% өзбектер жана 3,4% орустар болп саналат. Базар-Коргон айылында 33 359 адам жашап, алардын 55% - кыргыздар, 43,2% өзбектер, ошондой эле 1% уйгурлар жана түрктөр түзөт.

Жалпысынан облус боюнча 475 адам сурамжыланды. Анын ичинен шаарда 187 адам, айылда 288 адамга сурамжылоо жүргүзүлдү. Бардык облус боюнча сурамжылануучулардын 196 эркек жана 279 аял болду, б.а. 42% эркектер жана 58% аялдар түздү. Жаш-курагы боюнча 16 жаштан 60 жаштан улуу курак суралып, 16-20 жаштагы 73 адам (15,3%), анын 21 эркек жана 52 аял суралды, 21-25 жаштагы сурамжылануучулар анын көпчүлүгүн түзүп, баары 133 адам (28%), анын 75 и аял жана 58 и эркек болду. 26-29 жаштагы сурамжылангандар баары 92 (19,3%) адам суралды, тактап айтканда, 46 эркек жана 46 аял сурамжыланды. Үй-бүлөлүк абалы боюнча, алсак, жалпы 121 эркек, 138 аял сурамжыланды. 71 бойдок эркек жана 104 бойдок аял суралды. Сурамжылангандын билими боюнча жогорку билимдүүлөрдүн 90 у эркек, 97 си аял болду, башкача айтканда, сурамжылангандардын 187 си (39,3%) жогорку билимдүү болду. Ал эми бүтпөгөн жогорку билимдүүлөрдөн 39 эркек жана 84 аял сурамжыланды. Жалпы 123 адам (25,8%) бүтпөгөн жогорку билимдүүлөр болуп эсептелди.

Жалал-Абад шаары боюнча 83 эркек (44,3%) жана 104 аял (55,6%) сурамжыланды. 16-20 жаш курактагылар 39 адам (20,8%), 21-25 жаштагылардан 60 адам (32,0%), 26-29 жаштагылардан 40 адам (21,3%), 30-39 жаштагылардан 14 адам (7,4%), 40-49 жаштагылардан 16 адам (8,5%), 50-59 жаштагылардан 10 адам (5,3%) жана 60 жаштан жогорулардан 8 адам (4,2%) сурамжыланды. Шаар боюнча 93 бойдоктор (49,7%), 88 үй-бүлөлүүлөр (47,0%) жана 6 ажырашкандар (3,2%) сурамжыланды. Билими боюнча 55 жогорку билимдүү (29,4%), 74 бүтпөгөн жогорку билимдүү (39,5%), 20 атайын орто билимдүү (10,7%), 34 орто билимдүү (18,1%) жана 4 бүтпөгөн орто билимдүүлөргө (2,1%) анкета таратылды.

Базар-Коргон айылы боюнча 113 эркек (39,2%) жана 175 аял (60,7%) сурамжыланды. 16-20 жаш курактагылар 34 адам (11,8%), 21-25 жаштагылардан 73 адам (25,3%), 26-29 жаштагылардан 52 адам (18,0%), 30-39 жаштагылардан 39 адам (13,5%), 40-49 жаштагылардан 33 адам (11,4%), 50-59 жаштагылардан 28 адам (9,7%) жана 60 жаштан жогорулардан 29 адам (10,0%) сурамжыланды. Айыл боюнча 82 бойдоктор (28,4%), 171 үй-бүлөлүүлөр (59,3%),23 ажырашкандар (7,9%) жана 12 жесир (4,1%) сурамжыланды. Билими боюнча 132 жогорку билимдүү (45,8%), 49 бүтпөгөн жогорку билимдүү (17,0%), 30 атайын орто билимдүү (10,4%), 64 орто билимдүү (22,2%) жана 13 бүтпөгөн орто билимдүүлөргө (4,5%) анкета таратылды.

Биздин изилдөөбүздө негизги ыкма катары *этносоциологиялык сурамжылоо* колдонулду. Анын ыкма катары кеңири таралуусунун негизги себептеринин бири – ишеничтүү маалыматтарды топтоого мүмкүндүк бергендигинде болуп саналат [4.86.]. Сурамжылоо стандарттуу интервью формасында жүргүзүлдү (анкетаны тиркемеден көрүүгө болот). Анкета адамдын демографиялык жана социалдык бейнесин берүүчү маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк берди. Алар: жынысы, курагы, билими, кесиби жана ишкердүүлүк чөйрөсү жөнүндөгү маалыматтар. Анкета 51 суроодон туруп. сурамжылануучулардын демографиялык, тиричилик жана жашоо шарттары, үй-бүлө жана үй-бүлөлүк абалы, миграциясынын жүйөлөрү жана багыттары, улуттар аралык мамилелери тууралуу жооптор алынды. Улуттар аралык мамилелер анкетадагы беш суроонун негизинде изилденди. Тагыраак айтканда, мамлекеттик тил деп эсептелген кыргыз тилин Кыргызстанда жашаган бардык жарандар билүүгө милдеттүүлүгү жана балдарынын мектепте кайсы тилде окуусун каалагандыгы боюнча суроолор аркылуу тилдик жүрүм-туруму изилденди. Анкета кыргыз тилинде жүргүзүлдү.

Бул диссертациялык изилдөөнүн *негизги булагы болуп* Жалал-Абад облусунда, Жалал-Абад шаарында жана Базар-Коргон айылында жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн материалдары эсептелет. Ага кошумча автордун талаа материалдары да пайдаланылды.

Жалал-Абад облусунун калкынын демографиялык жүрүмдөрү боюнча толук жана туура көрүнүштү алуу үчүн булактардын кийинки чоң тобу болуп эсептелген статистиканын архивдик материалдары, *эл каттоо материалдары* талданды. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитетинин материалдары диссертациялык изилдөөдө кеңири колдонулду. Тактап айтканда, 1989-жылдагы Бүткүл Союздук эл каттоо материалдары, 1999 жана 2009-жылдардагы Кыргыз Республикасындагы улуттук биринчи жана экинчи эл каттоонун жыйынтыктары пайдаланылды.

Эл каттоо – өзгөчө татаал, эмгекти көп талап кылган жана андагы алынган маалыматтары кымбатка турган операция. Ал кыска мөөнөттүн ичинде өткөрүлөт, мааниси өтө чоң болгондуктан, аны өткөрбөй коюу мүмкүн эмес. Ошого карабастан мүнөздөлгөн иш чаралар өтө татаал шарттарда ишке ашырылып, калктын эсеп-кысабын алуу жакшы жолго коюлгандыктан, алынган маалыматтарды салыштыруу, үйрөнүү, талдоо, социалдык жүрүмдөрдү прогноздоо натыйжалуу жыйынтыктарды чыгарууга көмөктөшөт. Эл каттоолор чоң илимий практикалык мааниге ээ болуп, ар кандай бийликте өлкөнүн экономикалык жана социалдык өсүп-өнүгүүсүнө жардам берген.

Кыргыз Республикасынын эгемендүү шартындагы биринчи эл каттоосу 1999-жылы 24-мартта өткөрүлгөн. Улуттук эл катоонун өзгөчөлүктөрү: эл каттоонун материалдарын тыкандык менен иштеп чыгуу, калктын саны жөнүндө тиешелүү маалыматтарды алуу, этникалык курамы, шаарларда жана айылдарда жайгашуусу, тилдик курамы, элдин куррактык, жыныстык курамынын так, анык маалыматтарына ээ болуу, улуттун никелик абалы, балдарынын саны, билим деңгээли, кесиби, социалдык-экономикалык абалы, турак-жай шарттары жана башка көрсөткүчтөргө ээ болуудан турган. Булардын баары статистикалык технологиянын өркүндөшү жана компьютерлештирүүнүн натыйжасында ишке ашты.

Биринчи улуттук эл каттоонун маалыматтары жалпы элдик, мамлекеттик маанидеги иш чараларда биринчи жолу эл каттоонун негизги принциптери сакталгандыгын көрсөттү: биринчиден, эл каттоо кандай гана шартта, же

себептерде өтүшүнө карабастан ар бир адамды эсепке алгандыгы, эл каттоо бүтүндөй республиканын аймагын камтыгандыгы менен айырмаланган. Экинчиден, эл каттоо республикада орчундуу социалдык-экономикалык абалгакарабастан, дүйнөлүк коом кабыл алган он жылдык мөөнөттүн аралыгында өткөрүлдү. Үчүнчүдөн, маалыматтар элдин кошумча документтерди көрсөтүүсүз так алынды. Төртүнчүдөн, бүткүл элдик каттоону өткөрүү Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети тарабынан борборлоштурулган абалда иш жүзүнө ашырылды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан кезектеги эл каттоону жүргүзүү 2009-жылы 24-мартынан 2-апрелине чейинки мөөнөт белгиленген. Бул эл каттоо, буга чейинки болуп өткөн эл каттоолордон төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган. Сурамжылоо, негизинен, үч формадан турган. Биринчи формада “Каттоо барагы – жашоочулардын тизмеси” берилсе, экинчи форма “Каттоо барагы – эл” деген аталыш менен, ал 18 суроодон туруп, суроолор эл каттоонун кеңири чагылдырууга түрткү берет, ал эми үчүнчү формада Кыргызстандын тарыхында алгачкы жолу турак-жай фонду катталууда жана “Каттоо барагы – турак-жай фонду” деп аталуу менен 13 суроону өз ичине камтып, турак-жайдын тиби, кабаттуулугу, курулган мезгили, жер титирөөгө туруктуулугу, курулуштун ээлеген орду, ыңгайлуулугу, аянтынын өлчөмү, бөлмөлөрдүн саны жана башкалар камтылган. Алгач эл каттоону жүргүзүүгө көмөктөшүүчү эсепчилер, инструкторлор жана ар бир аймактагы жооптуулар ар түрдүү мөөнөттө (жумушуна жараша) окутулуп (семинар, тренинг ж.б. сыяктуу ыкмаларды колдонуу менен), даярдыктан өткөрүлгөн. Ошону менен бирге алар кайсы эл каттоолордо, кайсы гана тармактарда эмгектенбесин, сөзсүз түрдө жогорку же орто окуу жайын бүткөндүгү менен шартталган. Үчүнчү форма “Каттоо барагы – турак-жай фонду”, негизинен азыркы мезгилдеги Кыргызстандагы калктын жашоо деңгээлин ачык көрсөтүү менен социалдык деңгээлин чагылдырат жана мамлекет тарабынан калкка кандай жардам керектиги аныкталат. Азыркы мезгилдеги компьютердик технологиянын жетишкендиктери бул эл каттоонун

жүрүшүнө оң таасирин тийгизүү менен бирге маалыматтарды тез алууга, аймактар аралык талдоону жүргүзүүгө жана аларга баа берүүгө көмөктөшөт.

Изилдөөнүн дагы бир негизги булагы – “Кыргызстандын чөлкөмдөрү” деп аталган жыйнак болуп саналат. Мында облустагы калктын саны, аймактагы жайгашуусу боюнча толук маалыматтар райондор, шаарлар, айылдык округдар жана айылдык калктуу пункттар менен көрсөтүлгөн. Облус боюнча калктын жыныстык-курактык жана улуттук курамы, тилдерди билүүсү, билим деңгээли, нике абалы, аялдардын төрөттүүлүгү, киреше булактары ж.б. маалыматтарды да алууга болот.

“Кыргыз Республикасынын демографиялык жылнаамасы” деп аталган статистикалык жыйнактын дээрлик 1990-жылдан 2009-жылга чейин жарыяланган маалыматтары изилдөөгө алынды. Ошондой эле, “Област цифраларда”, “Кыргызстан цифраларда”, “Кыргызстандын аялдары жана эркектери”, “Кыргыз Республикасынын калкынын тилдерди билүүсү боюнча бөлүштүрүлүшү”, “Кыргыз Республикасынын калкынын жыныстык-курактык курамы”, “Кыргыз Республикасынын миграциясы” сыяктуу жыйнактар пайдаланылды. 1989-2009-жылдардагы Жалал-Абад облустук статистика комитетинин утурумдук эсепке алуу материалдары, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматтык-аналитикалык материалдары, Кыргыз Республикасынын калкты жумуш менен камсыз кылуу жана миграция боюнча Мамлекеттик комитетинин материалдары маанилүү маалыматтарды бере алды.

Калктын табигый, механикалык кыймылын, анын өзүн өзү өндүрүүсүн ар тараптан изилдөөгө массалык *маалымат каражаттарынын материалдары* жана *интернет-ресурстар* көмөк көрсөттү. Жогоруда колдонулган булактар облустагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү комплекстүү изилдөөгө жардам берди.

## 1.2. Проблеманын тарыхнаамеси

Советтик мезгилдеги көпчүлүк эмгектерде жалпы демографиялык жагдай же калктын табигый жана миграциялык кыймылына таасирин тийгизген белгилүү демографиялык, социалдык-экономикалык, маданий жана башка факторлор изилденген. Бирок, түздөн-түз этникалык жана демографиялык жүрүмдөрдүн өз ара карым-катнашын аймактар боюнча, кээ бирулуттар боюнча караган изилдөөлөр аз болгон. Советтик адабияттарда "орус этносу жана союздук республикалардын этностору" темасы этнодемографиялык изилдөөлөрдө кеңири иликтенген. Этнодемографтар тарабынан улуттук азчылыкка көңүл бурулбай калган. Элдердин мындай изилденүүсүнүн себеби маалыматтардын статистикалык базасынын толук эмес иштелип чыккандыгында десек болот. Изилдөөгө эң керектүү болгон кээ бир улуттар боюнча статистикалык маалыматтар так берилген эмес. Өзгөчө азыркы мезгилде мындай чөйрөдөгү изилдөөлөрдүн жоктугунан республикадагы жана анынаймактарындагы элдердин этнодемографиялык жүрүмдөрүн толук жана ар тараптуу талдоо, иликтөө жана изилдөө зарылдыгы келип чыгууда.

1960-жылдары Россиядагы гана эмес, дүйнөдөгү көп мамлекеттердеги этнодемографиялык кырдаалды иликтеп, кеңири чагылдырган методологиялык мүнөздөгү В.И. Козловдун [4.83., 4.84., 4.85.] эмгектерин белгилеп кетүүгө болот. Ал өзүнүн алгачкы эмгегинде "Этникалык демография" деп аталган илимдин жаңы тармагынын негизги милдеттерин тактап, дүйнөдөгү көптөгөн элдердин төрөлүүсүнө жана өлүүсүнө талдоо жүргүзгөн жана бул жүрүмдөргө ар түрдүү шарттардын тийгизген таасирин ачып көрсөткөн. Ал эми экинчи эмгегинде этнология менен демографиянын байланышына, этнодемографиялык изилдөөлөрдүн методологиялык маселелерине, жаңы илимий дисциплинанын түшүнүк аппаратына чоң көңүл бурган. Соңку эмгегинде СССР калкынын улуттук, тилдик курамын терең талданып, этнодемографиялык жана этногеографиялык баяндама берилет. Мында автор союздук республикалардагы

улуттарды гана албастан, автономдук республикалардагы титулдук улуттарды жана улуттук азчылыкты түзгөн СССР элдерин да изилдеген.

1970-жылдары Б.Ц. Урланистин [4.132.] эмгектеринде элдердин этнодемографиялык өнүгүү маселелери каралган. Бул эмгеги төрт бөлүктөн турат, анда демографиянын жалпы маселелери, конкреттүү демографиялык изилдөөлөр, демографиялык статистика жана демографиялык публицистикалар берилген. Б.Ц. Урланистин пикири боюнча, эң эле негизги факторлор деп төмөнкүлөрдү эсептейт: климат, мураска калтыруу, аялдардын коомдогу ээлеген орду, калктын жашоо шарытынын деңгээли, маданий деңгээли, мамлекеттин мыйзамдарынын аракети, согуш, урбанизация ж.б. Мындан сырткары кошумча себептерин бөлүп карайт: калктын никелешүүгө өтүү жашы жана аялдардын никелешүүгө өтүү курагы, төрөлүүнун потенциалдуулугу, төрөбөстүк, өлүк төрөлгөндөр, үй-бүлөнүн ичиндеги башкаруу системасы жана башкалар төрөлүү деңгээлине таасирин тийгизет. Ал эмгегинде негизги фактор катары социалдык факторлордун ичинен аялдардын коомдогу абалын, калктын материалдык жана маданий керектөөлөрүнүн канааттандырылган деңгээлин, бала бакчаларды камсыздандыруу, социалдык-психологиялык факторлорду жана улуттук өзгөчөлүктөрдү киргизген. Эң негизгиси социалдык-маданий, же социалдык-психологиялык (физикалык фактор, никелешүү, көп балалуулук салты, аймактык факторлор ж.б.). социалдык-экономикалык фактор калктын өсүүсүндө негизги ролду ойнойт деп белгилейт.

Д.И. Валентей [4.64.] демографиялык жүрүмдөрдү коплекстүү талдоого алган жана акыркы мезгилдердеги демографтардын талкуусуна алынган курч жана орчундуу маселелер боюнча материалдарды жыйнаган.

1980-жылдары этнодемографиялык адабияттардын классикалык эмгектери болуп эсептелген изилдөөлөрдү да белгилеп кетсек. 1985-жылы демографиялык жүрүмдөр этникалык өңүттө каралып, В.И. Козлов, Г.А. Бондарская, А.А. Сусоколов сыяктуу автордук коллективдин эмгеги жарык көргөн [4.125.].

Б.С. Хорев [4.44.] 1982-жылы жарыкка чыккан өзүнүн эмгегинде маятниктик миграцияга кеңири токтолгон жана калктын өнүгүусүндө анын оң таасирлерин баса белгилеген.

1986-жылы жарыкка чыккан С.И. Бруктун [4.62.] фундаменталдык эмгегинде ошол мезгилдеги дүйнөдөгү 200 мамлекеттин калкы этнодемографиялык жактан изилденген. Анда дүйнө мамлекеттерине этнодемографиялык мүнөздөмө берилип, учурдагы этникалык жагдай чагылдырылган.

В.А. Борисовдун түзгөн [4.102.] эмгеги СССРдеги жана дүйнөдөгү элдердин саны, төрөлүүсү, өлүүсү, жыныстык-курактык жана үй-бүлөлүк түзүмү, тилдик, улуттук, расалык, диндик курамы боюнча баалуу маалыматтардан турат.

1959, 1970, 1979, 1989 - жылдардагы Бүткүл союздук эл каттоолордон кийин СССРдеги этнодемографиялык жана этнолингвистикалык жүрүмдөргө талдоо жүргүзгөн Ю.В. Бромлей [5.140.], А.Г. Волков [5.141.], А.Я. Кваша [5.143.] сыяктуу окумуштуулардын бир топ илимий макалалары "Советская этнография" ("Этнографическое обозрение"), "История СССР" ("Отечественная история") жана "Вестник статистики" журналдарындабасылып чыккан.

1990-жылдары жарыкка чыккан О.Е. Казьмина жана П.И. Пучковдун [4.80.] этнология жана демографиянын алкагында өлкөдө алгачкы пайда болгон жана калыптана баштаган жаңы илимий дисциплина боюнча окуу куралы чоң мааниге ээ болгон. Анда этнодемографиялык илимдин эволюциясы, этникалык жана демографиялык жүрүмдөрдүн өз ара байланыштуулугу, Россиянын, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн этнодемографиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү изилденген.

Калктын табигый өсүүсүнүн этникалык өңүтүн талдоодо Г.А. Бондарская [4.55.] өзүнүн эмгегинде репродуктивдүү жүрүм-турумдун этникалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурган жана салттын, нике жана үй-бүлөлүк үрп-адаттардын, аялдардын билим деңгээлинин төрөлүүгө тийгизген таасирин изилдеген.

Никелешүүнүн этникалык өзгөчөлүктөрү демографиялык адабияттарда аз изилденген. Этнологиялык жана тарыхый эмгектерде ар түрдүү элдердин нике жана үй-бүлөлүк салттары чагылдырылган маалыматтарды табууга болот. А.Г.Волков [4.66.,4.67.] СССРдеги этникалык аралаш үй-бүлөлөрдүн курамын жана динамикасын демографиялык жаатта изилдеген.

Этносоциологиялык жактан улуттар аралык аралаш никелерди изилдөө кеңири тараган багыт болуп эсептелет. Мындай тематика А.А. Сусоколовдун [4.126.] эмгектеринде каралган. Ю.В. Бромлей [4.58., 4.59., 4.60., 4.61.] этникалык эндогамия маселесин жана алардын этностордун арасындагы сакталуусун изилдеген.

Саясий жана социалдык-экономикалык реформалардын натыйжасында учурда этникалык миграциялык жүрүмдөрдүн өзгөчө мүнөздүү багыттары пайда болууда. Союз таркагандан кийинки мезгилдеги улуттук жана демографиялык маселелердин көбөйүшү менен окумуштуулардын калкты изилдөөнүн этнодемографиялык тематикасына кызыгуусу күчөдү.

Россиянын жана башка КМШ өлкөлөрүнүн орус калкынын миграциялык агымы жана этникалык миграция маселелери төмөнкү окумуштуулардын эмгектеринде берилген. А.И. Гинзбург, Л.В. Остапенко, С.С. Савоскулдун [4.69.] 1993-жылы жарыкка чыккан коллективдүү эмгегинде Борбордук Азия мамлекеттери боюнча этносоциологиялык материалдар талданган. А.В. Топилин [4.131.] 2002-жылы жарык көргөн эмгегинде КМШ мамлекеттеринин демографиялык потенциалына, миграциясына, эмгек рыногуна кеңири токтолгон. В.А. Тишков [4.128.] этнология менен саясаттын алкагындагы илимий көз караштарын өз эмгегинде жарыялаган. С.Е. Метелев [4.101.] учурдагы ааламдашуу шарттарындагы эл аралык эмгек миграциясына жана Россиядагы легалдуу эмес миграция маселелерине токтолгон.

Борбордук Азия мамлекеттериндеги этнодемографиялык жүрүмдөр да окумуштуулар тарабынан изилденүүдө. М.Х. Асылбеков, А.Б. Галиев, В.В.Козина [4.52., 4.53.] 1917-1980-жылдардагы Казакстандагы социалдык-демографиялык жүрүмдөрдү, ошондой эле, азыркы мезгилдеги Казакстандагы

демографиялык жүрүмдөрдү изилдешкен. Авторлор XX кылымдын 1980-жылдардын аягында 1990-жылдардын башында Казакстан КМШ мамлекеттеринин ичинде эң активдүү миграциялык донор мамлекет болгондугун белгилешет. А.Б. Гали, А.Б. Калышов, К.С. Каражанов [4.68.] Казакстандагы эл каттоолордун тарыхын жана этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөөгө алган. Л.Т. Кожакеева [9.187.] XIX кылымдын экинчи жарымынан XXI кылымдын башындагы түштүк Казахстандын шаарларындагы калктын социалдык-демографиялык өнүгүүсүн талдаган. Ал эми Гюльзар Тофик гызы Новрузова [9.182.] 1989-2002-жылдардагы Россия Федерациясындагы азербайжан диаспорасынын тарыхый, демографиялык маселелерин изилдеген.

Этнодемографиялык жүрүмдөр боюнча изилдөөлөр түрдүү өнүттөн жүргүзүлгөн. Атап айтканда, Траоре Салиф [9.189.] азыркы мезгилдеги Малиде этникалык жүрүмдөрдү, бул мамлекеттеги сенуфо жана башка элдердин этнодемографиялык жана этномаданий багыттарын изилдеген болсо, Е.А. Волжанина [8.171.] XX – XXI кылымдын башындагы Ямалдагы ненецтердин этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдеген. И.В. Чернышова [8.177.] 1989-1999-жылдардагы Удмурд Республикасындагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү талдоого алган. Ал эми Ц.В. Ламаханов [8.175.] 1960-1990-жылдардагы Бурятия калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдеген. Жогорудагы окумуштуулар тарыхый өнүттө изилдешкен. Андан сырткары башка өнүттөн изилдеген окумуштуулардын да эмгектери бар. А.Н. Паниндин [9.188.] докторлук диссертациясында да этнодемографиялык кырдаалга таасир тийгизген географиялык факторлор изилденген. Демографиялык маселелерге багытталган А.В. Сиденко, Г.Ю. Попов, В.М. Матвеева, И.Г. Переяслова, Е.Б. Колбачев, В.Н. Едронова, М.В. Едронова, И.И. Елисеева, М.М. Юзбашев, Ф.Г. Долгушевский, В.С. Козлов, П.И. Полушин, Я.М. Эрлихтин [4.122., 4.114., 4.71., 4.72., 4.105., 4.130.] статистикалык эмгектерин атоого болот.

Этнодемографиялык жүрүмдөрдү экономикалык нукта изилдеген окумуштуулардын катарында А.К. Комилов [9.186.] Тажикистандын мисалында

калктын өзүн-өзү өндүрүүсүндөгү мүнөздүү багыттарды жана демографиялык коопсуздукту изилдеген. Андан сырткары, жогорудагыдай изилдөөлөрдү Тажикистан Республикасынын мисалында З.С. Исломова [9.184.], А.Дж. Хайдаров [9.190.], А.А. Бабаев [9.181.], М.Р. Абдуллаева [9.178.], А.Б. Абрамова [9.179.], Ф.С. Исломов [9.185.] жана Д.И. Ибрагимовалар [9.183.] сыяктуу окумуштуулар жүргүзүшкөн.

Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарында этнодемографиялык жүрүмдөр боюнча саналуу эмгектер жаралды. Алардын ичинен Ж. Жоробековдун эмгегин атап кетүүгө болот. Изилдөөдө Кыргызстандагы эгемендүүлүк жылдарындагы калктын демографиялык курамына өзгөчө көңүл бурулган. Автор кыргыздардын жана ар түрдүү элдердин демографиялык өнүгүүсүн талдоого алган. Ошондой эле, Ж.Жоробеков [4.74., 8.173.] Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык курамды изилдеген жана анын ичинде Жалал-Абад облусунда калктын санынын өсүп жаткандыгын баса белгилеген. Эгемендүүлүктүн жылдарында улуттар жана административдик-аймактык бөлүктөр боюнча ири өлчөмдөгү жалпылоочу изилдөөлөр жок.

Калкты ар тараптан изилдөөлөрдү аны демографиялык жактан мүнөздөмөлөрсүз кароого болбойт. Андай изилдөөлөргө А.А. Асанканов [4.50., 9.180.], Г.В. Кумсков [4.89., 4.90.], Г.К. Кронгард [4.88.], К.А. Алиев [4.48.], У.Ж. Эргешбаев [9.191.], Дж.А. Омукеева [4.107., 8.176.], Ш.Б. Батырбаева [8.169.], А.Р. Жоошбекова [4.75., 4.76., 8.172., ], Б. Бектурганова [8.170.], А.Т.Кушубеков [8.174.], Н.М. Омаров [4.106.], А.Б. Элебаева [4.138.], С.Ж.Текенова [4.129.], Авазбек уулу Расулдун [4.44.] эмгектерин кошуп кетүүгө болот.

А.А. Асанканов [4.50., 9.180.] өзүнүн эмгектеринде кыргыздардын улуттук аң-сезиминин өсүүсүнө жана этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде айылдагы кыргыз калкынын социалдык-маданий өнүгүүсүнө токтолгон.

Г.В. Кумсковдун [4.89., 4.90.] эмгектери Кыргызстандын калкынын миграциясынын тарыхнаамесинде өзгөчө орду бар. Ал Кыргыз

Республикасындагы калктын миграциялык кыймылынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн изилдейт. Автор тарабынан миграциянын типтери, формалары, мигранттардын демографиялык параметрлери, ички жана тышкы миграциялык жүрүмдөрдү мамлекет тарабынан жөнгө салуунун негизги багыттары аныкталган.

Г.К. Кронгард [4.88.] өзүнүн монографиясында XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы Кыргызстандын калкын түндүктөгү райондордун материалдарында изилдеген. Ал эмгегинде Кыргызстандын аймагындагы көчүү кыймылын изилдеп чыгып, бул прогресстен өлкөнүн калкынын улуттук курамынын калыптанышына тийгизген таасиринен белгилүү болгон жыйынтыктарды чыгарган.

Кыргызстандык тарыхчылар, экономисттердин этнодемография маселелеринин кээ бир багыттарына кайрылуусуна аз гана убакыт болду. Атап айтканда, У.Ж. Эргешбаев [9.191.] өзүнүн эмгектеринде орус калкынын эмиграциясын изилдеп, миграциянын натыйжасында орустардын санынын республика боюнча азайгандыгын баса белгилеген. Республиканын ичинде жүргөн миграцияга да токтолуп, ири шаарларга айылдардан көчүп келген мигранттардын маселелерине кайрылган.

Дж.А. Омукеева [4.107., 8.176.] эмгектеринде кыргыз мамлекетинин улуттук саясатынын приоритеттери жана миграциянын социалдык-саясий өбөлгөлөрү боюнча актуалдуу маселелерин көтөрүп чыккан. Автор Кыргызстандагы орус жана орус тилдүү калкынын арасында изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Ш.Б. Батырбаева [8.169.] XX кылымдын 20-50-жылдарындагы Кыргызстандын демографиялык өнүгүүсүн изилдеп, анын изилдөө булактарын жана ыкмаларын кеңири ачып көрсөткөн.

А.Р. Жоошбекова [4.75., 4.76.] алгачкы монографиясында XX кылымдын 80-жылдарынын аягындагы жана 90-жылдардын башындагы Кыргызстандын орто шаарларындагы кыргыздардын социалдык-маданий өнүгүүсүн, калкынын демографиялык өзгөрүүсүн изилдеген. Ал эми, экинчи монографиясында

Кыргызстандын түштүгүндөгү этносоциологиялык изилдөөлөрдүн материалдарынын негизинде кыргыздардын миграциялык багыттуулугунун аймактагы этнодемографиялык жүрүмдөргө тийгизген таасирин изилдеген жана учурдагы миграциянын багыттарын, жүйөлөрүн, себептерин аныктаган.

Кыргызстандагы калктын миграциясы этносоциологиялык жактан Б.Бектурганова [8.170.] тарабынан изилденген. Ал Кыргызстандагы ички миграциялык жүрүмдөрүн изилдөөгө алган жана этносоциологиялык изилдөөнүн натыйжасында кыргыз калкынын миграциясынын багыттары, калктын этникалык жана башка курамдарынын өзгөрүүсү боюнча бир топ материалдар жыйналган. Анда автор Кыргызстандын түндүк облустарын гана изилдегендигин баса белгилеп кетүү абзел.

А.Т. Кушубеков [8.174.] XX кылымдагы Кыргызстандын калкынын этникалык курамынын трансформацияланышын изилдөөгө алган.

Саясат таануучу Н.М. Омаров [4.106.] монографиясында азыркы мезгилдеги Кыргызстандын аймагындагы миграциялык жүрүмдөргө терең талдоо жүргүзүп, миграциянын негизги этаптарын мүнөздөгөн, республиканын коомдук турмушундагы миграциялык жүрүмдөрдүн социалдык-экономикалык жана саясий чөйрөлөргө тийгизген таасирин аныктаган.

Ушул эле тармакта Авазбек уулу Расул изилдеп, негизинен, Фергана өрөөнүндөгү миграциялык жүрүмдөрдүн мүнөздүү багыттарына жана маселелерине кайрылган.

Демографиялык жана саясий көз караш менен калктын улуттук курамын изилдөөгө болот. Улуттар арасындагы эмгекке жөндөмдүүлүк, улуттардын коомдогу ээлеген орду, чарба тармагын жалпы улуттук биргелешүү менен өнүгүүгө алып келүүсү жалпы элдин, өкмөттүн кызыкчылыгын көздөгөндүгү талашсыз.

Эгемендүүлүк мезгилиндеги улуттар аралык мамилелер боюнча А.Б.Элебаева [4.138.] А.К. Жусупбеков, Н.А. Омуралиев менен биргеликте Оштогу улуттар аралык чыр-чатакты изилдеп, ага социологиялык талдоо жүргүзүшкөн. Ошондой эле, С.Ж. Текенованын [4.129.] Кыргызстандагы

улуттар аралык мамилелерди, анын тарыхын жана учурдагы маселелерин чагылдырылган эмгекти жазган.

Облустагы шаарлардын бири Таш-Көмүр шаарынын тарыхын изилдөөнү, анын социалдык-экономикалык абалын, маданий өнүгүүсүн, кээ бир белгилүү инсандарды архивдик материалдардын жана илимий адабияттардын негизинде Г.С. Жумашова [4.77.] иликтөөнү колго алган жана монографиясы жарыкка чыккан.

Ошондой эле, Э.К.Алайчиев [4.49.] өзүнүн эмгегинде Кыргызстандын түштүк аймагындагы Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын 1897-жылдан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки демографиялык маселелерин чагылдырган. Анда аймактагы калктын өсүү динамикасына баа берүү менен бирге калктын жайгашуусу, шаар жана айыл-кыштак калкынын миграциясы, эмгек ресурстары жана жумушсуздук маселелери кеңири камтылган. Калктын табигый өсүшүнө оң жана терс таасир этүүчү факторлор (географиялык, экономикалык, саясий, социалдык ж.б.) көрсөтүлгөн.

Учурдагы социалдык-демографиялык жагдайды чагылдырган материалдарбир топ изилдөөчүлөрдүн илимий макалаларынын мазмунун түзгөн. Атап айтсак, А.С. Мадаханов [5.144.] Жалал-Абад облусундагы ажырашуу маселелерине кайрылган илимий макаласы жарык көргөн.

Э.Ж.Сулайманов, Ж.Белеков, А.Акматалиевдин [5.145., 5.146., 5.147., 5.148.] макалаларына токтолсок, Э.Ж. Сулайманов жана Ж. Белеков 90-жылдардын биринчи жарымындагы Ош облусундагы миграциялык жүрүмдөрдү иликтөөгө алышкан. Ал эми, А. Акматалиев менен биргеликте Өзгөн районундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдеген. Андан соң, Э.Ж. Сулайманов Ош шаарынын XXI кылымдын босогосундагы урбанизация жана үй-бүлө маселелерин, Кыргызстандын түштүк аймактарындагы үй-бүлө жана этномаданий салттарды иликтеп, илимий макалаларда өз пикирлерин билдирген.

Көбүнчө алар учурдагы демографиялык мүнөздүү багыттардын оң жактарын белгилешип, калктын санынын улам өсүп бара жаткандыгын

белгилешкен. Жогорудагыларды жалпылап айтканда, этнодемография багыты Кыргызстанда жаңыдан гана калыптанып келе жатат десек жаңылышпайбыз.

Жыйынтыктап айтканда, калктын этнодемографиялык жүрүмдөрү изилденген эмгектер саналуу гана. Илимий айлампага кирген изилдөөлөрдүн материалдары биз изилдеп жаткан облустагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү шарттаган көптөгөн факторлорду, мүнөздүү багыттарды аныктоодо чоң көмөк көрсөттү. Ошого карабастан, Кыргызстандын аймактарындагы калктын этнодемографиялык жүрүмдөрү жаңы рыноктук шарттар учурунда алиге чейин атайын изилдене элек, ошондуктан, биздин изилдөөбүз бул багыттагы аткарылып жаткан алгачкы эмгек болуп саналат.

# II БАП. Жалал-Абад облусунун калкынын санынын динамикасы, жыныстык-куракттык түзүмү, улуттук курамынын өзгөрүүсү

## 2.1. Калктын санынын жана курамынын өзгөрүүсү

Жалал-Абад Кыргызстандагы эң көп райондуу облус болуу менен бирге, Кыргызстандын түштүгүндөгү ресурстарга бай, өнөр-жай жана маданий борборлорунун бири болуп эсептелет.

Тарыхый маалыматтарга караганда, облустун борбору Жалал-Абад шаарынын ордунда XIX кылымдын биринчи жарымында кыштак пайда болуп, Кокон хандыгынын чеби курулган. Жалал-Абад шаар катары тарыхый булактарда 1877-жылдан бери белгилүү. Жалал-Абаддын калыптанышы Аюб-Тоонун боорунан чыккан минералдуу ысык булакка байланыштуу [4.135. 3-б., 4.94. 415-416-б., 4.95.82-б.].

2005-жылдын 11-12-октябрында Ош мамлекеттик университетинин базасында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Кыргыз-өзбек университетинин, Ош гуманитардык педагогикалык институтунун, Баткен мамлекеттик университетинин окумуштуу тарыхчылары, этнографтары, географтары катышкан “Кыргызстандын түштүгүнүн чарбалык-маданий бөлүнүүсүнүн айрым бир өзгөчөлүктөрү” деген темада эки күндүк тегерек стол өткөрүлгөн. Тегерек столдун резолюциясына ылайык Кыргызстандын түштүгүн шарттуу түрдө чарбалык-маданий жана географиялык-климаттык жактан төмөндөгүдөй субаймактарга бөлүп карасак болот. Бул жерде белгилеп кетүүчү жагдай, субаймактарга бөлүүдө бир аймакты толугу менен кайсы бир субаймакка киргизүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, чарбанын кайсы түрү басымдуу болсо, ошого жараша бөлүштүрүлдү.

1. Түздүктөгү дыйканчылыкка жана малчылыкка ылайыкташкан субаймактар – Араван, Кара-Суу, Ноокат, Кадамжай, Өзгөн (ылдыйкы Өзгөн), Сузак, Ноокен, Базар-Коргон райондору;

2. Тоо этектериндеги дыйканчылык жана малчылык зонасына - Өзгөн (тоо жагы), Аксы, Ала-Бука, Баткен, Лейлек райондору;

3. Тоолуу малчылык зонасына – Алай, Чоң-Алай, Кара-Кулжа, Токтогул, Тогуз-Торо жана Чаткал райондору.

Бул өңүттөн алганда, Жалал-Абад облусундагы жогорудагы райондор негизинен үч субаймакка бөлүп кароого болот. Түздүктөгү дыйканчылыкка жана малчылыкка ылайыкташкан субаймактар: Сузак, Ноокен, Базар-Коргон райондору. Тоо этектериндеги дыйканчылык жана малчылык зонасындагы субаймактар: Аксы, Ала-Бука райондору. Ал эми тоолуу малчылык зонасындагы субаймактар: Чаткал, Тогуз-Торо, Токтогул райондору.

Көз карандысыздыкка ээ болуу улуттук аң-сезимдин күчөшүнө алып келди жана бир топ экономикалык маселелерди улуттук негизде чечүүгө аракет жасалды. 1990-жылдардагы Кыргызстандагы окуялар мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү көрсөттү: саясий жана экономикалык реформалардын жүрүшүндө көптөгөн социалдык маселелер этникалык мүнөзгө ээ болду. 2010-жылдын июнь айындагы этникалык кагылыш бул аймактагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөөнү талап кылууда.

Калктын санынын эсебин алуу, анын өзгөрүүсүн изилдөөдө административдик-аймактык түзүлүш да чоң мааниге ээ. Жалал-Абад облусунда 1989-жылдан 1999-жылга чейин төмөнкүдөй административдик-аймактык өзгөрүүлөр болуп өттү: 14.12.1990 жылы (№263-XII) «Кыргыз ССРнин облустарга бөлүүнү ишке ашыруу жана жаңы облустардын түзүлүүсү жөнүндө» токтомунун негизинде Ала-Бука, Базар-Коргон, Жаңы-Жол, Ленин, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал райондору жана Жалал-Абад, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Майлуу-Сай, Таш-Көмүр шаарлары (борбору Жалал-Абад шаары болуп), Жалал-Абад облусу Ош облусунан бөлүнүп түзүлгөн.

1989-жылдан баштап 1999-жылда өткөрүлгөн Кыргыз Республикасындагы биринчи улуттук эл каттоодон кийин жана 2009-жылдагы экинчи улуттук элди жана турак-жай фондун каттоого чейинки жыйырма жыл аралыгында өзгөчө демографиялык жагдай пайда болгондугу байкалды жана ал

өзгөрүп турат.

1999-жылдагы эл каттоо материалдары боюнча облустун административдик-аймактык түзүлүшү, аянты, шаарлар, шаар тибиндеги поселоктор, айылдардын саны төмөндөгү жадыбалдагы абалды көрсөттү.

**Жадыбал 2.1.** Жалал-Абад облусунун административдик-аймактык бөлүштүрүлүшү(24-март 1999-жылга карата) [3.29.10-б.].

| | Административдик аймактык бөлүктөрдүн саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аянты, чарчы км. | Шаарлар | | Шаар тибиндеги поселоктор | Айылдык кеңештер | Айылдык калктуу пункттар |
| | | баары | Анын ичинде областтын карамагында | | | |
| **Жалал-Абад облусу** | **33653** | **5** | **5** | **8** | **68** | **415** |
| Жалал-Абад шаар кеңеши | 36 | 1 | 1 | - | 1 | 5 |
| Кара-Көл шаар кеңеши | 17 | 1 | 1 | 1 | - | - |
| Кара-Көл шаары | 12 | 1 | 1 | - | - | - |
| Майлуу-Суу шаар кеңеши | 10 | 1 | 1 | 1 | - | - |
| Таш-Көмүр шаар кеңеши | 25 | 1 | 1 | 2 | - | 1 |
| Аксы району | 4595 | - | - | - | 12 | 68 |
| Ала-Бука району | 2976 | - | - | - | 8 | 41 |
| Базар-Коргон району | 2021 | - | - | - | 9 | 56 |
| Ноокен району | 2450 | - | - | 1 | 8 | 54 |
| Сузак району | 2785 | - | - | - | 13 | 122 |
| Тогуз-Торо району | 3962 | - | - | - | 4 | 13 |
| Токтогул району | 8610 | - | - | 1 | 11 | 46 |
| Чаткал району | 6154 | - | - | 2 | 2 | 9 |

Жогорудагы өзгөрүүлөр 2.1. жадыбалда берилген жана административдик-аймактык түзүлүшүндө бир топ өзгөрүүлөр болгондугу байкалып турат. Мында облустун жалпы аянты 33653 чарчы километр болуп, 1999-жылдагы эл каттоо маалыматы боюнча облуста 8 район, 5 шаар, 8 шаар тибиндеги поселок, 68 айылдык кеңеш жана 415 айылдык калкттуу пункт катталган.

**Жадыбал 2.2.** Жалал-Абад облусунун административдик-аймактык бөлүштүрүлүшү (24-март 2009-жылга карата) [3.41. 14-б.].

| | Административдик аймактык бөлүктөрдүн саны | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аянты, чарчы км. | Шаарлар | | Шаар тибиндеги поселоктор | поселоктор | Айылдык кеңештер | Айылдык калктуу пункттар |
| | | баары | Анын ичинде областтын карамагында | | | | |
| **Жалал-Абад облусу** | **32418** | **7** | **5** | **7** | **3** | **66** | **420** |
| Жалал-Абад шаары | 88 | 1 | 1 | 2 | | - | 5 |
| Кара-Көл шаары | 1050 | 1 | 1 | 1 | | - | 1 |
| Майлуу-Суу шаары | 120 | 1 | 1 | 1 | 3 | - | - |
| Таш-Көмүр шаары | 47 | 1 | 1 | - | | - | 5 |
| Аксы району | 4578 | 1 | - | - | | 11 | 68 |
| Ала-Бука району | 2976 | - | - | - | | 8 | 41 |
| Базар-Коргон району | 1965 | - | - | - | | 9 | 57 |
| Ноокен району | 2336 | 1 | - | - | | 8 | 54 |
| Сузак району | 3019 | 1 | 1 | - | | 13 | 123 |
| Тогуз-Торо району | 3816 | - | - | - | | 5 | 13 |
| Токтогул району | 7815 | - | - | 1 | | 10 | 44 |
| Чаткал району | 4608 | - | - | 2 | | 2 | 9 |

Жадыбал 2.2. көрсөткөндөй, 2009-жылдагы элди жана турак-жай фондун каттоодогу маалымат боюнча жалпысынан, 8 район, 7 шаар, 66 айылдык округ, 7 шаар тибиндеги поселок, 3 поселок, 420 айылдардагы калктуу пункттар, 32418 чарчы км. жалпы аянт, 1 чарчы км. калктын жыштыгы – 29 адам, анын ичинен шаар калкы 22,6% жана 1999-2009-жылдар аралыгында калктын жылдык өсүүсү 1,5% түздү.

Учурдагы демографиялык кырдаал облустагы калктын табигый түрдө өзүн-өзү өндүрүүсүнүн төмөндөшү жана миграциялык агымдын жогорулоосу менен мүнөздөлөт. Андан сырткары, шаар калкынын салыштырмалуу үлүшүнүн төмөндөөсү жана кээ бир шаарларда калктын санынын азаюусунун мүнөздүү багыты байкалат.

**Жадыбал 2.3.** Жалал-Абад облусунун калкынын шаарлар, райондор боюнча саны (адам) [3.29.13-б.,3.41.17-б.].

| № | | 12.01.1989. | % менен | 24.03.1999. | % менен | 24.03.2009. | % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалал-Абад облусу | 743279 | 17,3 | 869259 | 17,9 | 1009889 | 18,8 |
| 2 | Жалал-Абад шаардык кеңеши | 76284 | 10,2 | 77411 | 8,9 | 97172 | 9,6 |
| 3 | Жалал-Абад шаары | 70855 | 9,5 | 70401 | 8,0 | 89004 | 8,8 |
| 4 | Кара-Көл шаары | 22225 | 2,9 | 21428 | 2,4 | 22502 | 2,2 |
| 5 | Майлуу-Суу шаардык кеңеши | 32422 | 4,3 | 23008 | 2,6 | 22853 | 2,2 |
| 6 | Таш-Көмүр шаары | 38274 | 5,1 | 39907 | 4,5 | 34756 | 3,4 |
| 7 | Ала-Бука району | 54636 | 7,3 | 72589 | 8,3 | 87460 | 8,6 |
| 8 | Аксы району | 75602 | 10,1 | 94631 | 10,8 | 113010 | 11,1 |
| 9 | Базар-Коргон району | 86576 | 11,6 | 119007 | 13,6 | 142951 | 14,1 |
| 10 | Ноокен району | 81515 | 10,9 | 101519 | 11,6 | 117055 | 11,5 |
| 11 | Сузак району | 166748 | 22,4 | 200936 | 23,1 | 241198 | 23,8 |
| 12 | Тогуз-Торо району | 20871 | 2,8 | 21968 | 2,5 | 22136 | 2,1 |
| 13 | Токтогул району | 69323 | 9,3 | 77202 | 8,8 | 86306 | 8,5 |
| 14 | Чаткал району | 18803 | 2,5 | 19603 | 2,2 | 22490 | 2,2 |

Жогорудагы (2.3.) жадыбалдагы кээ бир райондорго көңүл бурсак. Мисалы, 1999-жылга карата Аксы (19029 адамга), Ала-Бука (17953 адамга), Базар-Коргон (32431 адамга), Ноокен (20004 адамга) жана Сузак (42298 адамга) райондорунда калктын санынын өсүүсү байкалды. Мындай өсүү андагы жашоо шарттары жана башка факторлорго байланыштуу десек жаңылышпайбыз [7.162.]. Башка райондорго караганда төмөнкү түздүктүү субаймактар: Ала-Бука, Базар-Коргон, Аксы жана Сузак райондорунда калктын саны 28%-35% өскөн.

Жалпылап айтканда, 1989-1999-жылдар аралыгында Жалал-Абад облусунун калкынын саны 17% га өстү. Облустагы калктын санынын динамикасына көңүл бурсак, 1989-жылы 743279 адамды түзгөн. 1999-жылы 24-мартта өткөрүлгөн биринчи улуттук эл каттоо боюнча 869259 адамды түзүп, 125980 адамга өскөн. Ал эми 2009-жылы 24-мартта өткөн экинчи элди жана турак-жай фондун каттоо маалыматтары боюнча 1009889 адамды түздү. Демек, 1999-жылга салыштырмалуу 140630 адамга өскөн.Бул көрсөткүчтөр жогорудагы жадыбалдан көрүнүп турат. Кыргызстандын калкынын

демографиялык өнүгүүсүнүн дагы бир өзгөчөлүгү КМШ га салыштырмалуу шаар калкынан айыл-кыштак калкынын басымдуулук кылышы болуп эсептелет. Кыргызстандын айыл-кыштактарында жашаган калктын 70% га жакыны кыргыздар.

Облустагы жалпы калкты шаар жана айыл калкына, ошондой эле, аялдарга жана эркектерге бөлүп караганда, төмөндөгү жадыбалдагы көрүнүштү берет.

**Жадыбал 2.4.** Жалал-Абад облусунун шаар жана айыл калкынын саны (адам) [3.29. 12-б.,3.41.17-б.]

| Жалал-Абад облусу | 12.01.1989. | % | 24.03.1999. | % | 24.03.2009. | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Шаар калкы | 221378 | 29,8 | 200752 | 23,1 | 228301 | 22,6 |
| Айыл калкы | 521901 | 70,2 | 668507 | 76,9 | 781588 | 77,4 |
| Баары: | 743279 | **100** | 869259 | **100** | 1009889 | 1**00** |

Жадыбал 2.4. көрсөткөндөй, 1989-жылга салыштырмалуу 1999-жылы облуста жалпы калктын санынын ичинде шаар калкынын салыштырмалуу салмагы белгилүү өлчөмдө төмөндөгөн (29,8% дан 23,1% га чейин). Ошол эле учурда айыл калкынын салыштырмалуу салмагы жогорулаган (70,2% дан 76,9% га чейин). Ал эми 1999-жылга салыштырмалуу 2009-жылы облуста шаар калкынын салыштырмалуу салмагы андан ары төмөндөгөн (23,1% дан 22,6% га чейин). Айыл калкынын салыштырмалуу салмагы өскөн (76,9% дан 77,4% га чейин). Бул шаардагы өнөр-жай өндүрүшүнүн кыскарышы жана ишканалардын жабылышы менен шартталган шаар калкынын айылга көчүп кетүүсү менен байланышкан. Мисалы, көмүр казылып алынган Көк-Жаңгак шаарында калктын саны 43% га, электротехникалык өндүрүштүн борбору болгон Майлуу-Суу шаарында калктын саны 31% га, гидрокуруучулардын шаары Кара-Көлдө калктын саны 10% га төмөндөгөн. Металлургиялык руда казып алуу токтогондугуна байланыштуу Чаткал районунун Сумсар жана Терек-Сай шаар тибиндеги поселокторунда калктын саны кескин төмөндөгөн. Мында белгилүү

деңгээлде айыл калкынын саны (28% га) өсүп, шаар калкынын саны (9% га) төмөндөгөн.

Мындай өзгөрүүлөр Жалал-Абад облусунун бардык шаардык кеңештеринде жана райондорунда байкалат. Ала-Бука, Базар-Коргон, Аксы, жана Сузак райондорунда калктын саны 28% тен 35% ке жогорулаган. Бул жылдары жалпы Кыргызстанда шаар калкынын саны төмөндөгөн.

Жалпысынан, 1989-жылы шаар калкынын салыштырмалуу салмагы 29,8%, 1999-жылы 23,1%, 2009-жылы 22,6% болуп төмөндөгөн. Ал эми айыл калкынын салыштырмалуу салмагы 1989-жылы 70,2%, 1999-жылы 76,9%, 2009-жылы 77,4% болуп жогорулаган.

Калктын *жаш-курактык курамы* жөнүндөгү маалыматтар жана анын динамикасы жаш-курактык курамдын прогрессивдүүлүгүн жана анын келечектеги өзгөрүүлөрүн баалоого жардам берет. Бул маалыматтардын негизинде бир нече топтор жөнүндө маалыматтарды алууга болот: мисалы, мектепке чейинки балдар, мектеп курагындагы балдар, өспүрүмдөр, жаштар, шайлоо кампаниясына катышуу укугуна ээ болгон калк, эмгекке жарамдуу калк, эмгекке жарамдуу курактан өткөн калк ж.б. Негизинен жаш-курак жана жыныстык курамдын калыптанышына төрөлүүнүн, өлүүнүн, миграциянын деңгээли сыяктуу үч фактор өз таасирин тийгизет.


Калктын жаш-курактык курамы, төрөлүү деңгээли, өлүм, эмгек ресурстарын жайгаштыруу түздөн-түз таасир этет. Демографиялык өсүүнүн түпкү теориялык жана практикалык маселелерин чечүүдө жана ошондой эле, курактык контингенттердин көлөмүн жана калктын санын прогноздоодо калктын жаш-курактык жана жыныстык курамын талдоо коюлган максатка жооп берет. Кыргызстандын түштүк аймагындагы калктын жаш-курактык курамы түрдүү мезгилдерде түрдүүчө калыптанган жана жалпы аймактык демографиялык факторлор менен түздөн-түз байланышта болуп, демографиялык өсүү мезгилдеринде түрдүүчө мүнөздөргө ээ болгон [4.49., 44-б.].

**Жадыбал 2.5.** Жалал-Абад облусунун калкынын жаш-курактык курамы (адам) [3.29. 28-32-б., 3.41.29-30-б.].

| | 1989 | | | 1999 | | | 2009 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Анын ичинде | | | Анын ичинде | | | Анын ичинде | | |
| | жалпы | эркектер | аялдар | жалпы | эркектер | аялдар | жалпы | эркектер | аялдар |
| Бардык калк | 743279 | 365693 | 377586 | 869259 | 432281 | 436978 | 1009889 | 505310 | 504579 |
| Анын ичинде курагы, жашы: | | | | | | | | | |
| 0 | 25489 | 12871 | 12618 | 22475 | 11381 | 11094 | 23651 | 12004 | 11647 |
| 1 | 25392 | 12866 | 12526 | 22379 | 11450 | 10929 | 24654 | 12541 | 12113 |
| 2 | 24920 | 12517 | 12403 | 23547 | 11893 | 11654 | 22689 | 11688 | 11001 |
| 3 | 24149 | 12293 | 11856 | 25000 | 12721 | 12279 | 21811 | 11127 | 10684 |
| 4 | 23232 | 11630 | 11602 | 25250 | 12803 | 12447 | 22722 | 11738 | 10984 |
| 5-9 | 101363 | 51459 | 49904 | 123189 | 62837 | 60352 | 103463 | 52600 | 50863 |
| 10-14 | 89627 | 44938 | 44689 | 116018 | 58629 | 57389 | 116715 | 59221 | 57494 |
| 15-19 | 73235 | 36670 | 36565 | 89734 | 44862 | 44872 | 119244 | 60170 | 59074 |
| 20-24 | 62767 | 30687 | 32080 | 74134 | 36932 | 37202 | 109799 | 55307 | 54492 |
| 25-29 | 65864 | 32466 | 33398 | 65000 | 32799 | 32201 | 83648 | 42867 | 40781 |
| 30-34 | 52255 | 26052 | 26203 | 60419 | 29889 | 30530 | 69600 | 35186 | 34414 |
| 35-39 | 37866 | 18971 | 18895 | 58648 | 28865 | 29783 | 61455 | 31020 | 30435 |
| 40-44 | 17966 | 8813 | 9153 | 45237 | 22344 | 22893 | 57507 | 28445 | 29062 |
| 45-49 | 20865 | 10805 | 10060 | 31092 | 15441 | 15651 | 54293 | 26573 | 27720 |
| 50-54 | 24144 | 11713 | 14514 | 14732 | 7033 | 7699 | 40497 | 19580 | 20917 |
| 55-59 | 23129 | 10585 | 12544 | 15006 | 7489 | 7517 | 26772 | 12802 | 13970 |
| 60-64 | 20652 | 9646 | 11006 | 17519 | 8134 | 9385 | 12184 | 5541 | 6643 |
| 65-69 | 10572 | 3955 | 6617 | 16157 | 7332 | 8825 | 11266 | 5249 | 6017 |
| 70-74 | 6626 | 2263 | 4363 | 12549 | 5734 | 6815 | 11396 | 4907 | 6489 |
| 75-79 | 6238 | 2138 | 4100 | 5901 | 2190 | 3711 | 8790 | 3611 | 5179 |
| 80-84 | 3613 | 1245 | 2368 | 2453 | 758 | 1695 | 5358 | 2370 | 2988 |
| 85 жана андан улуу | 3301 | 1101 | 2200 | 2820 | 765 | 2055 | 2375 | 763 | 1612 |
| Жалпы санынын ичинен – калктын курагы,жашы: эмгекке жарамдуудан жаш | 331023 | | **44,5%** | 378691 | | **43,5%** | 359614 | | **35,6%** |
| Эмгекке жарамдуу | 348696 | | **46,9%** | 425652 | | **48,9%** | 584936 | | **57,9%** |
| Эмгекке жарамдуудан улуу | 63546 | | **8,5%** | 64916 | | **7,4%** | 65339 | | **6,4%** |

Жадыбал 2.5. көрсөтүп тургандай, 1989-жылы эмгекке жарамдуудан жаш курактагы калк 44,5%, 1999-жылы 43,5% жана 2009-жылы 35,6% түздү. Эмгекке жарамдуу калк жылдан жылга өсүүдө: 1989-жылы 46,9%, 1999-жылы 48,9% жана 2009-жылы 57,9% түздү. Ал эми эмгекке жарамдуудан улуу калк 1989-жылы 8,5%, 1999-жылы 7,4% жана 2009-жылы 6,4% түздү.

**Диаграмма 2.1.** Жалал-Абад облусунун калкынын жаш-курактык курамы.




Көптөгөн айыл кеңештеринде эмгекке жарамдуу калктын санынан балдардын жана 16 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн, ошондой эле пенсиялык курактагылардын саны көбүрөөк. Бул негизинен үй-бүлөлөрдөгү балдардын санынын көптүгүнө байланыштуу. Мисалы, Аксы районуна караштуу Авлетин айыл өкмөтүндө 1000 эмгекке жарамдуу калкка 1115 жаш жана улуу курактагы адам туура келет. Ушул эле райондун Ак-Жол айыл кеңешинде 1377 адам, Ноокен районундагы Шайдан айыл кеңешинде – 1237 адам, Ала-Бука районундагы Өрүктү айыл кеңешинде – 1265 адам туура келет [3.29. 205-б.].

65 жаштан улуу курактагы калктын салыштырмалуу салмагы 4,6% болду. 1989-жылга салыштырмалуу улуу курактагы адамдардын үлүшү 0,5% га жогорулады. Балдардын (0-14 жаш) саны жалпы облустагы калктын санынын 41,2% ды түздү, ал 1989-жылда 42,3% болгон. Облустагы улгайгандардын санынын өсүүсү облустан тышкары көчүп кетүүсүнө жана төрөлүүнүн деңгээлинин төмөндөөсүнө байланыштуу болду. Ошондой эле, 1989-жылга салыштырмалуу шаар жергесиндеги эмгекке жарамдуу калк 0,7% га, айыл жергесинде 2,1% га өстү. Натыйжада, 1989-жылга салыштырмалуу эмгекке жарамдуу калктын демографиялык жүгүнүн төмөндөөсү байкалды. Бирок, жалпысынан облустун демографиялык жүгү жогору: 1000 эмгекке жарамдуу

куракдагы адамга 1042 эмгекке жарамсыз адам туура келет. Шаар жерлеринде демографиялык жүк - 871, ал эми айылда – 1099 адамды түзөт [3.33. 21-б.].

1999-жылга карата облустагы калктын орточо курагы 23,9 жаш, анын ичинде эркектер – 23,3, ал эми аялдар 24,6 жаш [3.33. 21-б.]. Шаар жергесинде калктын орточо курагы айыл жергесине салыштырмалуу бир кыйла жогору.

2009-жылга карата 0-14 жаштагы балдар жалпы калктын 33,2% ды түзгөн, анын ичинен эркек балдар 33,8%, кыздар 32,7%. 0-15 жаштагы эмгекке жарамдуулуктан жашыраак калк облустагы жалпы калктын 35,6% ын, эркектер 36,2%, кыздар 35,0% ын түзгөн. Эмгекке жарамдуу калк (эркектер - 16-59, аялдар - 16-54) облустагы жалпы калктын 57,9%, эркектер - 59,3%, аялдар - 56,5% түзгөн. Эмгекке жарамдуулуктан жогорку куракдагы калк 6,5%, эркектер - 4,4%, аялдар - 8,5% түзөт. Калктын орточо курагы 26,0, эркектер - 25,5%, аялдар - 26,6% түзгөн [3.41.3-б.].

**Жадыбал 2.6.** Жалал-Абад облусунун жыныстык курамы (адам) [3.29. 21-б.,3.41.,21-б.].

| Жалал-Абад облусу | 12.01.1989. | % | 24.03.1999. | % | 24.03.2009. | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эркектер | 365693 | 49,2 | 432281 | 49,7 | 505310 | 50,0 |
| Аялдар | 377586 | 50,8 | 436978 | 50,3 | 504579 | 50,0 |
| Баары: | 743279 | | 869259 | | 1009889 | |

1989-жылы жалпы калктын ичинде эркектер - 49,2%, 1999-жылы 49,7% болсо, 2009-жылы 50,0% ды түзгөн. Ал эми аялдар 1989-жылы 50,8%, 1999-жылы 50,3% болсо, 2009-жылы 50,0% ды түздү. Бул жогорудагы жадыбалда (2.6.) келтирилген.

2009-жылдагы эл каттоо боюнча айыл жергесинде 1000 аялга 1024 эркек (1989-жылы – 982, 1999-жылы - 1008) туура келет. Шаарларда эркектердин аздыгы байкалып, 1000 аялга 927 эркек туура келген (1989-жылы – 937, 1999-жылы - 929). Жалпы облус боюнча 1989-жылы 1000 аялга 969, 1999-жылы 1000 аялга 989 эркек, ал эми 2009-жылы 1000 аялга 1001 эркек туура келген. Демек, 2009-жылдагы эл каттоо боюнча облустун жалпы калкынын ичинде

эркектердин санынын 741 адамга өскөндүгү байкалды жана аялдар менен эркектердин саны бир кыйла теңелип калган десек болот.

1999-жылдагы Кыргыз Республикасындагы биринчи улуттук эл каттоо маалыматтарына таянсак, башка аймактарга караганда Жалал-Абад облусунда төрөө коэффициенти жогорураак экендиги байкалат. Өлкө боюнча орточо эсеп менен бир үй-бүлөгө 2,6 бала туура келсе, облуста 3,1 баланы түзөт. Бул мүнөздүү багыт түшүнүктүү. Биринчиден, облустагы жалпы калктын 76,9% айыл калкы. Айыл жерлериндеги аялдардын шаардагы аялдарга караганда көбүрөөк төрөгөндүгүн айта кетүү зарыл. Мисалы, облустун шаарларында бир үй-бүлөгө орточо эсеп менен 2,4 бала туура келсе, айылдарда - 3,3 бала. Экинчиден, калктын улуттук курамынын 90% ынан ашыгы кыргыз жана өзбек улутунун өкүлдөрү. Алар салттуу түрдө көп балалуу болууну каалашат. Мисалы, кыргыздарда бир үй-бүлөгө орточо эсеп менен 3,2 бала туура келсе, тажик жана түрктөрдө - 3,1, өзбек жана уйгурларда - 3,0, ал эми татарларда - 2,4, украиндерде - 2,2, орустарда - 1,9 бала туура келет [3.33. 152-б.].

Акыркы жылдарда калктын табигый кыймылында, негизинен, төрөгөндөрдүн санынын кыскарышы менен байланышкан чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Аны төмөнкү себептер менен түшүндүрүүгө болот:

- Социалдык-экономикалык абалдын таасири;
- Коомдогу жана үй-бүлөдөгү аялдардын абалынын өзгөрүүсү;
- Үй-бүлөнү пландаштыруу сыяктуу ишмердүүлүктүн жайылышы;
- Миграциянын таасири.

Жалал-Абад облусунун калкынын орточо жыштыгы бир чарчы км. аянтка 26,1 адамды түзгөн болсо, анын ичинен Сузакта – 67,6, Базар-Коргондо – 58,9, Ноокенде – 41,1, Ала-Букада – 24,4, Аксыда – 20,6 адамды түздү. Ал эми тоолуу субаймактар болуп эсептелген Токтогулда – 9,4, Тогуз-Тородо – 5,5 жана Чаткалда – 3,2 адам туура келип, калктын жыштыгы бул аймактарда эң төмөн экендигиайгинеленди [3.33. 11-б.].

Калктын табигый өсүүсү мурдагыга салыштырмалуу анчалык деле өзгөргөн жок. Бул жерде негизги маселе миграциялык жүрүмдөрдө болуп

жатат. 1959-жылдан 1970-жылга чейинки калктын бизге көп келүүсүнүн натыйжасында орточо жылдык табигый өсүүсү 3,6% болуп жаткан. Бул мезгилде индустриалаштыруу кеңири өнүгүп жаткан. Ири ишканалар курулган.

1989-жылдан 1999-жылга чейин республикадан 651,4 миң адам чыгып кеткен. Бул болсо туруктуу жашоочу калктын 14% ын түзөт. Ушул эле мезгилдер аралыгында Кыргыз Республикасына башка мамлекеттерден 257,9 миң адам же 6% адам көчүп келген. Республикада 1989-жылга салыштырмалуу шаардыктардын саны төмөндөгөн. Жалпы шаардыктар 1989-жылы 38,2% дан 65,2% га чейин өскөн, Жалал-Абад облусунда 30% дан 23% га чейин төмөндөгөн.Мындай калктын төмөндөп кетишине негизги себеп, шаарлардагы жана шаар тибиндеги поселоктордогу көмүр өндүрүп алуунун, түстүү металлургиянын, машина куруу өнөр-жайларынын иштебей токтоп калуулары бөгөт болууда. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында демографиялык жагынан алганда жашы боюнча калктын 38,1% ын балдар жана өспүрүмдөр түзөт, 52,7% эмгекке жарамдуулар, 9,2 % ын карыгандар түзөт" [3.33. 8-б.].

1989-жылдан 1999-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калкы 565 миң адамга, шаар калкы 54 миңге же болбосо 3,3 % га өскөн. Айыл калкы 511 миңге же болбосо 19,4 % га жеткен. Башка аймактарга салыштырмалуу калкынын саны көбүрөөк өскөн Ош облусу 24,9 %, Жалал-Абад облусу 16,9 %, Баткен облусу 22,7 % га, Бишкек шаары 23% га көбөйгөн [3.33. 8-б.]. Бул Бишкекке көчүп барган ички мигранттардын арасындагы төрөлүүлөрдүн жогорулугунан болду. Ысык-Көл облусунун калкы 2,3 %, Талас облусунун калкы - 3,8%, Нарын облусунун калкы - 0,5% өсүшкөн. Чүй облусунун калкы болсо 1989-жылга салыштырмалуу 3,2% га кыскарган. Чүй облусунун элдеринин Кыргыз Республикасынан тышкары мамлекеттерге кетиши болуп эсептелет. 1998-жылдан 1999-жылга чейин республикадан 651,4 миң адам чыгып кеткен. Бул болсо дайым жашоочу калктын 14% түзөт. Ушул эле мезгилдер аралыгында Кыргыз Республикасына башка мамлекеттерден 257,9 миң адам же 6% адам көчүп келген. Республикада 1989-жылга салыштырмалуу шаардыктардын саны төмөндөгөн. Жалпы шаардыктар 1989-ж калктын 38,2%

дан 65,2 % га чейин өскөн, Баткен облусунда калктын салыштырмалуу салмагы 26 % дан 19 % га, Жалал-Абад облусунда 30 % дан 23 % га чейин, Ош облусунун калкы 28,5% дан 23 % га чейин төмөндөгөн. Ысык-Көл облусунун калкы он жылдын ичинде 3,1 % га, Нарын– 12 % га, Чүй облусу– 25% төмөндөгөн[3.33. 9-б.].

Учурда Жалал-Абад облусунун аймагында 80 ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Көптөгөн миграциялык жүрүмдөрдүн жана түзүлгөн демографиялык жагдайдын натыйжасында, жыйырма жыл ичинде облустун улуттук курамында белгилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Аны төмөнкү 2.7. жадыбалдан көрүүгө болот.

**Жадыбал 2.7.** Жалал-Абад облусунун этникалык курамы [3.28. 39-б., 3.29. 58-б.,3.41.65-б.].

| Улуттар | 1989 | % | 1999 | % | 2009 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 743279 | 17,3 | 869259 | 17,9 | 1009889 | 18,8 |
| кыргыздар | 452868 | 60,9 | 607036 | 69,8 | 725321 | 71,8 |
| өзбектер | 175705 | 23,6 | 212030 | 24,3 | 250748 | 24,8 |
| орустар | 54024 | 7,2 | 17930 | 2,0 | 9120 | 0,9 |
| татарлар | 15936 | 2,1 | 6933 | 0,7 | 3694 | 0,3 |
| тажиктер | 4525 | 0,6 | 5236 | 0,6 | 5642 | 0,5 |
| уйгурлар | 3360 | 0,4 | 3776 | 0,4 | 3271 | 0,3 |
| түрктөр | 4413 | 0,5 | 4842 | 0,5 | 5842 | 0,5 |
| украиндер | 9503 | 1,2 | 2463 | 0,2 | 789 | 0,07 |
| азербайжандар | 586 | 0,07 | 259 | 0,02 | 996 | 0,09 |
| армяндар | 730 | 0,09 | 109 | 0,01 | 38 | 0,003 |
| белорустар | 624 | 0,08 | 115 | 0,01 | 45 | 0,004 |
| грузиндер | 200 | 0,02 | 116 | 0,01 | 51 | 0,005 |
| дунгандар | 60 | 0,008 | 24 | 0,002 | 36 | 0,003 |
| еврейлер | 172 | 0,02 | 34 | 0,003 | 5 | 0,0004 |
| казактар | 1564 | 0,2 | 1130 | 0,1 | 692 | 0,06 |
| корейлер | 672 | 0,09 | 377 | 0,04 | 237 | 0,02 |
| крым татарлары | 2261 | 0,3 | 18 | 0,002 | 31 | 0,003 |
| литвалыктар | 28 | 0,003 | 17 | 0,001 | 6 | 0,0005 |
| молдовандар | 175 | 0,02 | 33 | 0,003 | 29 | 0,002 |
| немецтер | 4425 | 0,5 | 672 | 0,07 | 210 | 0,02 |
| түркмөндер | 137 | 0,01 | 33 | 0,003 | 46 | 0,004 |

Жадыбал 2.7. де көрүнүп тургандай, кыргыздар 1989-жылы 452868 адам болсо, 1999-жылы 607036 адамды, ал эми 2009-жылы 725321 адамды түздү. Демек, 1989-жылга карата 1999-жылы 154,2 миң адамга өстү жана 69,8% түздү, ал эми 2009-жылы 1999-жылга карата 118,2 миң адамга өстү жана 71,8% түздү.

Облуста саны боюнча экинчи орунда өзбектер турат. Алар 1989-жылы 175705 адам болсо, 1999-жылы 212030, 2009-жылы 250748 адам болду, башкача айтканда, 1999-жылы 36,3 миң адамга (36325) же 21% га өссө, 2009-жылы 38,7 миң адамга (38718) дагы өстү (2.7. жадыбалда көрүнүп турат).

1989-жылы облустагы калктын жалпы санынын ичинде кыргыздардын салыштырмалуу салмагы 61% ды түзсө, 1999-жылы 70%, ал эми 2009-жылы 71,8% ды түздү. 1999-жылы шаар жергесинде 64% болсо, айыл жеринде 72% түздү.Ошону менен бирге эле, облуста эмиграцияга байланыштуу орустардын саны 36,1 миң адамга, же 3 эсе азайды [3.29. 57-б.]. Калган улуттар (бир нече ондогон) республиканын жалпы калкынын 1% түзөт. Татарлар – 9 миң адамга, же 2,3 эсе, украиндер – 7 миң адамга, же 3,9 эсеге, курддар – 6 миң адамга, же 3,8 эсеге, немецтер – 3,8 миң адамга, же 6,6 эсеге азайган. 90-жылдардын башында облустан крым татарлары (2,3 миң адам) биротоло көчүп кетишкен.

Облустагы орустардын 88% шаар жергесинде, 12% айыл жергесинде жашашат. Орустардын салыштырмалуу салмагы облустагы жалпы калктын 2,1% ын, айыл жерлеринде болгону 0,34% ды түздү. Анын ичинде шаар жергесинде 7,9% ды түзсө, айыл жергесинде болгону 0,3% ды түзөт.

Облус боюнча калктын орточо курагы 24 жашты түзсө, анын ичинде кыргыздардын орточо курагы – 23,1 жаш, өзбектер – 24,1 жаш, анда орустардын орточо курагы 39,2 жаш, татарлар – 39 жаш, украиндер 49,4 жашты түзөт. Орустардын, татарлардын, украиндердин орточо жаш курагынын жогорудагыдай көрсөткүчтү берүүсү төрөлүүнүн төмөндөөсү жана жаштардын эмиграциясы, өзгөчө өлкөдөн чыгып кетүүсү менен түшүндүрүлөт [3.29. 58-б.].

Жалал-Абад облусунун көп улуттуу калкы этнодемографиялык жактан көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Калктын санынын динамикасына табигый өсүү жана миграция чоң таасирин тийгизди. 1990-жылдардагы Кыргызстандагы болуп өткөн бардык окуялар өзгөчө мүнөзгө ээ болду. Саясий жана экономикалык реформалардын фонунда көптөгөн социалдык маселелер этникалык мазмунга ээ болду.

Жалал-Абад облусунун Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон жана Сузак райондорунда калктын орточо саны бир кыйла көбөйүп, Ноокен, Чаткал жана Токтогул райондорунда калктын орточо саны өстү. Тогуз-Торо районунда калктын саны бир калыпта турат десек болот. Облустун борбору болгон Жалал-Абад шаарында, ошондой эле, Кара-Көл шаарларында жашоочулардын саны жогорулады. Ал эми Майлуу-Суу, Таш-Көмүр жана Көк-Жаңгакта калктын саны азайды. Жалпысынан калктын саны табигый өзүн-өзү өндүрүүнүн натыйжасында өскөндүгү байкалды.

Учурда облуста бир миллиондон ашуун калк бар. Биздин божомолдоолор боюнча, эгерде республикабызда стабилдүүлүк сакталып, саясий абал туруктуу болуп, калктын табигый өсүүсү ушул ылдамдыкта өнүксө, келечекте, дагы он жылдан кийин облустун калкы жалпысынан 150-200 миңге көбөйүүсү күтүлөт. Жогорудагы абалга кошумча, рынок экономикасынын шарттарын өздөштүрүүнү колго алган облустун айылдык жана шаардык калкы социалдык-экономикалык абалын оңдоого жетишсе, анда облустагы калктын саны бир миллион беш жүз миңге жетүүсүн болжолдоого болот.

Облустун калкы демографиялык жактан салыштырмалуу жаш. Себеби калктын курамында жаш балдардын жана өспүрүмдөрдүн санынын көптүгү байкалды (359,6 миң адам). Эмгекке жарамдуулардан жогорку калктын саны 65,3 миң адам. Ал эми эмгекке жарамдуу калк 584,9 миң адам. Жыныстардын ортосундагы дисбаланс жокко эсе [3.41.29-30-б.].

Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолуу малчылык зонасындагы субаймактардын (Чаткал, Тогуз-Торо, Токтогул райондору) этникалык курамы моноэтникалык түзүмгө ээ. Мында калктын басымдуу көп бөлүгүн кыргыздар түзүүдө. Ал эми түздүктөгү жана тоо этектериндеги дыйканчылык жана малчылык зонасындагы субаймактарында (Сузак, Ноокен, Базар-Коргон, Аксы жана Ала-Бука райондору) полиэтникалык мүнөз сакталууда. Башкача айтканда, бардык улуттун өкүлдөрүжашашат.

Жалпысынан, Жалал-Абад облусунда биз изилдеген мезгилде калктын этникалык курамында кыргыздардын жана өзбектердин үлүшү жогорулады.

Өзгөчө, шаарларда жана райондордун борборлорунда көбөйдү. Славян элдеринин саны башка Борбордук Азия мамлекеттери сыяктуу эле жылдан жылга азайууда жана бул мүнөздүү багыт уланууда. Миграциянын таасири сезилээрлик болгону менен башка аз сандуу этностор мурдагыдай эле облустун аймагында жашап, анын көп улуттуу калкын түзүүдө.

## 2.2. Никелешүүдөгү, ажырашуудагы мүнөздүү багыттар жана аралаш никелер

Никелешүүлөр жана ажырашуулар сыяктуу демографиялык жүрүмдөр коомдо чоң ролду ойнойт. Никелешүүлөр тарыхый жактан шартталып, коом тарабынан санкцияланып жана жөнгө салынып, жубайлардын бири-бирине жана балдарына карата укуктарын жана милдеттерин аныктайт.

Калктын санынын өсүүсү, жаңы муундардын пайда болуусу, үй-бүлө түзүүлөр дал ушул никелешүүгө байланыштуу. Өлкөнүн саясий жана социалдык-экономикалык абалы стабилдүү болсо калкта никелешүүлөрдүн саны өсөт, үй-бүлөнү сактап, бекемдөөгө умтулуулар жогору болот. Нике социалдык-демографиялык жүрүм катары, социалдык-маданий нормаларга баш ийет жана ал аркылуу жөнгө салынат. Белгилүү деңгээлде калктын санынын өсүүсү, жаңы муундун физикалык жана руханий абалы нике мамилелеринин мүнөзүнөн көз каранды. Никеде муундарды улантуудагы адамдардын табигый керектөөсү, социалдык шарттары жана маданияты кайрадан өзгөртүлүп тартипке жана жөнгө салынат. Адеп-ахлак баалуулуктары катары никенин туруктуулугу, жубайлык жана ата-энелик милдет, өз ара сыйлоо жана жардам көрсөтүүнү айтууга болот. Кээ бир диндер, мисалы, буддизм, христиан дини кудайга кызмат өтөөнүн татыктуу жолу катары карап, никеге турбоого да жол берет. Ал эми ислам дининде эркектерге көп никеге турууга уруксат берилет.

Үй-бүлөнүн социалдык жана өзгөчө экономикалык функциясынын күчөөсү менен никелешүүдөгү материалдык шарттары боюнча келишимдер (калың, сеп) андагы тартиптердин татаалданышына алып келди. Бүгүнкү күндө албетте, калың жана сеп сакталган. Бирок, азыр бул каада-салттарда өзгөрүүлөр бар. Үй-бүлөлөр сүйлөшүп алышып калыңды дагы, септи дагы алуунун-берүүнүн шарттарын белгилешүүдө [6.154.].

Рынок экономикасынын өнүгүүсү жана урбанизациянын күчөөсү, аялдардын коомдук өндүрүшкө тартылышы менен никелешүүдө бир топ өзгөрүүлөр болуп өттү. Коомдун өнүгүүсүндө никеге турган эркектердин жана

аялдардын никеге туруусунун жалпы саны өстү, ошол эле учурда, никеге чейинки мамилелердин саны көбөйүп, никесиз төрөлгөн балдардын пайда болуусуна алып келди. Никеге туруунун тартиптери жеңилдетилди, ошондой эле ажырашуунун жолдору да оңой болуп калды. Никелешүү күбөлүгү жок үй-бүлө куруп жашап жүргөндөрдүн да саны көбөйдү [6.151.].

Никелешүү – калктагы жубайлардын түзүлүү жүрүмү болуп саналат. Алгачкы никеге туруу, кайрадан никеге туруу, жесир калуу, ажырашуунуннегизинде калктын никелешүүсүндөгү өзүн өзү өндүрүүсүаныкталат. Облустагы калктын нике жана үй-бүлөлүк мамилелеринде бекем салттык нормалар сакталган. Никеге турбагандар кеңири жайылган эмес.

Жалал-Абад облусунун жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүнүн берген маалыматы боюнча 2012-жыл ичинде никелешүү тууралуу 10568 актылык жазуу (күбөлүк) жазылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жалал-Абад облусундагы өкүлчүлүгүнөн алынган маалыматка караганда туулгандыгы тууралуу – 30619, өлгөндүгү тууралуу – 5186, ажырашуу тууралуу - 1147 актылык жазуулар жүргүзүлгөн [6.149.].

Маалыматтар боюнча 50 жаштан жогорку курактагы эркектердин 0,3% ы жана аялдардын 0,4% ы таптакыр никеге турган эмес. 15 жаштан жогорку курактагы эркектердин 65% жана аялдардын 63%никеде турушат [3.33. 131-б.]. Жалпысынан облустун шаарларындагы үй-бүлөлөр жөнөкөй (нуклеардык) үй-бүлө, ал эми айылдарда кеңейтилген үй-бүлө кеңири таркалган. Ошондуктан, айылдардагы табигый өсүү шаардан айырмаланып турат. Учурда никелешүүлөр бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ болду [7.156.] жана төмөнкү мүнөздүү багыттар ага таасирин тийгизе баштады:

- Никеге карата көз караштар өзгөрдү жана советтик доордон айырмаланып, башкача формаларга ээ болду;
- Жаштардын акселерациясы никелешүүлөргө өз таасирин тийгизүүдө;
- Аялдардын коомдогу орду өзгөрдү;
- Алкоголдук ичимдиктердин жана баңги заттардын таасири күчөй

баштады.

Ал эми ажырашуулардын натыйжасында учурда жубайлардын бөлүнүп, өз алдынча жашоо жүрүмү уланат [7.155.].

**Жадыбал 2.8.** Облус боюнча никелешүүлөрдүн шаарлар, райондор, штп боюнча саны (бирдик) [3.20.,175-176-б.]

| Жылдар / Аймактар | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 5092 | 5055 | 5269 | 4806 | 5191 |
| Жалал-Абад шаары | 401 | 291 | 313 | 327 | 353 |
| Кара-Көл шаардык кеңеши | 147 | 102 | 131 | 105 | 157 |
| Кара-Көл шаары | 137 | 96 | 129 | 104 | 137 |
| Кетмен-Төбө ш.т.п. | 10 | 6 | 2 | 1 | 20 |
| Көк-Жангак шаары | 44 | 55 | 59 | 50 | 63 |
| Майуу-Суу (шаардык кеңеши) | 107 | 105 | 109 | 109 | 97 |
| Майлуу-Суу шаары | 106 | 103 | 99 | 104 | 92 |
| Көк-Таш ш.т.п. | 1 | 2 | 10 | 5 | 5 |
| Таш-Көмүр (шаардык кеңеши) | 128 | 129 | 161 | 139 | 123 |
| Таш-Көмүр шаары | 80 | 76 | 83 | 94 | 73 |
| Кызыл-Жар ш.т.п. | 13 | 14 | 19 | 14 | 15 |
| Шамалды-Сай ш.т.п. | 32 | 32 | 42 | 31 | 35 |
| Ала-Бука району | 469 | 460 | 482 | 449 | 439 |
| Аксы району | 610 | 610 | 694 | 674 | 765 |
| Базар-Коргон району | 665 | 811 | 712 | 718 | 676 |
| Ноокен району | 672 | 703 | 634 | 499 | 585 |
| Кочкор-Ата ш.т.п. | 76 | 60 | 81 | 42 | 43 |
| Сузак району | 1143 | 1087 | 1282 | 1056 | 1180 |
| Тогуз-Торо району | 124 | 109 | 130 | 159 | 177 |
| Токтогул району | 439 | 481 | 405 | 408 | 451 |
| Токтогул ш.т.п. | 95 | 82 | 70 | 76 | 108 |
| Чаткал району | 143 | 112 | 157 | 113 | 125 |
| Сумсар ш.т.п. | 29 | 19 | 33 | 20 | 46 |
| Терек-Сай ш.т.п. | 21 | 28 | 27 | 12 | 10 |

Жадыбал 2.8. көрсөтүп тургандай,облус боюнча 1995-жылы - 5092 бирдикти, 1996-жылы - 5055, 1997-жылы – 5259, 1998-жылы - 4806 жана 1999-жылы - 5191 бирдикти түздү. Демек, жылына облуста 5000 дин тегерегинде никелешүүлөр катталат. 1999-жылы Сузак районунда 1180 бирдик, Базар-Коргон районунда 676 бирдик, Аксы районунда 765 бирдик, Ноокен районунда 585 бирдик никелешүүлөр катталды.

**Жадыбал 2.9.** Облус боюнча ажырашуулардын шаарлар, райондор, штп боюнча саны (бирдик) [3.20.,175-176-б.].

| Жылдар / Аймактар | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 556 | 567 | 585 | 621 | 701 |
| Жалал-Абад шаары | 155 | 119 | 108 | 121 | 120 |
| Кара-Көл (шаардык кеңеши) | 32 | 24 | 31 | 28 | 41 |
| Кара-Көл шаары | 32 | 24 | 31 | 28 | 41 |
| Кетмен-Төбө ш.т.п. | - | - | - | - | - |
| Көк-Жаңгак шаары | 10 | 10 | 8 | 8 | 13 |
| Майуу-Суу (шаардык кеңеши) | 69 | 56 | 43 | 41 | 45 |
| Майлуу-Суу шаары | 69 | 56 | 41 | 41 | 44 |
| Көк-Таш ш.т.п. | - | - | 2 | - | 1 |
| Таш-Көмүр (шаардык кеңеши) | 37 | 25 | 24 | 30 | 37 |
| Таш-Көмүр шаары | 37 | 25 | 24 | 30 | 37 |
| Кызыл-Жар ш.т.п. | - | - | - | - | - |
| Шамалды-Сай ш.т.п. | - | - | - | - | - |
| Ала-Бука району | 28 | 28 | 47 | 57 | 82 |
| Аксы району | 23 | 43 | 52 | 58 | 66 |
| Базар-Коргон району | 36 | 72 | 64 | 78 | 64 |
| Ноокен району | 46 | 73 | 74 | 63 | 74 |
| Кочкор-Ата ш.т.п. | 3 | 12 | - | - | - |
| Сузак району | 62 | 68 | 80 | 87 | 89 |
| Тогуз-Торо району | 12 | 16 | 10 | 15 | 18 |
| Токтогул району | 34 | 31 | 36 | 26 | 36 |
| Токтогул ш.т.п. | 26 | 7 | 29 | 21 | 27 |
| Чаткал району | 12 | 2 | 8 | 9 | 16 |
| Сумсар ш.т.п. | - | - | - | - | - |
| Терек-Сай ш.т.п. | - | - | - | - | - |

Жадыбалда (2.9.) көрүнүп тургандай, облустагы кээ бир аймактарда ажырашуулар катталган эмес. Мисалы, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар, Шамалды-Сай, Сумсар, Терек-Сай шаарчаларында ажырашуу катталган эмес. Буга статистикалык маалыматтар киргизилбей калганы себеп болушу мүмкүн. Бул көрсөткүчтөр аз да болсо табигый өсүүгө салымын кошкон фактор болуп саналат. Башкача айтканда, никелешүүлөр болуп, ажырашуулар аз катталса, анда үй-бүлө институту бекем сакталып, андан ары өнүгүүсүнө шарт түзүлөт. Демек, ажырашуулар бир калыпта болууда жана облус боюнча жылына 500-700 ажырашуу катталууда.

**Жадыбал 2.10.** Жалал-Абад облусу боюнча никелешүүлөр жана ажырашуулар жана алардын жалпы коэффициенти [3.12., 3.13., 3.14., 3.15., 3.16., 3.17., 3.18., 3.19., 3.20.].

| Жылдар | Никелешүүлөрдүн саны | Ажырашуулардын саны | Калктын 1000 адамына | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Никелешүү | Ажырашуу |
| 1989 | 7463 | 898 | 9,9 | 1,2 |
| 1990 | 7745 | 839 | 10,0 | 1,1 |
| 1991 | 8395 | 912 | 10,6 | 1,2 |
| 1992 | 7326 | 871 | 9,1 | 1,1 |
| 1993 | 6899 | 826 | 8,5 | 1,0 |
| 1994 | 4467 | 493 | 5,4 | 0,6 |
| 1995 | 5092 | 556 | 6,1 | 0,7 |
| 1996 | 5055 | 567 | 6,0 | 0,7 |
| 1997 | 5269 | 585 | 6,1 | 0,7 |
| 1998 | 4806 | 621 | 5,6 | 0,7 |
| 1999 | 5191 | 701 | 5,9 | 0,8 |

Жадыбалда (2.10.) көрүнүп тургандай, 1989-жылы калктын 1000 адамына 9,9 никелешүү катталса, ажырашуулар 1,2 түздү. 1999-жылы 1000 адамына 5,9 никелешүү туура келсе, ажырашуу 0,8 болду. Демек, салыштырмалуу никелешүү да, ажырашуу да аз катталган.

Ар түрдүү улуттардан турган аралаш үй-бүлөлөрдө ар кандай улуттук маданияттардын тыгыз байланышы жүрөт. Учурда дүйнөлүк этникалык жүрүмдөрдүн бир белгиси – бул ар кайсы этностордун өкүлдөрүнүн үй-бүлө куруусу болуп эсептелет. Мындай дүйнөлүк этникалык жүрүмдөр Кыргызстандын Жалал-Абад облусундагы этносторго да тиешелүү.

Аралаш никелер этностор аралык карым-катнаштын мүнөзүн чагылдырат. Аралаш никелердин интенсивдүүлүгү этностордун санынан, алардын географиялык жайгашуусунан жана этностордун маданиятынын жакындыгынан көз каранды.

Облуста негизинен аралаш никелер салыштырмалуу аз санда. 1999-жылдагы эл каттоо материалдарына караганда Кыргызстандагы жалпы кыргыздардын 5% гана аралаш үй-бүлөлөр болуп саналат. Негизинен үй-бүлөлөрдөгү жубайлардын бири өзбек болгон үй-бүлөлөр анын үчтөн бир бөлүгүн түзөт.

Аралаш никелердин динамикасына таасир этүүчү факторлорго төмөнкүлөр кирет. Алар: калктын этникалык курамы, кош тилдүүлүктүн таралышы, салттык нормаларынын дал келиши.

Жалпы облустагы райондорду аралаш никелер боюнча төмөнкү эки тайпага бөлүүгө болот.

1. Аралаш никелердин үлүшү жогору жана орточо болгон райондор: Сузак, Базар-Коргон, Ноокен, Аксы, Ала-Бука.
2. Аралаш никелердинүлүшүтөмөн болгон райондор: Чаткал, Тогуз-Торо, Токтогул.

Биринчи тайпадагы райондордун этникалык курамында түрдүү этностордун өкүлдөрү жашашат, ошондуктан бул райондордо аралаш никелердин үлүшү жогору.

Ал эми экинчи тайпадагы райондордо кыргыздардын саны басымдуулук кылгандыктан, андагы аралаш никелердин үлүшү төмөн.

Облустагы кыргыздардын арасында башка этностордун өкүлдөрү менен баш кошуп үй-бүлө кургандары аз санда. Ушундай эле көрүнүш өзбек, орус, тажик жана түрктөрдүн арасында сакталууда. Ал эми башка улуттун өкүлдөрүнүн саны салыштырмалуу аз болгондуктан мындай көрүнүш кыргыз, өзбек жана орус улутунун өкүлдөрү сыяктуу эмес. Мисалы, украин, казак, түрк, уйгур жана татарлардын арасында облустагы башка этностордун өкүлдөрүнө караганда, башка улуттардын өкүлдөрү менен баш кошуп үй-бүлө кургандар абдан көп. Аралаш үй-бүлө кургандар бардык улуттардын, башкача айтканда, эркектерине да, аялдарына да мүнөздүү этникалык көрүнүш.

Облустагы улуттар арасындагы аралаш никелерди Аксы райондук жарандык абалдын актыларды каттоо бөлүмүндөгү архивдик материалдардын мисалында карадык. Себеби, дал ушул Аксы району биз жогоруда токтолуп кеткен аралаш никелердин үлүшү жогору болгон райондордун катарына кирет жана акыркы он эки жыл аралыгында төмөндөгүдөй өзгөрүүлөргө кабыл болду.

**Жадыбал 2.11.** Жалал-Абад облусуна караштуу Аксы районундагы жарандык абалдын актыларын жазуу архиви боюнча 2000-2011-жылдардагы жалпы аралаш никелердин саны [2.11.].

| **Жылдар** | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Никеге тургандар** | 672 | 698 | 919 | 855 | 784 | 989 | 1012 | 784 | 870 | 1103 | 1171 | 1232 |
| **Улуттар аралык нике** | 12 | 18 | 15 | 13 | 14 | 18 | 35 | 11 | 24 | 20 | 16 | 30 |
| Кыргыз-өзбек | 6 | 4 | 5 | 2 | 7 | 6 | 9 | 1 | 8 | 7 | - | 17 |
| Өзбек-кыргыз | 1 | 8 | 8 | 11 | 5 | 4 | 11 | 9 | 7 | 4 | 11 | 5 |
| Кыргыз-орус | | | | | | | 6 | | | 1 | | |
| Өзбек-орус | | | | | | | | | 2 | | 1 | 1 |
| Кыргыз-казак | | 1 | 1 | | | | | | | | 1 | |
| Кыргыз-татар | | | | | 1 | | 1 | | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Кыргыз-азербайжан | | 1 | | | | | | | | 1 | | 1 |
| Кыргыз-уйгур | | | | | | | | | | | | 1 |
| Кыргыз-немец | | | 1 | | | | | | | | | |
| Украин-орус | 2 | | | | | | | 1 | | 1 | | 1 |
| Украин-татар | | | | | | 1 | | | 2 | | | |
| Орус-кыргыз | | | | | | | | | | 1 | | |
| Орус-украин | 1 | | | | | | 2 | | | | | |
| Орус-өзбек | | | | | | 1 | | | | | | |
| Орус-татар | | | | | | | | | | | | 1 |
| Тажик-өзбек | 1 | 1 | | | | 1 | | | 1 | | 1 | 1 |
| Тажик-кыргыз | | | | | | | | | | | 1 | |
| Татар-орус | | | | | | | | | 2 | | | |
| Татар-өзбек | 1 | | | | | | | | | | | |
| Татар-казак | | 1 | | | | | | | | | | |
| Өзбек-тажик | | | | | | 1 | | | 1 | | | |
| Өзбек-татар | | | | | 1 | | 2 | | | 1 | | |
| Өзбек-уйгур | | | | | | | 2 | | | | | |
| Уйгур-кыргыз | | | | | | | | | | 1 | | |
| Уйгур-өзбек | | 1 | | | | 2 | 2 | | | | | |
| Казак-өзбек | | 1 | | | | | | | | | | |
| Түрк-өзбек | | | | | | 1 | | | | | | |
| Түрк-кыргыз | | | | | | | | | | 1 | | |
| Азербайжан-кыргыз | | | | | | | | | | 1 | | |
| Осетин-кыргыз | | | | | | | | | | | | 1 |
| **Ажырашуу** | **54** | **40** | **67** | **54** | **52** | **78** | **102** | **87** | **93** | **92** | **115** | **130** |
| **Улуттар аралык ажырашуу** | | **2** | **2** | **1** | | **2** | **5** | **1** | **2** | **3** | **1** | |

Жадыбал 2.11. де көрүнүп тургандай, он эки жыл аралыгында негизинен кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз улутунан турган никелер басымдуулук кылат. Ал эми башка улуттар арасындагы никелер бирден же экиден катталган. Мисалы,

2006-жылы 35 улуттар аралык аралаш нике катталса, анын ичинен 20 нике кыргыз-өзбек же өзбек-кыргыз улутунун никелери болуп саналат. Ошондой эле, 2011-жылы 30 улуттар аралык нике катталса, анын ичинен 22 нике кыргыз жана өзбек улутунун өкүлдөрү тарабынан курулган нике болуп саналат.

Баса белгилеп кетчү нерсе, улуттар аралык никелердин арасында ажырашуу салыштырмалуу абдан аз жана бекем үй-бүлөлөр катары белгилүү. Мисалы, 2000, 2004, 2011-жылдары улуттар аралык никедеги ажырашуу катталган эмес. Аралаш үй-бүлөлөрдөгү туруктуулук улуттар аралык мамилелерди жакшыртуу багытында үлгү катары кызмат кылат.

Жогорудагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматынын республикалык жарандык абалдын актыларын жазуу архивинин материалдары айкын далилдеп тургандай, алардын жарымынан көбү кыргыздар менен турмуш курушкан. Ошондой эле жыл өткөн сайын, башка улуттун өкүлдөрүнүн кыргыздар менен баш кошкондору көбөйүп жатат. Өзбектердин бири-бири менен үйлөнгөндөрдүн саны облус боюнча, башка аймактарга караганда, салыштырмалуу Жалал-Абад шаарында жана Сузак, Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон жана Ноокен райондорунда көбүрөөк байкалат. Мунун себеби, жогорудагы көрсөтүлгөн райондо жана шаарда этникалык өзбектер, облустун башка аймактарына караганда салыштырмалуу чогуу топтолушкан жана жайгашышкан. Ошонун негизинде алар чогуу эмгектенишет жана бири–бири менен болгон ар кандай байланыштар салыштырмалуу тыгыз болуп эсептелет.

Башка аймактарга караганда Аксы, Ала-Бука, Ноокен, Базар-Коргон райондору өзгөчө абалда. Андагы аралаш үй-бүлөлөр үй-бүлө мүчөлөрүнүн экөөсүнүн тең тилдерин билгендигинде. Баса белгилей кетүүчү нерсе, үй-бүлөдөгү энеге карай балдарынын тарбиялануусу. Мисалы, энеси кыргыз болсо, атасы өзбек улутунун өкүлү экендигине карабай кыргыз тилинде абдан жакшы сүйлөй алат. Мындан сырткары, андагы өзбектердин өздөрүн кыргыз деп жаздырып алуусу да көп учурайт.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, түштүктө кыргыз жана өзбек этносторунун миңдеген жылдар бою коңшу жашап келиши, чарбалык-маданий түзүлүшүнүн окшоштугу, тилдин жакындыгы, салт-санаалардын, диний ишенимдеринин жалпы жагынан жалпылыгы алардын этностор аралык үй-бүлөлөрдү курушунун негизги себептери болуп эсептелет. Дагы бир кошумча, эгер эки элдин жаштары баш кошууга умтулушкан болсо, коомчулук, ата-энелер, курчап турган чөйрө көпчүлүк учурда каршылык көрсөтүшпөйт.

Учурда аралаш никеге туруулар дагы деле болсо уланууда. Кыргыз-өзбек улутундагы бир топ жаш жубайлар баш кошушту. Эки тараптын ата-энелеринин бирөөсүнөн дагы мындай үй-бүлөлүк биримдикке каршы чыккан факты болгон жок. Жаштык, аруу тилек, келечекке карай ишенимдүү кадам ушундай көп улуттуу элдин жаштарын баш кошулушуна өбөлгө түзүүдө. Мындай жуптарды мамлекет да, жергиликтүү бийлик органдары да бир эле жылда эмес, ар дайым колдоолору керек экендигин өлкөбүздөгү интеллигенциянын алдыңкы өкүлдөрү да белгилешүүдө [7.166.]. Азыркы мезгилде кыргыздар өзүнүн этносунан башка өзбек, түрк, татаржана тажиктер менен турмуш курушуп жатышат.

Үй-бүлөдө турмуш кургандардын бир өкүлү кыргыз болгон учурларда алардын үй-бүлөлүк каада-салттарында, турмуш-тиричилик жаатында кыргыздардын да, башка улуттардын да салт-санаасы жашап келет. Үй-бүлөдөгү эң көрүнүктүү салт болуп үйлөнүү тою жана ага байланышкан салт-санаалар эсептелет. Мында негизинен эки элдин салтын тең алып кетүүгө аракеттенишет. Салттуу календардык майрамдардан Орозо жана Курман айттарды, Ноорузду чоң салтанат менен өткөрүшөт. Бул күндөрү мал союлуп, боорсоктор жасалып, кыргыздар, өзбектер жана башка улуттун өкүлдөрү бирге майрамдашат.

Этникалык аралаш үй-бүлөдө, негизинен кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы салттардын айырмасы болсо да, үй-бүлө мүчөлөрүнүн аялы кыргыз болсо, анда кыргыздардын каада-салттары үстөмдүк кылат. Мындай аралаш никелүү үй-бүлөлөрдө үй-бүлөлүк каада-салттарында жаңы, жалпы

Кыргызстан элине таандык, башка этностордон кабыл алынган “жаңылыктар” көп.

Жыйынтыктап айтканда, өткөөл мезгилдеги экономикалык абалдын туруксуздугу, чечкиндүү реформалар учурунда Жалал-Абад облусунун калкынын никелешүүсү төмөндөгөн. Ошондой эле айыл жана шаар калкында никелешүү жана ажырашууларда айырмачылыктар бар. Акыркы эл каттоонун материалдары көрсөткөндөй, калктын ичинде аз санда болсо да мамлекеттик каттоодон өтпөгөн никелер пайда болду. Жалал-Абад облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган. Этномаданий өнүгүүдөгү жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Баса белгилеп кетүүчү нерсе, аралаш никелердин көпчүлүгү кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз түгөйлөрү болуп саналат.

### 2.3. Шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү

Жалал-Абад облусу – Кыргызстандын түштүгүнөн орун алып, Фергана өрөөнүндөгү жер иштетүүчүлүк, мал чарбачылык, ошондой эле өнөр-жайдын бир топ тармактары өнүккөн аймакта жайгашкан.

Жалал-Абад облусунда учурда 7 шаар бар. Алар: Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Майлуу-Суу, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Кочкор-Ата, Кербен шаарлары.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы шаарлардын калыптануусу жалпысынан алганда, аймактык өзгөчөлүктөргө ээ. Көпчүлүк шаарларда калктын жыштыгы да бирдей эмес. Шаарга ар түрдүү улуттагы элдердин жана айыл-кыштактардан келген жарандардын чогулушу, алардын эмгектик иш аракетине, жашоо турмушуна, кесибине гана таасирин тийгизбестен, этнодемографиялык жүрүмдөргө жана элдин аң-сезиминин өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Бул аймактагы шаарлардын кээ бири мурунтан эле пайда болгон. Алар айыл-кыштактардан өздөрүнүн көлөмү, жайгашуусу, курчоо чептери жана калктын жыштык деңгээли менен айырмаланган.

Октябрь революциясынан кийин социалдык өндүрүштүк мамилелердин чыңдалышы менен жаңы доор башталат. Социалдык өнөр-жайлар, жаңы жана эски шаарлардын өсүүсү, калктын көбөйүүсү калыптана баштаган. Түштүк аймакта өнөр-жайдын өнүгүүсү менен бирге шаардын калкы тез өскөн. Анын көбөйүүсүнө мурдагы СССРдеги республикалардан жана өлкөбүздүн айыл-кыштактарынан келгендер себеп болгон. Өнөр-жайдын өнүгүүсү жана алардын тез ылдамдыкта өсүүсү шаар калкынын тез көбөйүүсүнө алып келди жана өнөр-жайлар шаарды өзгөртүп түзүүнүн негизги фактору болду.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана согуштан кийинки жылдарда бул аймактарда кен байлыктарды казуу, жаңы кендердин ачылышы, шахталар, темир жолдор, гидроэнергетикалык тармактагы ишканалар өнүгө баштаган. Ошентип, шаар калкынын, шаар тибиндеги поселоктордун жана айыл-кыштактардын кайра түзүлүүсү ички жана сырткы көчүп конуулардын натыйжасындаөнүккөн [4.49., 68-69-б.].

Мындагы бир катар шаарлар тоо-кен казып алуу өнөр-жайларынын борборлору катары калыптанган. Андагы шаардыктардын өздөрүнө таандык болгон тарыхый салт-санаасы, турмуш тиричилиги жана маданияты бар [4.98.,123-б.].Мал чарбачылыгы менен алектенген элдерде урбанизация өзгөчө жай жүргөн. Мындай элдердин отурукташуусу совет бийлигинин жылдарында гана ишке аша баштады. Ал эми алардын шаарларга көчүүсү аябагандай жай ылдамдыкта жүргүзүлгөн [4.123.,147-148-б.].

**Жадыбал 2.12.** Жалал-Абад облусундагы шаар калкынынсаны (адам) [3.33. 13-б., 3.41.,17-б.].

| № | | 12.01.1989. | 24.03.1999. | 24.03.2009. |
|---|---|---|---|---|
| | Жалал-Абад облусу | 743279 | 869259 | 1009889 |
| 1 | Жалал-Абад шаары | 76284 | 77411 | 97172 |
| 2 | Таш-Көмүр шаары | 38274 | 39907 | 34756 |
| 3 | Майлуу-Суу шаары | 32422 | 23008 | 22853 |
| 4 | Кара-Көл шаары | 22225 | 21478 | 22502 |
| 5 | Кочкор-Ата шаары | 16149 | 16104 | 14814 |
| 6 | Көк-Жаңгак шаары | 18837 | 10727 | 10451 |
| 7 | Кербен шаары | - | - | 14141 |

2.12.жадыбалда көрүнүп тургандай, Жалал-Абад шаарында биринчи 1999-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча 77411 адам жашап, облустагы калктын 8,9% ын түзсө, акыркы 2009-жылдагы эл каттоо боюнча 97172 адам жашап, бул облустун 9,6% ын түзгөн. Демек, он жыл аралыгында шаардыктар 19761 адамга көбөйгөн же 0,7% га гана жогорулаган. Таш-Көмүр шаарында абал таптакыр башкача. 1989-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоо боюнча Таш-Көмүр шаарында 38274 адам катталса, 1999-жылдагы эл каттоодо 39907 адам катталган. Башкача айтканда, 1633 адамга көбөйгөн. Ал эми 2009-жылдагы эл каттоодо шаардын калкы 34756 адамды түздү. Демек, Таш-Көмүр шаары он жыл мурунку эсептелген калктан 5151 адамын жоготту. Акыркы эл каттоо боюнча шаардыктар облустун калкынын 3,4% ын түздү. Майлуу-Суу шаарында ар он жыл аралыгында шаардыктардын саны азайгандыгы байкалды. Мисалы, 1989-жылга карата 32422 адам болсо, 1999-жылы 23008 адам, ал эми 2009-

жылы 22853 адамды түздү. Кара-Көл шаарында 1999-жылдагы калктын санын (21478 адам) эске албаганда, бир калыпта турат. Кочкор-Ата шаарында да шаардыктар азайып баратат. Башкача айтканда, 1989-жылы 16149 адам болсо, 1999-жылы 16104 адамды түздү. Ал эми 2009-жылы 14814 адамды түзүп, 1290 адамга азайгандыгы байкалды. Ушундай эле абал Көк-Жаңгак шаарында катталды. Шаарда 1989-жылы 18837 адам болгон. 1999-жылы 10727 адамды түзүп, салыштырмалуу он жыл ичинде 8110 адамга азайган. Ал эми 2009-жылы 10451 адамды түздү. Бул облустагы калктын 1,03% ын гана түзөт. Аксы районунун борбору Кербен кыштагы 2004-жылы шаар статусун алып, 2009-жылы 14141 адам катталды.

*Жалал-Абад шаары* Фергана өрөөнүнүн экономикасына жана социалдык-маданий жашоосуна таасир этүүчү ири кыштак катары XIX кылымда белгилүү болгон жана 1877-жылы негизделген. Жалал-Абаддын жаралышы Аюб-Тоонун боорунан чыккан минералдуу ысык булакка байланыштуу. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Жалал-Абад шаары соода-сатык өнүккөн борборлордун бири болгон. Чыгарган товардык продукциясынын көлөмү жана өнөр-жай потенциалы боюнча Кыргызстанда Бишкек, Оштон кийинки үчүнчү шаар. Жалал-Абад шаары Көгарт өрөөнүндө, байыркы Улуу Жибек жолунун, ошондой эле азыркы Бишкек-Ош автомобиль жолунун боюнда жайгашкан. Жалал-Абад 1924-1926-жылдары округдун, 1926-1928-жылдары кантондун, 1939-1959-жылдары жана 1991-жылдан тартып облустун борбору болуп саналат [4.73.365-б.]. Жалал-Абад шаары келечекте негизги өнөр-жай борборлорунан болуу менен республиканын ири курорт шаары болуп калуу мүмкүнчүлүгү бар [4.75. 31-б.].

Этникалык курамы боюнча Жалал-Абад шаарында 1999-жылдагы эл каттоо боюнча кыргыздар – 28671 адамды же 40,7% ды, өзбектер - 30137 адамды, же 42,8%түзгөн [3.33. 47-б.]. Демек, кыргыздарга караганда шаарда өзбектер басымдуулук кылган. Ал эми 2009-жылы кыргыздар – 48655 адамды же 54,7%, өзбектер – 33847 адамды, же 38% түздү [3.41.,67-б.]. Он жыл аралыгында кыргыздардын саны жогорулагандыгын баса белгилеп кетүү керек.

Анын негизги себеби, жумушсуздуктун айынан кыргыздар айылдардан шаарларга жылышкан. Мигранттардын арасында сезондук жана маятниктик мигранттар басымдуулук кылат. Облустун борборунда жаңы окуу жайларынын ачылышы шаарда билим алган кыргыз жаштарынын санынын көбөйүшүнө алып келди. Акыркы эл каттоо материалдары боюнча шаарда 3,4% орустар, 1,2% татарлар, 0,6% уйгурлар, 0,5% түрктөр, 0,4% тажиктер, 0,3% курддар, 0,2% украиндер, 0,1% казактар жашашат [3.41.,67-б.].

**Жадыбал 2.13.** Жалал-Абад шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,34-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Жалал-Абад шаары | 97172 | 46063 | 51109 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 27661 | 13997 | 13664 | 30,4 | 26,8 |
| Эмгекке жарамдуулар | 63654 | 30215 | 33439 | 65,6 | 65,4 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 5857 | 1851 | 4006 | 4,0 | 7,8 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 26,6 | 26,2 | 27,0 | | |

*Таш-Көмүр шаары* Жалал-Абад облусундагы 1943-жылда шаар статусун алган. Таш-Көмүр шаары ушул аймактагы көмүр бассейнин өздөштүрүүгө байланыштуу пайда болгон. 1930-жылы көмүр кени ачылып, азыркы шаардын ордуна шахтерлордун кичинекей кыштакчасы курулган. Көмүр казып алууну тездетүү максатында темир жол салынган. 1935-жылы Таш-Көмүр району болуп түзүлгөн жана карамагына азыркы Аксы жана Ноокен районунун айрым бөлүктөрү кирген. Негизги өнөр-жай тармактары көмүр казуу, гидроэнергетика, курулуш, транспорт [4.77., 107-б.]. 2000-жылдардан кийин гана экономиканы жөнгө салып, бир нукка түшүү процесси башталды. Ишканалар менчиктештирилип, жыйынтыгында жеке ишкерлердин колуна өтүп, алар өз аракети менен төмөндөп кеткен экономиканы жогорулатуу багытына өтүшкөн. Ошондой эле демографиялык өзгөрүүлөр да чоң болуп, шаар тургундарынын

саны азайып, жумушсуздардын саны өскөн жана социалдык-экономикалык абал начарлаган.

1999-жылдагы биринчи улуттук эл каттоо материалдарына караганда Таш-Көмүр шаарында 33123 кыргыз (83%), 3439 өзбек (8,6%), 1626 орус (4,1%), 1084 татар (2,7%), 128 украин (0,3%) катталган [3.33.,48-б.]. Ал эми 2009-жылдагы эл каттоо материалдарына караганда 30530 кыргыз (87,8%), 2635 өзбек (7,6%), 680 орус (1,9%), 542 татар (1,6%), 106 уйгур (0,3%) катталды [3.41.,67-б.]. Демек, Таш-Көмүр шаарынын этникалык курамында негизинен кыргыздардын саны жогору.

**Жадыбал 2.14.** Таш-Көмүр шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,41-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Таш-Көмүр шаары | 34756 | 17279 | 17477 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 11948 | 6111 | 5837 | 35,3 | 33,4 |
| Эмгекке жарамдуулар | 20680 | 10500 | 10180 | 60,8 | 58,2 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 2128 | 668 | 1460 | 3,9 | 8,4 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 26,7 | 25,8 | 27,5 | | |

*Майлуу-Суу шаары* Ноокен районунун аймагында 1956-жылы негизделген жана өнөр-жайлуу шаар катары белгилүү [4.73. 65-б.]. Анда электр лампа заводу, электр тогун өткөрбөс материалдар заводу, жылуулук менен камсыз кылуу өндүрүштүк бирикмеси, кийим тигүү фабрикасы жана башка акционердик коомдор, чакан ишканалар жана фирмалар иштейт, ошондой эле, мунай жана газ кендери чыгат. Шаар эзелтен эле дыйканчылыгы өнүккөн Фергана өрөөнү жана көчмөн чарбасы өнүккөн тоолуу аймактын чегинде жайгашкандыктан, шаарда илгертен эле соода, товар алмашуу иштери кеңири жолго коюлгандыгын белгилеп кетүүгө болот. Совет мезгилинде Майлуу-Суу союздук деңгээлдеги камсыздандырууда турган. Аны учурунда “атом шаары” деп аташкан. Шаарда жогорку квалификациядагы билимдүү, ар

кайсы улутттагы адистер иштешкен. Шаардын калкынын маданияты абдан жогору болгондугун маектешүү учурунда көп адамдар айтышты. Мезгилинде шаар эң таза, кооз эле. Азыркы учурда шаардын экологиялык абалы өтө оор. Радиоактивдүү калдыктардын таасири айланага, агып жаткан сууга абдан терс таасирин тийгизүүдө. Бул келечекте Майлуу-Суу шаарынын калкынын азайышына, анын экологиялык ыңгайлуураак аймактарга жылуусуна алып келүүсү мүмкүн. 1999-жылдагы эл каттоо материалдары боюнча Майлуу-Суу шаарында кыргыздар – 13948 адамды (60,6%), орустар – 4560 адамды (19,8%), өзбектер – 1709 адамды (7,4%), татарлар – 1390 адамды (6,1%), украиндер – 468 адамды (2%), немецтер – 407 адамды (1,8%) түзгөн [3.33.,48-б.]. Ал эми 2009-жылдагы эл каттоо маалыматтары боюнча Майлуу-Суу шаарында кыргыздар - 17357 адам (76%), экинчи орунда орустар – 2382 адам (10,4%), өзбектер – 1697 адам (7,4%), татарлар – 878 адам (3,8%), украиндер – 178 адам (0,8%) болгон[3.41.,67-б.]. Башкача айтканда, Майлуу-Суу шаарында кыргыздар он жыл аралыгында 15,4% га жогорулаган, ал эми орустар кыргыздардан кийинки экинчи орунда болсо дагы он жыл аралыгында 9,4% төмөндөгөн. Өзбектер болсо, бир калыпта (7,4%) турат.

**Жадыбал 2.15.** Майлуу-Суу шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,40-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Майлуу-Суу шаары | 22853 | 10976 | 11877 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 6146 | 3141 | 3005 | 28,6 | 25,3 |
| Эмгекке жарамдуулар | 14615 | 7198 | 7417 | 65,6 | 62,4 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 2092 | 637 | 1455 | 5,8 | 12,3 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 29,7 | 28,4 | 30,8 | | |

*Кара-Көл шаары* 1962-жылы Токтогул ГЭСин куруучулардын шаарчасы катары негизделген. 1977-жылы 17-январда шаар статусун алган [4.73., 365-б.]. Азыркы шаар жайгашкан жер Жазы-Кечүү деп аталган. Малга жайлуу

болгондуктан, жергиликтүү эл негизинен мал чарбачылык менен тиричилик кылган. Айрым жерлерге жүгөрү, таруу эгишкен. 1960-жылдары Токтогул ГЭСинин курулушу башталып, 1962-жылы куруучулар үчүн турак-жайлар курула баштаган. Учурда Кара-Көл шаарында Токтогул ГЭСинин каскады, "Нарынгидроэнергиякурулуш", "Гидромонтаж" жана башка өнөр-жайлар иштейт.Кара-Көл шаарынын этникалык курамы: 1999-жылдагы эл каттоо маалыматтары боюнча кыргыздар – 17620 адамды (88,1%), орустар – 1437 адам (7,2%), татарлар – 344 адам (1,7%), украиндер – 152 адам (0,7%), өзбектер – 133 адам (0,7%) болгон [3.33.,48-б.]. 2009-жылдагы эл каттоо боюнча кыргыздар – 21217 адам (94,3%), орустар – 771 адам (3,4%), татарлар – 141 адам (0,6%), өзбектер – 143 адам (0,7%) болгон [3.41.,67-б.]. Демек, жогорудагы сандар көрсөтүп тургандай, башка улуттардын өкүлдөрүнүн саны азайып, кыргыздардын саны жогорку ылдамдыкта өсүп жатат.

**Жадыбал 2.16.** Кара-Көл шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,37-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Кара-Көл шаары | 22502 | 11020 | 11482 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 7445 | 3605 | 3840 | 32,7 | 33,5 |
| Эмгекке жарамдуулар | 13568 | 6919 | 6649 | 62,8 | 57,9 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 1489 | 496 | 993 | 4,5 | 8,6 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 27,0 | 26,5 | 27,6 | | |

*Кочкор-Ата шаары* Ноокен районундагы шаар. Кочкор-Ата мунайгаз кендерин казып алууга байланыштуу 1952-жылы курула баштаган. 1953-2003-жылдары шаарча, ал эми 2003-жылдан шаар статусун алган [4.73., 365-б.]. Кочкор-Атада "Кыргызмунайгаз", "Кыргызгеофизика" (мунайгаз кендерин чалгындоо иштерин жүргүзөт), "Керамика" (кыш ж.б. курулуш материалдарын чыгарат) акционердик коомдору иштейт.

**Жадыбал 2.17.** Кочкор-Ата шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,50-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Кочкор-Ата шаары | 14814 | 7071 | 7743 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 5069 | 2521 | 2548 | 35,7 | 32,9 |
| Эмгекке жарамдуулар | 8650 | 4193 | 4457 | 59,3 | 57,6 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 1095 | 357 | 738 | 5,0 | 9,5 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 27,6 | 26,7 | 28,5 | | |

*Көк-Жаңгак шаары* Сузак районунун аймагында жайгашып, 1943-жылдан шаар статусун алган. Көк-Жаңгак кыштак катары 1896-жылы негизделген. Анын эски калдыктары шаардын түштүк-батыш тарабында тоонун этегинде сакталган. 1910-жылдан көмүр казылып алына баштаган. Шаарда учурда таш көмүр шахтасы, кийим тигүү фабрикасы иштейт. 09.03.1999-жылы (№25) Көк-Жаңгак шаары Сузак районуна бириктирилген. 1999-жылдагы эл каттоо материалдары боюнча кыргыздар – 8091 адам (75,4%), орустар – 804 адам (7,5%).

**Жадыбал 2.18.** Көк-Жаңгак шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,53-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Көк-Жаңгак шаары | 10451 | 5096 | 5355 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 3416 | 1737 | 1679 | 34,1 | 31,3 |
| Эмгекке жарамдуулар | 6248 | 3118 | 3130 | 61,2 | 58,5 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 787 | 241 | 546 | 4,7 | 10,2 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 26,9 | 26,0 | 27,8 | | |

*Кербен* 2004-жылдан тартып шаар статусун алган эң жаш шаар. 2009-жылдагы эл каттоо материалдарына караганда 14141 адам жашайт.

**Жадыбал 2.19.** Кербен шаарынын туруктуу калкынын саны жынысы, жаш-курагы боюнча (адам) [3.41.,45-б.].

| Шаар / жаш курагы | Баары: (адам) | Анын ичинен | | Жыйынтыктар % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркек | аял | эркек | аял |
| Кербен шаары | 14141 | 6899 | 7242 | 100 | 100 |
| Эмгекке жарамдууларга чейинки | 4619 | 2330 | 2289 | 33,8 | 31,6 |
| Эмгекке жарамдуулар | 8447 | 4228 | 4219 | 61,3 | 58,3 |
| Эмгекке жарамдуулардан улуу | 1075 | 341 | 734 | 4,9 | 10,1 |
| Шаардыктардын орточо курагы | 27,9 | 27,2 | 28,6 | | |

Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстандын түштүк аймактарындагы калктын түзүмүндө чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Алар шаар калкынын отурукташуусунун абсалюттук жана салыштырмалуу өсүүсүнүн тездиги болду [4.49.,73-б.]. Отурукташкан калктын басымдуу бөлүгү өзбектер жана татарлар болгон ири калктуу пункттар пайда болгон. Мындагы калктын андан ары өсүүсүнүн башаты дал ошол улуттардын эсебинен жүргөн. Мисалы, этникалык курамы боюнча Жалал-Абад шаарында 1999-жылдагы эл каттоо боюнча кыргыздар – 40,7% ды, өзбектер - 42,8% ды түзгөн. Ал мезгилдерде аймактын шаарларындагы эски салттык турмушунда кескин өзгөрүүлөр болуп өттү, өнөр-жайдын кээ бир тармактарынын өсүүсү башталып, орус кварталдары түзүлдү [4.49., 80-б.]. Орустардын көчүп келүүсү менен алардын саны өскөн. Шаарларда өнөр-жайдын, маданий-тейлөө, агартуу мекемелеринин түрдүү тармактары өнүккөн. Мисалы, Майлуу-Суу, Кара-Көл, Көк-Жаңгак шаарларында өзбек улутунун өкүлдөрүнө караганда орустар, украиндер басымдуулук кылган.

1989-1999-жылдары аймактагы шаарларда калктын динамикалык өсүүсү өтө татаал социалдык-экономикалык, этнодемографиялык жүрүмдөргө дуушар болгон. Бул жүрүмдөрдүн ичинен экономикалык кризис, экономикалык байланыштардын үзүлүшү, өнөр-жай ишканаларынын толук токтотулушу, жогорку квалификациялуу адистердин миграциясы эң башкы себептерден

болуп эсептелет. Ошого байланыштуу шаар калкынын саны азайды. Бул жүрүмдөр айрыкча Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Кара-Көл шаарларында жогорку көрсөткүчтү түздү. Калктын санынын азайышына, негизинен, төрөлүүнүн деңгээлинин төмөндөп кетишине, өлүмдүн көрсөткүчүнүн жогорулашына жана миграциялык жүрүмдөрүнүн күчөшүнө байланыштуу болгон. Өзгөчө өнөр жайы өнүккөн шаарларда жашаган орус тилдүү калктын эмиграциясы шаар калкынын өсүүсүнө терс таасирин тийгизди.

2009-жылдагы маалыматтарга караганда, акыркы он жылдыкта кээ бир шаарлардагы калктын саны көбөйгөндүгү байкалат. Негизинен, табигый өнүгүүнүн эсебинен гана өскөн. Айта кетүүчү нерсе, өсүү ички миграциянын агымына да байланыштуу болду, башкача айтканда, айыл-кыштактардан келген миграциялык агым күчөдү. Себеби, айыл-кыштактардагы мурдагы СССР мезгилиндеги айыл-чарбасынын түп тамырынан бери өзгөрүүсү эмгекке жарамдуу калкты эмгек менен камсыз кыла албай калгандыктан, жумушсуздуктун кескин жогорулашына алып келип, калктын жашоо турмушундагы жакырлануу жүрүмүн күчөттү. Ошондуктан, эмгекке жарамдуу калк жапырт шаарларга карай көчүүсү күчөдү. Бир гана шаарларга эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө көчүүгө мажбур болушууда. Айта кетчү нерсе, алардын көпчүлүгү, негизинен соода-сатык, жалданма жумушчу катары тейлөө кызматтарында иш менен камсыз болууда жана жогорку квалификациялуу адистердин (окумуштуулар, мугалимдер, медицина кызматкерлери ж.б.) башка мамлекеттерге көчүүсү орчундуу маселелерден болуп, анын натыйжасында шаарларга жайгашуусунун күчөшү урбанизациялык маселени жаратууда. Мисалы, Жалал-Абад шаарында турак-жайлардын жетишсиздиги, коммуникациялык, транспорттук жана тейлөө чөйрөсүндөгү маселелердин күчөшүнө алып келди. Ошондуктан, жогорудагы шаарларга көп кабаттуу үйлөрдү куруу, инфраструктураны жакшыртуу негизги маселелерден болуп саналат.

Шаарлардагы эмгек ресурстарынын булагы катары маятниктик миграция чоң ролду ойнойт [4.75.,56-б.]. Маятниктик миграция жыл санап кеңейүүдө

жана өнөр-жайды жана транспортту камсыздандырууда белгилүү орду бар. Негизинен миграциянын үч түрү тең (көчүү, маятниктик жана сезондук) белгилүү өлчөмдө эмгекке жайгашууга байланыштуу. Бир топ демографтардын пикири боюнча маятниктик миграция айылдардын материалдык жактан камсыз болуу деңгээлин жогорулатат жана "анын өнүгүүсүн азыркы күнгө чейин деле стимулдаштырууда" деп эсептешет [4.133.,47-б.]. Маятниктик миграция Кыргызстандагы шаар жана айыл калкынын "транспорттун жетиштүүлүгү", айыл-чарба продукцияларынын өнүгүүсү, шаардыктардын жана айылдыктардын ортосундагы маданий байланыштардын жакшырышы менен жеңилдетилди. Жыйынтыгында, айыл калкы орношкон жумуштарына барып-келип, жакынкы шаарлардагы чарбалык жана маданий турмушуна активдүү катышканга мүмкүнчүлүк алышууда.

Жалпылап алганда, маданий борборлор жайгашкан шаар катары облустун борбору – Жалал-Абад шаарын, ал эми өнөр-жайлуу шаарлар катары – Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Майлуу-Суу, Кара-Көл, Кочкор-Ата шаарларын эсептөөгө болот.

Шаар калкынын этникалык курамы өзгөрдү. Анын басымдуу бөлүгүн кыргыздар. Ар бир шаардагы калктын эмгекке жарамдуу калкы анын негизин түзүүдө, анын ичинде эркектер жана аялдардын ортосунда дисбаланс байкалган жок. Негизинен шаар калкынын, өзгөчө акыркы мезгилдердеги шаардык кыргыз калкынын санынын өсүүсү табигый өсүүгө байланыштуу болууда. Ошондой эле, айылдагы калктуу пункттардын шаар статусуна ээ болуусу, айыл калкынын шаарга жана шаар тибиндеги поселокторго агылып келүүсүнө да байланыштуу. Өзгөчө, ички жана тышкы миграцияга байланыштуу облустун шаарларындагы калктын саны бирде көбөйүп, бирде кескин түрдө азайып жаткандыгын байкоого болот.

Жыйынтыктап айтканда, облустагы шаарлар экономикалык жана маданий борборлордон болгонго толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Себеби, жогорудагы шаарлар жаратылыштык-географиялык шарттарга жана эмгек ресурстарына ээ.Бул шаарлардын өнөр-жайын калыбына келтирүүгө болот. Атап айтсак,

Жалал-Абад шаары курорт жана туризм борборуна айлана алат. Мында өнөр-жай ишканаларын жайгаштырып, санаторийлерди, пансионаттарды, туристтик базаларды ачууга болот. Аны менен мындагы жашаган калктын социалдык-экономикалык абалын жана маданиятын өнүктүрүүгө шарт түзүлмөк.

# III БАП. Этностордун өзүн-өзү өндүрүүсүндөгү өзгөрүүлөр

## 3.1. Калктын өзүн-өзү өндүрүүсүнүн факторлору жана мүнөздүү багыттары

Калктын санынын динамикасы, негизинен, калктын табигый кыймылдарынын өзгөчөлүктөрү менен же төрөлгөндөрдүн жана өлгөндөрдүн санын салыштыруу менен аныкталат.

Төрөлүү – жалпы калк ичинде же анын муундарында жаңы муун пайда болуу жүрүмү. Төрөлүүнүн деңгээли жана мүнөзү коомдун социалдык-экономикалык түзүмүнөн көз каранды. Балалуу болуунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгү аялдардын репродуктивдүүлүгү аркылуу ишке ашырылат жана коомдогу социалдык нормалар, салттар, коомдук ой-пикирлер, социалдык жактан шартталган керектөө системасы аркылуу жөнгө салынат.

Жалпы калктын санынын оң динамикасы анын табигый кыймылы аркылуу, башкача айтканда, өлгөндөрдүн санынан төрөлүүнүн саны жогорулаганда ишке ашат. Калктын табигый кыймылына социалдык, экономикалык, укуктук, тарыхый, этномаданий, географиялык, биологиялык шарттар таасир этет жана кээ бир факторлор, мисалы, коомдук турмуштагы аялдардын катышуусу, калктын билим жана маданий деңгээли, саламаттыкты сактоонун өнүгүүсү, никеге туруу курагы, диний ишенимдери, элдик каада-салттар жана миграциялык жүрүмдөр таасирин тийгизе алат [4.136., 417-б.].

Төрөлүүнүн деңгээли бир нече факторлор менен шартталат. Мисалы, никелешүү, көп балалуу болуу салты, нике-жыныстык чектөөлөр, физиологиялык, диний, социалдык-экономикалык фактор ж.б.

*Физиологиялык факторлордун* катарына жыныстык жактан бойго жеткен курак кирет. Негизинен эркектер 25-29 жаш курагында, ал эми аялдар 20-24 жаш курагында никеге турушат. Бирок мамлекеттеги мыйзамдар сыяктуу эле, элдик үрп-адаттар жана каада-салттар никеге туруунун убактысын аныктап келет. Никеге туруунун минималдык курагы бардык мамлекеттерде мыйзам менен жөнгө салынат [4.62., 33-б.]. Аялдарда бул мезгил негизинен 17 жашка

чейинки куракта пайда болот. Ал эми аялдардын өзүн-өзү өндүрүү мезгили 40-45 жашка чейин уланат. Негизинен аялдардын орточо төрөө мезгили 25-30 жылды түзөт. Эркектердин төрөтүү мезгилинин башталышы жана бүтүүсү аз изилденген. Эркектердин бойго жеткен курагы 15 жаштан башталып, 55-70 жашка чейин созулат. Демек, эркектерде орточо төрөтүү мезгили 40-50 жылга созулат. Аялдардын жана эркектердин өндүрүү мезгилинин бышып жетилүүсү жана токтоосу климаттан, расадан, жашоо шарттарынан, организмдин өнүгүү өзгөчөлүктөрүнөн жана оорулардан көз каранды. Өзгөчө орунду генетикалык оорулар ээлейт, анын ичинде жубайлардын резус факторлорунун дал келбөөсү да бар [4.84., 61-б.].

**Жадыбал 3.20.** Жалал-Абад облусундагы шаарлар, райондор боюнча төрөлгөндөрдүн саны [3.12.,3.13.,3.14., 3.15., 3.16., 3.17., 3.18., 3.19., 3.20.].

| Жылдар / Аймактар | 1990 | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 27245 | 27541 | 27353 | 25345 | 25195 | 26848 | 23520 | 23028 | 23609 | 22660 |
| Жалал-Абад (шаардык кеңеши) | 1960 | 2124 | 1907 | 1795 | 2103 | 2211 | 1728 | 1722 | 1963 | 1732 |
| Кара-Көл (шаардык кеңеши) | 818 | 832 | 822 | 636 | 625 | 639 | 498 | 504 | 470 | 486 |
| Майлуу-Суу (шаардык кеңеши) | 851 | 869 | 779 | 727 | 723 | 574 | 489 | 450 | 432 | 382 |
| Таш-Көмүр (шаардык кенеши) | 1369 | 1310 | 1135 | 971 | 883 | 1082 | 833 | 863 | 1011 | 805 |
| Ала-Бука району | 2147 | 2364 | 2338 | 2349 | 2091 | 2316 | 2014 | 2000 | 1886 | 1942 |
| Аксы району | 3006 | 3011 | 3137 | 2949 | 2925 | 2846 | 2633 | 2662 | 2793 | 2694 |
| Базар-Коргон району | 3603 | 3646 | 3698 | 3474 | 3644 | 4013 | 3521 | 3474 | 3359 | 3149 |
| Ноокен району | 3400 | 3283 | 3326 | 3144 | 3359 | 3536 | 3140 | 2827 | 2675 | 2659 |
| Сузак району | 5743 | 5725 | 5903 | 5322 | 5184 | 6008 | 5357 | 5327 | 5310 | 5253 |
| Тогуз-Торо району | 752 | 742 | 746 | 559 | 620 | 475 | 450 | 486 | 629 | 686 |
| Токтогул району | 2275 | 2421 | 2052 | 1669 | 1555 | 1632 | 1483 | 1395 | 2337 | 2087 |
| Үч-Терек району | - | - | 339 | 588 | 381 | 574 | 618 | 535 | - | - |
| Чаткал району | 717 | 616 | 693 | 654 | 666 | 615 | 481 | 517 | 490 | 519 |

Жадыбал 3.20. да сандар көрсөтүп тургандай, 1999-жылга чейин 10 жыл ичинде облустагы төрөлүү начарлап, кыскарып жаткандыгын байкоого болот. 1995-жылда гана төрөлүүнүн саны бир аз өскөндүгү байкалат. 1990-жылы облустагы төрөлгөндөрдүн саны 27245 адам, 1991-жылы – 27541, 1992-жылы – 27353, 1993-жылы – 25345, 1994-жылы – 25195, 1995-жылы – 26848, 1996-

жылы – 23520, 1997-жылы – 23028, 1998-жылы – 23609, 1999-жылы – 22660 адамды түздү [3.12.,3.13.,3.14.,3.26.,3.27.,3.28.,3.29.,3.30.,3.31.]. Пайыздык катышта: 1989-жылы калктын 1000 адамына төрөлүүнүн коэффициенти – 34,4 промиллени түздү. Андан аркы жылдарда бул көрсөткүчтөр төмөндөй баштаган. Мисалы, 1990-жылы – 35,2, 1991-жылы – 34,8, 1992-жылы – 33,9, 1993-жылы – 31,1 , 1994-жылы – 30,7, 1995-жылы – 32,2, 1996-жылы – 27,7, 1997-жылы – 26,6, 1998-жылы – 27,5, 1999-жылы – 25,9. Андыктан, 1989-жылдан баштап облустагы төрөлүүнүн азайышына кандай факторлор өз таасирин тийгизгендигин аныктоо зарыл. Бул жүрүмдү изилдеген окумуштуулардын көпчүлүгү алгач жогоруда көрсөтүлгөндөй көбөйүүнүн *физиологиялык факторуна* токтолушат. Бирок облустагы төрөлүү жүрүмүнө физиологиялык фактордун тийгизген таасири чоң мааниге ээ эмес. Төрөлүүгө таасирин тийгизген башка факторлорго көңүл бурсак.

Кыргыздардагы көп балалуу болуу салты жана нике-жыныстык чектөөлөр алардын демографиялык журум-турумуна чоң таасир этет. Көп балалуу болууга умтулуу бир нече себептердин жана жүйөлөрдүн татаал комплекси менен шартталган. Дүйнөдөгү көпчүлүк этностор сыяктуу эле кыргыз эли үчүн да балдар – жогорку социалдык баалуулуктардын бири болуп саналат.

*Социалдык-экономикалык факторлордун* калктын өзүн-өзү өндүрүү жүрүмүнө тийгизүүчү таасири айрыкча чоң. Бул факторго чарба ишмердүүлүгүнүн формасы же кесибинин түрү, жашоо деңгээли, билими, урбанизация кирет. Төрөлүү жүрүмүнө жогорудагы шарттар түздөн-түз чечкиндүү ролду ойнойт. Социалдык-экономикалык факторлор өндүргүч күчтөрдүн жана өндүрүштүк мамилелердин белгилүү деңгээлде өнүгүүсү менен тыгыз байланышта болуу менен бирге, көп балалуу болуунун социалдык-маданий жана психологиялык факторун аныктайт.

Кесибинин түрү жана жашоо деңгээли – бири-бири менен тыгыз байланыштагы көрсөткүчтөр катары материалдык жана рухий керектөөлөрдүн канааттануу деңгээлдин аныктайт. СССР таркагандан соң Кыргызстан суверендүү мамлекет болуп, андагы жашоо деңгээли кескин түрдө төмөндөй

баштады. Айлык акылар өз мезгилинде берилбей, айлап-жылдап кармалган, ар кайсы тармакта жумушчулардын жумуш орду кыскарган, өндүрүштүк ишканалар жабылган. Жумушсуздардын саны жылдан жылга көбөйгөн. Жашоого айлык акылары жетпеген жумушчулар эртеңки күнгө ишенимсиз карагандыктан, көп балалуу болууга умтулуулары аз болгон.

Кыргыз элинде социалдык мамилелерде патрилинейдүүлүк сакталган. Башка өлкөлөрдөгүдөй эле эркек уруунун улантуучусу катары эсептелет. Кыргыздарда, салттуу түрдөкөп балалуу болууга чектөөлөр жок, тескерисинче, жагымдуу шарттар түзүлүүдө. Демек, физиологиялык фактордун таасири көрүнбөйт. Бизге белгилүү болгондой кыргыздар көп балалуу болгонго умтулушкан, көп балалууларды коомдо сыйлашкан жана колдошкон, мамлекет тарабынан көп балалуу энелерге “Баатыр эне” ордени берилип, ар түрдүү жеңилдиктер көрсөтүлгөн.

Кийинки фактор – бул *диний фактор*. Кыргыздар ислам динин тутунушат. Ал эми ислам дини көп балалуу болгонго чоң өбөлгө түзөт. Азыркы учурда мусулман элдери көп балалуу болуусу менен айырмаланат.

80-жылдардын экинчи жарымынан динге карата мамлекеттин жана коомчулуктун мамилеси өзгөрдү. Диний ишмердүүлүктү жандандыруу максатында аларга мамлекет тарабынан материалдык жана моралдык жардамдар көрсөтүлө баштады [4.50.,200-б.].

Азыркы учурдагы кыргыздардын демографиялык жүрүм-турумуна диндин таасири абдан чоң. СССР кулагандан кийин кыргыздарда башка этностордой эле динге ишенгендердин саны өстү. Айрыкча жаштардын динге мамилеси өзгөрдү. Башкача айтканда, дин азыркы жаштардын негизги ишениминеайланды. Себеби, мурункудай пионердик, комсомолдук уюмдар жок, эң негизгиси, мамлекет тарабынан эл жапырт кабыл алган улуттук идеология жок. Улуу муундар башка маселелер (көбүнчө экономикалык) менен алектенишип, алар тарабынан жаштарга алгылыктуу көңүл бурулбай калды. Ошондуктан, улуттун демографиялык өсүүсүндө, жаш муундардын ислам динин кармануусунун пайдасынан башка, зыяны жок деп ойлойбуз.

**Жадыбал 3.21.** Жалал-Абад облусундагы шаарлар, райондор боюнча төрөлгөндөрдүн саны (2005-2009-жылдары) [3.25.,114-б.].

| Жылдар / Аймактар | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 23114 | 24251 | 24354 | 25527 | 27309 |
| Жалал-Абад (шаардык кенеши) | 1924 | 2163 | 2234 | 2716 | 2623 |
| Кара-Көл (шаардык кенеши) | 490 | 479 | 483 | 544 | 561 |
| Майлуу-Суу (шаардык кенеши) | 466 | 462 | 497 | 500 | 496 |
| Таш-Көмүр (шаардык кенеши) | 851 | 832 | 962 | 1020 | 1080 |
| Ала-Бука району | 1740 | 1799 | 1807 | 1934 | 1977 |
| Аксы району | 2881 | 2792 | 2846 | 2858 | 3006 |
| Базар-Коргон району | 3115 | 3143 | 3325 | 3334 | 3768 |
| Ноокен району | 2589 | 2878 | 2610 | 2721 | 2996 |
| Сузак району | 5796 | 6252 | 6234 | 6473 | 7234 |
| Тогуз-Торо району | 582 | 562 | 505 | 569 | 572 |
| Токтогул району | 2203 | 2368 | 2360 | 2317 | 2433 |
| Чаткал району | 477 | 521 | 491 | 541 | 563 |

Жадыбалда (3.21.) көрүнүп тургандай,облус боюнча жылдан жылга табигый өсүү жогорулаган. Мисалы, 2005-жылы 23114 адам төрөлсө, 2009-жылы ал көрсөткүч 27309 адамды түздү. Демек, беш жыл аралыгында облустагы калктын саны 4195 адамга өстү. Облустагы дээрлик бардык аймактарда төрөлүүнүн саны өскөндүгү байкалды. Белгилеп кетчү нерсе, шаарларга караганда айылда төрөлүүнүн деңгээли жогору. Мисалы, Аксы районунда 2009-жылы 3006 адам, Базар-Коргон районунда 3768, Сузак районунда 7234 адам төрөлгөн. Салыштырмалуу шаарларда төрөлүү аз. Мисалы, Жалал-Абад шаарында 2623 адам, Кара-Көл шаарында 561, Майлуу-Суу шаарында 496 адам төрөлгөн.

Жогоруда айтылгандай, облуста төрөлүүлөрдүн саны өскөн, бул көрсөткүчтөр мындан да жогору болуусу мүмкүн эле. Төрөлүүлөргө терс таасирин тийгизген – *миграция*. Изилдөөлөрдө көрсөтүлгөндөй, миграциялык агымга негизинен эмгекке жарамдуу калктын басымдуу бөлүгү дуушар

болууда. Жыйынтыгында, Кыргызстандын айылдарында эмгекке жарамдуудан жаш жана эмгекке жарамдуудан улуу курактагы калк калууда. Мындан төмөндөгүдөй жыйынтыктар келип чыгууда. Алар:

- төрөй турган курактагы калк миграцияланып, төрөлүүлөрдүн саны аз, төрөсө да чет мамлекеттерде төрөөгө мажбур болушууда;
- төрөлүүлөрдө жеке чектөөлөр киргизилүүдө, башкача айтканда, социалдык-экономикалык абалын көтөрүп алуу максатында убактылуу же таптакыр төрөөдөн баш тартышууда;
- дистанттык үй-бүлөлөрдүн саны кескин түрдөөсүүдө, башкача айтканда, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири миграцияланып, экинчиси мекенинде калууда. Анын натыйжасында коомдо жаңы өзгөрүүлөр болуп, нике мамилелери бузулуп, төрөлүүлөр азайууда.

Демек, жогорудагы себептерден улам аймактагы улуттардын арасында, өзгөчө кыргыздардын демографиялык өсүүсү төмөндөөдө.

Мындан учурдагы төрөлүү жүрүмүнө социалдык-экономикалык жана миграциялык фактордун таасири чечкиндүү ролду ойнойт деген бүтүмгө келүүгө болот. Ал эми диний жана физиологиялык фактордун таасири азыраак.

Өлүү - адамзат муунунун өлүп азаюу же жок болуу жүрүмү. Ал адамдардын ар түрдүү жаш курагында алардын өмүрүн токтотуп, бир катар өз алдынча жана өз-өзүнчө келген өлүмдөрдөн куралып, реалдуу муундун өлүү тартибин аныктап турган демографиялык жүрүм. Төрөлүүдөн айырмаланып, өлүүлөр калктын бардык жаш-курактык курамын кучагына алат. Эгерде төрөлүү жүрүмү социалдык-психологиялык, экономикалык факторлор жана өздүк жүйөлөр менен тыгыз байланышта болсо, анда өлүү жүрүмү негизинен объективдүү себептердин таасири менен аныкталат. Башкача айтканда, төрөлүүгө караганда өлүүлөр түздөн-түз социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээлинен, материалдык жетишкендиктерден жана калкты медициналык жактан тейлөөдөн көз каранды.

Адамзат муунунун өлүп жок болуу жүрүмү өлүүнүн бир топ биологиялык жана социалдык факторлорунан көз каранды. Демограф-окумуштуулар

өлүмдөрдү эки чоң топторго бөлүп, айырмалашат.

1. эндогендик – организмдин ички өнүгүүсүнөн жаралган өлүм;
2. экзогендик – сырткы чөйрөнүн таасири аркылуу болгон өлүм.

Адам баласы ар дайым көптөгөн сырткы таасирлерге дуушар болушат. Анын ден-соолукка жагымсыз таасири сырткы таасирдин күчүнө жана организмдин жашоо мүмкүнчүлүгүнөн көз каранды. Качан гана жогорудагы таасирлер критикалык көлөмгө жеткенде өлүм пайда болот.

Социалдык жактан алып караганда өлүм – бул жамандык. Ошондуктан адамзат өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө өлүмдүн ар түрдүү себептери менен күрөшүп келген.

**Жадыбал 3.22.** Жалал-Абад облусундагы шаарлар, райондор боюнча өлгөндөрдүн саны (1990-1999-жылдары) [3.12.,3.13.,3.14., 3.15., 3.16., 3.17., 3.18., 3.19., 3.20.].

| Жылдар / Аймактар | 1990 | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абадоблусу | 4689 | 4700 | 5218 | 5306 | 5976 | 5809 | 5126 | 5355 | 5257 | 5009 |
| Жалал-Абад (шаардык кеңеши) | 429 | 526 | 526 | 492 | 559 | 561 | 508 | 537 | 582 | 494 |
| Кара-Көл (шаардык кеңеши) | 89 | 104 | 127 | 128 | 153 | 157 | 112 | 114 | 105 | 118 |
| Майлуу-Суу (шаардык кеңеши) | 253 | 255 | 249 | 285 | 299 | 262 | 235 | 229 | 229 | 208 |
| Таш-Көмүр (шаардык кеңеши) | 245 | 258 | 287 | 352 | 331 | 271 | 266 | 223 | 188 | 211 |
| Ала-Бука району | 350 | 363 | 371 | 381 | 431 | 435 | 366 | 345 | 408 | 372 |
| Аксы району | 474 | 480 | 519 | 566 | 636 | 589 | 575 | 610 | 589 | 544 |
| Базар-Коргон району | 540 | 532 | 593 | 596 | 669 | 662 | 557 | 704 | 662 | 608 |
| Ноокен району | 530 | 455 | 556 | 576 | 688 | 688 | 598 | 612 | 688 | 579 |
| Сузак району | 914 | 908 | 1052 | 1067 | 1218 | 1180 | 1010 | 1062 | 1180 | 1075 |
| Тогуз-Торо району | 125 | 120 | 138 | 97 | 163 | 158 | 152 | 141 | 158 | 121 |
| Токтогул району | 474 | 267 | 481 | 370 | 409 | 402 | 383 | 413 | 492 | 478 |
| Үч-Терек району | - | - | 63 | 128 | 156 | 177 | 131 | 150 | - | - |
| Чаткал району | 116 | 98 | 119 | 120 | 104 | 150 | 135 | 118 | 150 | 100 |

Жадыбал 3.22. де көрүнүп тургандай, облус боюнча 1990-жылы өлгөндөрдүн саны 4689 болсо, 1994-жылы ага салыштырмалуу өлгөндөрдүн саны 5976 адам, 1995-жылы 5809 адамды түздү. 1999-жылда бул көрсөткүч 5009 адамды түздү. Демек, он жыл аралыгында 1994, 1995-жылы өлгөндөрдүн саны өскөн. Бул ошол мезгилдеги экономикалык кризис жана элдердин

социалдык-экономикалык абалынын начарлыгы менен түшүндүрүлөт.

**Жадыбал 3.23.** Жалал-Абад облусундагы шаарлар, райондор боюнча өлгөндөрдүн саны (2005-2009-жылдары) [3.25.,117-б.].

| Жылдар / Аймактар | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 5840 | 5991 | 5785 | 6041 | 5837 |
| Жалал-Абад (шаардык кенеши) | 561 | 598 | 593 | 553 | 554 |
| Кара-Көл (шаардык кенеши) | 155 | 144 | 151 | 139 | 136 |
| Майлуу-Суу (шаардык кенеши) | 221 | 222 | 189 | 195 | 193 |
| Таш-Көмүр (шаардык кенеши) | 233 | 244 | 234 | 203 | 176 |
| Ала-Бука району | 441 | 452 | 476 | 500 | 479 |
| Аксы району | 628 | 642 | 643 | 659 | 671 |
| Базар-Коргон району | 674 | 701 | 712 | 710 | 732 |
| Ноокен району | 711 | 665 | 622 | 680 | 668 |
| Сузак району | 1330 | 1388 | 1291 | 1478 | 1385 |
| Тогуз-Торо району | 158 | 182 | 167 | 151 | 149 |
| Токтогул району | 587 | 608 | 566 | 648 | 589 |
| Чаткал району | 131 | 145 | 141 | 125 | 105 |

2009-жылга чейинки акыркы эл каттоо маалыматтары боюнча карап көрсөк (жадыбал 3.23.), 2008-жылы облус боюнча 6041 адам өлгөн. Райондор боюнча өлүүнүн эң жогорку көрсөткүчү Сузак районунда катталды, башкача айтканда 2008-жылы 1478 адам өлгөн. Базар-Коргон районунда (710 адам) жана Аксы районунда (659 адам) өлгөн. Негизинен бул райондордо калктын салыштырмалуу салмагы жогору жана бир топ социалдык-экономикалык абалдын оордугунан, оорулардын көптүгүнөн өлүмдүн жогорку көрсөткүчү катталды.

Өлүүлөрдүн өсүүсүн Майлуу-Сай шаар тибиндеги поселокто жайгашкан облустук психоневрологиялык оорукананын (ЖАОПНО - Жалал-Абад облустук психикалык-неврологиялык оорукана) абалы аркылуу түшүндүрүүгө аракет жасайлы. СССР таркагандан соң ЖАОПНО го башка уюмдар сыяктуу эле, оор экономикалык кризистин таасири тийди. Республикадагы бардык ооруканалар

сыяктуу бул ооруканада да медицина кызматкерлеринин жумуш орундары кыскарды. Дары-дармек каражаттарынын жана тамак-аш азыктарынын жетишсиздиги күчөдү. Оорулуулардын абалы начарлады, өлүү деңгээли тез арада өстү. 1993-жылдан баштап бир топ гуманитардык каражаттардын жардамы менен бул маселелер чечиле баштаган. Анда да негизинен дары-дармектер каралган. Оорукана жергиликтүү бюджеттин карамагына өткөн. Бул маселе 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кезектүү сессиясында чечилди. ЖАОПНО толугу менен республикалык бюджеттин каржысына өткөрүлгөн. Облустагы саламаттыкты сактоо тармагы медицина илиминде андан ары өнүгүүнүн жана заманбап шаймандарды алуунун ордуна өзүн-өзү каржылоого өттү. Ооруларды акысыз дарылоо токтотулду. Ал эми оорулуулардын абалы начарлагандан начарлады.

Өлүүнүн эң негизги себептеринин бири болуп оорулар эсептелет. Анын ичинен калктын табигый өзүн-өзү өндүрүү жүрүмүнө түздөн-түз өз таасирин тийгизген жыныстык оорулар өзгөчө орунда турат. Ошондой эле, жугуштуу оорулар, жүрөк-кан тамыр оорулары, рак, нерв ооруларын бөлүп кароого болот. Жашоо деңгээлинин төмөндөөсүнүн жана акча каражаттарынын жетишсиздигинен тамактануу рациону бузулат. Бул көптөгөн оорулардын пайда болушуна жол берет. 1990-1995-жылдары республика боюнча дизентерия, холера, грипп, туберкулез сыяктуу жугуштуу оорулар кеңири тараган. Жалпы республикалык эмдөөлөрдү жүргүзүү менен мындай оорулардын андан ары таралуусун алдын алууга мүмкүн болду.

Автомобилдик кырсыктар сыяктуу бөөдө кырсыктардан өлүмдүн көп болгондугун айтпай кетүүгө болбойт. Анын негизги себеби, шосселик жолдордун, трассалардын авариялык абалы, ошондой эле, айдоочулардын да, жөө жүргүнчүлөрдүн да жол эрежелерин толугу менен сактабагандыгы болуп эсептелет. Муну менен кылмыштуулук да өсүүдө.

**Жадыбал 3.24.** Жалал-Абад облусундагы каза болгондордун өлүмүнүн негизги себептери боюнча (адам) [3.12.,3.13.,3.14., 3.15., 3.16., 3.17., 3.18., 3.19., 3.20.].

| жылдар / себептер | 1990 | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ар кандай себептер менен бардык өлгөндөрдүн саны | 4689 | 4700 | 5218 | 5306 | 5976 | 5809 | 5126 | 5355 | 5257 | 5009 |
| Жүрөк кан тамыр оорулары | 1598 | 1544 | 1600 | 1600 | 2049 | 2133 | 1861 | 2008 | 2033 | 2135 |
| Дем алуу органдарынын оорулары | 994 | 901 | 1109 | 1094 | 1196 | 1144 | 1053 | 975 | 1036 | 868 |
| Жаны пайда болуулар | 330 | 346 | 370 | 266 | 307 | 271 | 268 | 269 | 333 | 336 |
| Ашказан оорулары | 240 | 252 | 257 | 252 | 333 | 356 | 295 | 440 | 368 | 410 |
| Жугуштуу оорулар | 278 | 251 | 284 | 289 | 328 | 337 | 232 | 315 | 272 | 220 |
| Бөөдө кырсыктар, уулануулар жана травмалар | 518 | 500 | 548 | 501 | 487 | 510 | 392 | 462 | 439 | 382 |

Жогорудагы жадыбалда (3.24.) көрүнүп тургандай, 1999-жылы жалпы 5009 өлгөн адам катталса, 2135 адам жүрөк, кан тамыр ооруларынан, 868 адам дем алуу органдарынын ооруларынан каза болгондугу көрүнүп турат. Кийинки орунда 410 адам ашказан ооруларынан каза болсо, 382 адам бөөдө кырсыктар, уулануулар жана травмалардан өлгөндүгүн айгинелеп турат. Акыркы мезгилдерде жугуштуу оорулар көбөйдү. Демек, жалпы эле республика боюнча медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн да начарлыгы билинип турат.

“Жүрөк, кан-тамыр оорулары боюнча Кыргызстан дүйнө жүзүндө биринчи орунда турат. Инсульт менен инфарктан жабыркаган адамдар 58% ды түзөт. Оору жашарып, 30-40 жашында эле адамдар каза болуп калышууда. Андан кийинки орунда травма, онкологиялык оорулар жана дем алуу системасынан, өпкөсүнөн жабыркагандар турат. Азыр Кыргызстанда аялдардын орто жашы 70 ке, эркектердики 65 жашка жетпейт. Демографиялык кризиске кабылбасак да, башка мамлекеттерге салыштырмалуу өсүү бар. Бирок, 1 миллиондой кыргыздар сыртта жүрөт. Алардын көбү башка өлкөлөрдүн жарандыгын алган. Элдин санын көбөйтүү керек. Мындан генофонд маселеси чыгат. Майып балдар көп төрөлүүдө. Баланын эптеп эмес, дени сак төрөлүшүнө

ата-эне, анан коом жоопкерчиликтүү”, [6.150.] - дейт Кыргыз Республикасынын мурунку Саламаттыкты сактоо министри Сабырбек Жумабеков.

**Жадыбал 3.25.** Жалал-Абад облусундагы калктын шаарлар, штп, райондор боюнча төрөлгөндөрдүн, өлгөндөрдүн жана табигый өсүүнүн графиги (1990)[3.12., 77-б.].

| Аймактар | Төрөлүүлөр | Өлүүлөр | Табигый өсүү |
|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 27245 | 4689 | 22556 |
| Жалал-Абад шаардык кенеши | 1960 | 429 | 1531 |
| Кара-Көл | 818 | 89 | 729 |
| Көк-Жангак | 604 | 150 | 454 |
| Майлы-Суу шаардык кенеши | 851 | 253 | 598 |
| Майлы-Суу шаары | 796 | 228 | 568 |
| Көк-Таш ш.т.п. | 55 | 25 | 30 |
| Таш-Көмүр шаардык кенеши | 1369 | 245. | 1124 |
| Таш-Көмүр шаары | 877 | 167 | 710 |
| Кызыл-Жар ш.т.п. | 114 | 20 | 94 |
| Шамалды-Сай ш.т.п. | 307 | 49 | 258 |
| Ала-Бука району | 2149 | 350 | 1797 |
| Базар-Коргон району | 3503 | 540 | 3063 |
| Жаны-Жол району | 3006 | 474 | 2532 |
| Ленин району | 3400 | 530 | 2870 |
| Кочкор-Ата ш.т.п. | 497 | 124 | 373 |
| Сузак району | 5743 | 914 | 4829 |
| Тогуз-Торо району | 752 | 125 | 627 |
| Токтогул району | 2275 | 474 | 1801 |
| Токтогул ш.т.п. | 520 | 67 | 453 |
| Чаткал району | 717 | 116 | 601 |
| Сумсар ш.т.п. | 165 | 22 | 143 |
| Терек-Сай ш.т.п. | 71 | 18 | 53 |

Жадыбалда (3.25.) көрүнүп тургандай, бул мезгилдерде, табигый өсүүтөмөнкүдөй абалды көрсөттү. Облус боюнча 1990-жылы табигый өсүү 22556 адамды түздү. Жогорудагы төрөлүүнүн жана өлүүнүн талдоосу көрсөткөндөй, белгиленген факторлор түз жана кыйыр жолдор аркылуу өз таасирин тийгизгендигин көрө алдык. Балдардын өлүмүнүн (карыкартаңдардын өлүмүн эсепке албаганда), башка жаш-курактык топторго салыштырмалуу көптүгүн байкоого болот. Балдардын өлүмү калктын саламаттыгынын абалын мүнөздөгөн негизги көрсөткүч болуп саналат. Анын негизги себеби – ара төрөлүү жана оорулар. Балдардын өлүмүнүн

көрсөткүчтөрү төрөттүн санынан, эненин жаш курагынан, анын ооруларынан, социалдык жана турмуш-тиричилик шарттарынан көз каранды.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй,  калктын табигый өзүн-өзү өндүрүүсү кыскарган. Калктын табигый өзүн-өзү өндүрүүсү - эки кубулуш же төрөлүү жана өлүү аркылуу ишке ашырылган, жалпы калктын санынын динамикасын аныктоочу негизги фактор болуп саналат. Алардын көрсөткүчтөрүнүн ар түрдүүлүгү калктын табигый өсүүсүн же калктын санынын азайышын берет.

**Жадыбал 3.26.** Жалал-Абад облусундагы калктын шаарлар, штп, райондор боюнча төрөлгөндөрдүн, өлгөндөрдүн жана табигый өсүүнүн графиги (1999) [3.29., 140-141-б.].

| Аймактар | Төрөлүүлөр | Өлүүлөр | Табигый өсүү |
|---|---|---|---|
| Жалал-Абадоблусу | 22660 | 5009 | 17651 |
| Жалал-Абад шаардык кенеши | 1732 | 494 | 1238 |
| Кара-Көлшаардык кенеши | 486 | 118 | 368 |
| Көк-Жангакшаары | 266 | 101 | 165 |
| Майлуу-Суу шаардык кенеши | 382 | 208 | 174 |
| Майлуу-Суу шаары | 345 | 198 | 147 |
| Таш-Көмүр шаардык кенеши | 805 | 211 | 594 |
| Таш-Көмүр шаары | 487 | 136 | 351 |
| Кызыл-Жар ш.т.п. | 50 | 22 | 28 |
| Шамалды-Сай ш.т.п. | 250 | 53 | 197 |
| Ала-Бука району | 1942 | 372 | 1570 |
| Аксы району | 2694 | 544 | 2150 |
| Базар-Коргон району | 3149 | 608 | 2541 |
| Ноокен району | 2659 | 579 | 2080 |
| Кочкор-Ата ш.т.п. | 231 | 104 | 127 |
| Сузак району | 5253 | 1075 | 4178 |
| Тогуз-Торорайону | 686 | 121 | 565 |
| Токтогул району | 2087 | 478 | 1609 |
| Токтогул ш.т.п. | 562 | 98 | 464 |
| Чаткал району | 519 | 100 | 419 |
| Сумсар ш.т.п. | 147 | 19 | 128 |
| Терек-Сай ш.т.п. | 60 | 12 | 48 |

Жогорудагы калктын табигый кыймылын чагылдырган жадыбалдан (3.26.) калктын табигый өзүн-өзү өндүрүүсү 1999-жылга карата азайгандыгын көрүүгө болот. Бул мүнөздүү багыт өзгөчө шаарларда катталды. Мисалы, Майлуу-Суу шаарында табигый өсүү 147 ни, Таш-Көмүр шаарында 351 ди түздү. Айылдарда 1989-жылга салыштырмалуу жогору. Өзгөчө түздүктүү

субаймактар болуп эсептелген Сузак районунда (4178), Базар-Коргон районунда (2541), тоо этектериндегисубаймак болуп эсептелген Аксы районунда (2150) табигый өсүүнүн жогорку көрсөткүчтөрү катталды.

**Жадыбал 3.27.** Жалал-Абад облусундагы калктын шаарлар, штп, райондор боюнча төрөлгөндөрдүн, өлгөндөрдүн жана табигый өсүүнүн графиги (2009) [3.41., 114-117-б.].

| Аймактар | Төрөлүүлөр | Өлүүлөр | Табигый өсүү |
|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 27309 | 5837 | 21472 |
| Жалал-Абад шаардык кенеши | 2623 | 554 | 2069 |
| Кара-Көл шаары | 561 | 139 | 422 |
| Майлуу-Суу шаары | 496 | 193 | 303 |
| Таш-Көмүр шаары | 1080 | 176 | 904 |
| Ала-Бука району | 1977 | 479 | 1498 |
| Аксы району | 3006 | 671 | 2335 |
| Базар-Коргон району | 3768 | 732 | 3036 |
| Ноокен району | 2996 | 668 | 2328 |
| Сузак району | 7234 | 1385 | 5849 |
| Тогуз-Торо району | 572 | 149 | 423 |
| Токтогул району | 2433 | 589 | 1844 |
| Чаткал району | 563 | 105 | 458 |

Жадыбал 3.27. де көрүнүп тургандай, 2009-жылы облус боюнча 21472 ге өскөн. Акыркы жылдардагы табигый өсүү ошол бойдон сакталууда. Башкача айтканда, шаарларга караганда, айылдарда табигый өсүүнүн көрсөткүчтөрү жогору бойдон калууда. Ошонун натыйжасында,тоо этектериндеги субаймактагы Аксы районунун борбору Кербен кыштагы учурда шаар статусун алууга жетишти.

Жыйынтыктап айтканда, эгемендүүлүктүн жылдарында саясий жана социалдык-экономикалык реформалар шартында калктын демографиялык өнүгүүсүндө, андагы табигый өзүн-өзү өндүрүү мүмкүнчүлүгүндө жана анын сапаттык өнүгүүсүндө байкалаарлык өзгөрүүлөр бар. Калктын демографиялык өсүүсүнүн негизги фактору – бул табигый өсүү болуп саналат. Жалал-Абад облусунун калкынын табигый өсүүсү жогору.

## 3.2.Кыргыздардын азыркы учурдагы жашоосунун негизги булактары жана жашоо шарттарына болгон канааттануусу

Кыргызстан СССРдин тушунда социалдык инфраструктурасы калыптанган союздук республика катары саналчу. Азыркы учурда тоолуу райондордун жана чек арага жакын жайгашкан айылдардын абалы начар. Айылдарда ички жана тышкы миграциянын айынан эмгекке жарамсыз карыялар жана жашы жете элек балдар калышкан, эмгекке жарамдуу калк шаарлардын жана облустардын борборлорунан жумуш орундарын издешүүдө. Ал турсун, ар бир үй-бүлөнүн жок эле дегенде 1-2 мүчөсү тышкы миграцияга кабылышкан. Сырткы миграция кыйынчылыктарга алып келсе, ички миграция маселеси деле жеңил эмес. Статистикалык маалыматтар шаарда жашагандардын кедейлиги азая түшкөнү менен айылда жашагандардан жардылар көбөйгөнүн билдирет [7.163.]. Эмгек, социалдык коргоо жана камсыздандыруу жаатына Кыргызстандагы социалдык төлөмдөр, калктын айрым аялуу топтору үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөр кирет. Азыркы учурда мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын саны өлкө калкынын 11 пайызын түздү [6.153.]. Бул кызматтан пайдалануучуларга негизинен атайын мекемелерде – интернат-үйлөрдө жашап жатышкан жана социалдык кызмат көрсөтүлүүчү адамдар киришет. Жөлөкпулдарга улгайганда чектелүүчү пенсиялар, майыптык жөлөкпулдар, багар-көрөрү жокторго жардамдар кирет.

Социалдык жөлөкпул алуучулардын көп санда болушу мамлекеттик бюджеттин чектелүү ресурстарынын шартында жөлөкпулдун өлчөмүн жетишерлик болушун камсыздай албайт, адамдардын турмуш деңгээлин көтөрүүгө анча таасир бере албайт. Социалдык коргоо жана камсыздандыруу системасында атайын даярдалган адистер аз, болсо да аз айлык акысы үчүн эмгектенгиси келбейт, социалдык кызматтардын түрлөрү менен камсыз кылууга жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары кызыгуу артышпайт. Социалдык кепилдиктерди бекемдөөнүн бирден бир ыкмалары болуп даректүүлүк жана социалдык коргоонун чараларынын натыйжалуулугу саналат.

Кыргызстанда айылдык калк шаар калкына караганда кыйла көптүк кылат. Өзгөчө, түштүктүн эмгекке жарамдуу куракка келген жаштары жашаган жеринен алгылыктуу жумуш таба алышпай, борбор шаарга жапырт түрдө көчүп кетишип, же башка өлкөлөргө иш издеп кетип жатышат. Бишкектин калкы өтө жыш абалга жетти. Ал эми сырттан келген мигранттар шаар турмушуна көнбөгөндүктөн, курч социалдык-укуктук кыйынчылыктарды баштарынан кечирүүдө.

Ички миграциялык агымдардын багыттары жана масштабдары калктын туура бөлүштүрүлүшүнө кедергисин тийгизип, аймактык эмгек балансын бузууда. Чек арага чукул жана алыскы тоолуу райондордо калктын азайып кетиши экономиканын агрардык секторун өнүктүрүүгө, өнөр-жайды жолго салууга тоскоол болууда.

Ошол эле учурда миграциянын оң таасири да жок эмес. Эмгекке жарамдуу калк катмарлары келечектүү адистиктерге жана кесиптерге үйрөнүп, башка мамлекеттерде эмгектенип жатышкан мекендештерибиз таап аткан акча каражаттары алардын үй-бүлөлөрү жана жакындары үчүн бирден-бир жашоо булагына айланып, натыйжада кедейчиликтин деңгээлин азайтууда.

Биздин этносоциологиялык изилдөөнүн жүрүшүндө тургундардын жашоо турмушуна болгон мамилеси аркылуу азыркы учурдагы өзгөрүүлөргө кандай адаптацияланып жаткандыгын изилдедик. Адамдардын күнүмдүк турмушуна, келечекке койгон пландарына азыркы учурдагы материалдык абалы эң чоң таасир этет. Ошондуктан иликтөө учурунда суралгандардан өзүнүн материалдык абалын кандай баалагандыгына көңүл бурдук.

**Жадыбал 3.28.** “Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?” (% менен) [2.8.,2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Ооба | 45,4 | 41,3 | 43 |
| Жок | 54,5 | 58,6 | 57 |

Биздин изилдөөнүн материалдары боюнча түзүлгөн жогорудагы 3.28. жадыбалда көрүнүп тургандай, Жалал-Абад облусу боюнча сурамжылангандардын 57% материалдык абалына канааттанбайт. Жалал-Абад шаарына караганда өздөрүнүн материалдык абалына Базар-Коргон айылынын тургундарынын ичинен бир аз көбүрөөк адам (58,6%) канааттанбайт. Мындан учурда шаарга караганда айылдыктардын материалдык абалынын начардыгы жана жашоо шарттарынын оордугу көрүнүп турат.

Ошондуктан, Жалал-Абад облусунун айыл калкынын жашоо-турмуш абалын тереңирээк билүү үчүн биз изилдөөгө тандап алган Базар-Коргон айылынын тургундарынын жоопторуна таяндык.

**Жадыбал 3.29.** “Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?” деген суроого Базар-Коргон айылынын жооптору(жынысы боюнча, % менен) [2.9.].

| жынысы / жооптору | эркектер | аялдар |
|---|---|---|
| Ооба | 38,6 | 61,3 |
| Жок | 39,6 | 60,3 |

Жадыбал 3.29. да көрүнүп тургандай, өзүнүн материалдык абалына Базар-Коргон айылынан суралган эркектердин 39,6%, ал эми аялдардын 60,3% канааттанбайт. Аялдар ички үй-бүлөлүк материалдык чыгымдарды жана кирешелерди көбүрөөк талдайт болуш керек, ошондуктан алардын арасында финансылык абалга нааразылар көп.Учурдагы жумушсуздук калктын ичинен аялдардын жана жаштардын жумушсуздугун күчөттү. Айылдарда балдарын, картаң ата-энелерин карап калган аялдар көп. Эркектердин көбү сыртта иштеп жүрүшөт. Чарбаны жүргүзүү жана үй-бүлө мүчөлүрүнө кам көрүү көп каражатты талап кылгандыктан суралган аялдардын көпчүлүгү өзүнүн үй-бүлөсүнүнматериалдык абалына ыраазы эмес. Ушул эле маселени суралгандардын жаш өзгөчөлүгү менен карап көрөбүз.

**Жадыбал 3.30.** Базар-Коргон айылынын тургундарынын өзүнүн материалдык шартына берген баасы, (жашы боюнча, % менен) [2.9.].

| жашы боюнча / жооптору | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Канааттанам | 6,7 | 22,6 | 12,6 | 19,3 | 10,0 | 14,2 | 14,2 |
| Канааттанбайм | 15,3 | 27,2 | 21,8 | 9,7 | 12,4 | 6,5 | 7,1 |

Биздин материалдар көрсөтүп тургандай, өзүнүн үй-бүлө ичиндеги материалдык абалына баа берүү биз иликтеген адамдардын жаш курактары боюнча айырмаланат. Өзүнүн материалдык абалына канаатанбагандардын эң көбү 21-25 жаштагылар. 21-25 жаш курагындагы сурамжылангандардын 27,2% жана 26-29 жаштагы 21,8% материалдык абалына канааттанбагандыгын билдирген. Бул жаш курагындагы адамдар билим алып жаткан же белгилүү бир кесиптик даярдыгы бар жаштар. Алардын көпчүлүгү алган квалификациясы боюнча иштей алышпайт, анткени жумуш жок, же окуп жатканда контракт төлөө менен материалдык кошумча кыйынчылыктарга туш келгендер. Улуу муундагы курактагы суралгандардын ичинде өзүнүн материалдык абалына топук кылгандар көбүрөөк. Алар алган аз нерсени да сарамжал сарптаганга тарбияланган муундун өкүлдөрү болуп саналат.

**Жадыбал 3.31.** “Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?” деген суроого Базар-Коргон айылы боюнча жооп бергендер (үй-бүлөлүк абалы боюнча, % менен) [2.9.].

| үй-бүлөлүк абалы / жооптору | бойдок | үй-бүлөлүү | ажырашкан | жесир |
|---|---|---|---|---|
| Ооба | 20,1 | 69 | 8,4 | 2,5 |
| Жок | 34,3 | 52,6 | 7,6 | 5,3 |

Үй-бүлөлүүлөрдүн 69% ы материалдык абалына канааттанат жана 52,6% ы канааттанбайт (жадыбал 3.31.). Жашап жаткан материалдык шарттарын суралган үй-бүлөлүү адамдардын жарымынан көбү жактырышпайт. Анткени,

балдарды балабакчага, мектепке орнотуу, окутуу, аларга шарт түзүп берүү абдан көп каражаттарды талап кылат. Үй-бүлө кура электер үчүн мындай маселелер жок болгондуктан алардын ичинен жашоо-шартына нааразылардын саны салыштырмалуу азыраак.

**Жадыбал 3.32.** “Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?” деген суроого Базар-Коргон айылы боюнча жооптор (билим деңгээли боюнча, % менен) [2.9.].

| билим деңгээли / жооптору | жогорку | бүтпөгөн жогорку | атайын орто | орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 40 | 6,8 | 4,5 | 18,1 | 1,1 |
| Жок | 31,3 | 17,2 | 10,2 | 15 | 5,1 |

Суралгандардын билим деңгээли өзүнүн материалык абалына баа берүүдө чоң роль ойнойт. Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде жашоо абалын жакшы деп баалагандардын саны 40% түзсө, начар деп эсептегендери 31,3% ды түздү. Булар негизинен айыл интеллигенциясы жана администрациясы үлүш жерлеринен өздөрүнө көпчүлүк азык-түлүктү камдап алууга жетишкен жана айлык алган адамдар айылда жакшы жашашат. Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде материалдык абалына канааттанбагандары башка шаарларга, мамлекеттерге иштеп келүүгө багытталышкан, анткени, тил билишет, мобилдүү, жаңы шарттарга адаптацияланып кетүүгө мүмкүнчүлүктөрү билими жокторго караганда кенен.

Айыл жана шаарлардын калкынын жашоо деңгээли бирдей эмес. Шаарлар аймактардын экономикалык, маданий, административдик борборлору. Шаарларда ишканалар, базарлар, тейлөө борборлору жашоочуларга жумуш жана жашоо каражаттарын берүүдө. Жалал-Абад шаары аймактын борбору катарында өтө чоң социалдык-экономикалык, саясий, маданий функцияларды аткарып келет. Өзүнүн айланасындагы айылдардын тургундары үчүн маятниктик, сезондук миграциянын борбору. Статистикалык маалыматтар көрсөткөндөй, Жалал-Абад шаарынын тургундарынын жашоо деңгээли

айылдыктардыкына караганда жогору. Үй-бүлөсүнүн, өзүнүн жашоо шартына болгон мамилесин билүү үчүн жынысы боюнча карап көрүүнү туура таптык. Ушул эле суроого Жалал-Абад шаарындагы сурамжылануучулардын жообу төмөндөгүдөй болду.

**Жадыбал 3.33**. "Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?" деген суроого Жалал-Абад шаарынын жооптору(жынысы боюнча, % менен) [2.10.].

| жынысы / жооптору | эркектер | аялдар |
|---|---|---|
| Ооба | 53 | 47 |
| Жок | 37,2 | 62,7 |

Жогоруда 3.33. жадыбалдан көрүнүп тургандай, Жалал-Абад шаарындагы сурамжылангандардын 62,7% аялдары "жок" деп жооп беришкен да, эркектердин 53% ы "ооба" деп жооп беришти. Мындан шаарда эркектердин материалдык абалга наразычылыгы азыраак жана алардын көпчүлүгү мамлекеттик кызматтарда иштегендер болушу мүмкүн. Ал эми аялдар айыл жергелериндегидей эле үй-бүлөдөгү түйшүктөрдү өз моюндарына алышкан жана коомдогу орду жана ролу жогору.

**Жадыбал 3.34.** "Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?" деген суроого Жалал-Абад шаары боюнча жооп бергендер (жашы боюнча, % менен) [2.10.].

| жашы боюнча / жооптору | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 22,3 | 28,2 | 33 | 2,3 | 7,0 | 2,3 | 4,7 |
| жок | 19,6 | 35,2 | 11,7 | 11,7 | 9,8 | 7,8 | 4 |

Мында да айылдагы абал сыяктуу эле 21-25 жаштагы суралгандардын 35,2% ы "жок" деп жооп беришкен, башкача айтканда, материалдык абалына канааттанбайт. Ал эми 26-29 жаштагы суралгандардын 33% "ооба" деп жооп беришкен, демек материалдык абалына канааттанышат.

**Жадыбал 3.35.** “Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?” деген суроого Жалал-Абад шаары боюнча жооп бергендер (үй-бүлөлүк абалы боюнча, % менен) [2.10.].

| үй-бүлөлүк абалы / жооптору | бойдок | үй-бүлөлүү | ажырашкан | жесир |
|---|---|---|---|---|
| Ооба | 57,6 | 36,4 | 4,7 | 1,1 |
| Жок | 43,1 | 55 | 2 | 0 |

Ушул эле суроого Жалал-Абад шаары боюнча өздөрүнүн материалдык абалына канааттангандыгын суралгандардын 57,6% бойдоктору билдиришкен. Анын себеби, бойдоктордун башына үй-бүлө муктаждыктары жана бала-бакыра багуу түйшүктөрү түшө элек. Ошондой эле алар өздөрүнүн ата-энесинин камкордугунан чыга электер. Айылдарга караганда шаарда бойдоктордун активдүүлүгү көрүнүп турат. Учурда бойдоктордун турмуш жолуна аттана электе жашоо шартын оңдоп алууга умтулушкандыгын баса белгилеп кетүү керек. Ал эми үй-бүлөлүүлөрдүн 55% канааттанбагандыгын билдиришти. Анын себеби, алардын баарыбызга маалым болгондой, үй-бүлө түйшүктөрү, чыгымдардын көптүгү ж.б. Ажырашкандар жана жесирлер жалпы калктын азчылыгын түзүшөт.

**Жадыбал 3.36.** “Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?” деген суроого Жалал-Абад шаары боюнча жооп бергендер (билим деңгээли боюнча, % менен) [2.10.].

| билим деңгээли / жооптору | жогорку | бүтпөгөн жогорку | атайын орто | орто |
|---|---|---|---|---|
| Ооба | 29,2 | 32 | 9,4 | 7,5 |
| Жок | 20,6 | 34,4 | 8,6 | 22,4 |

Жалал-Абад шаары боюнча толук бүтпөгөн жогорку билимдүүлөрдүн 34,4%материалдык абалына канааттанбагандыгын жана 32% канааттангандыгын билдиришкен. Ал эми жогорку билимдүүлөрдүн 29,2% “ооба” деп, 20,6% “жок” деп жооп беришкен. Сурамжыланган жогорку билими барлардын көпчүлүгү кесиби боюнча иштегендер. Алардын негизги кесибинен

сырткары да жер тилкелери, кошумча жашоо булактары бар, ошондуктан жогорку билимдүүлөрдүн арасында өз материалдык абалына канааттангандардын саны арбыныраак.

Рынок экономикасынын, ааламдашуунун шартында адамдардын жашоо шарты өздөрүнүн аракетине байланыштуу болуп калды. Жеке ишкердүүлүк менен алектенүүгө көптөгөн мүмкүнчүлүктөрү бар.

**Жадыбал 3.37.** “Материалдык абалыңызды кантип оңдогуңуз келет?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптору | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Абдан көп иштөө менен | 49,7 | 52,4 | 51,3 |
| Квалификациямды, билимимди жогорулатып, адистигимди өзгөртөм | 10,7 | 13,8 | 12,6 |
| Саясий турмушка активдүү катышуу менен | 5,3 | 1,7 | 3,1 |
| Жеке иш баштайм | 22,4 | 21,8 | 21,6 |
| Башка жакка кетем | 9,6 | 6,2 | 7,5 |

3.37. жадыбалда көрүнүп тургандай, суралгандардын арасында жашоо деңгээлин жогорулатуу үчүн көп иштөө (51,3%), жеке ишкана ачуу (21,6%) сыяктуу жооптор көп тандалды. Абдан көп иштөө менен материалдык абалды оңдоого болгон далалатын базар-коргондуктардын 52,4% билдирген. Бул көрсөткүч шаардыктарга (49,7%) караганда айылда жогору экендиги көрүнүп турат. Жеке иш баштоону шаардыктардын 22,4%, ал эми айылдыктардын 21,8% белгилешкен. Жаңы шартка ылайык келген адистиктерге өткөн учурлар Жалал-Абад өрөөнүндө абдан көп учурайт. Сурамжылангандардын 12,6% квалификациясын жогорулатуу же адистигин өзгөртүү менен жашоо шартын жакшыртууну көздөшөт. Учурда коомубуз абдан саясатташып кетти. Кээ бир саясатчылар өзгөчө жаштарды өздөрүнүн саясий пландарын ишке ашыруу үчүн колдонуп жатканы белгилүү. Кээ бир адамдар сезондуу саясий акцияларга катышуу менен жашап калышты. Мындай иштерге катышкандардын көпчүлүгү

жумушсуздар, жаштар. Ушул категориядагы адамдардын көбү башка жакка кетүүгө багытталган.

**Жадыбал 3.38.** “Эгерде сизде кошумча кирешенин булагы бар болсо, көрсөтүңүз?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптору | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Бир нече жумушта иштейм | 46,5 | 50 | 48,6 |
| Квартирант кармайм | 4,2 | 10 | 7,7 |
| Туугандар, достор жардам берет | 24,6 | 21,1 | 22,5 |
| Банкка процентке акча салам | 2,1 | 2 | 2,1 |
| Жеке ишкердик менен алектенем | 9,6 | 9,7 | 9,6 |

Облус боюнча сурамжылангандардын дээрлик көпчүлүгү же 48,6% бир нече жумушта иштегендигин билдиришкен. Ал эми 22,5% суралгандар туугандар, достор жардам берерин айтышты. Жеке ишкердик менен алектенгендер суралгандардын 9,6% ын түздү. 7,7% суралгандар квартирант кармашарын, ал эми 2,1% суралгандар банкка процентке акча салаарын билдирген. Шаардыктардын 24,6%, ал эми айылдыктардын 21,1% туугандар, достор жардам берерин белгилешкен.

Тоо этектериндеги дыйканчылык жана малчылык зонасындагы субаймактардагы көпчүлүк тургундар өзүнө бөлүнгөн жерлерди иштетишет. Түштүк аймагындагы жерлер Кыргызстандын башка аймактарынан айырмаланып, эч бош калтырылбай иштетилет. Иштеткенге мүмкүнчүлүгү жоктор жерлерин ижарага беришет. Аймактагы жашоочулар жерлерин иштеткенден бөлөк да турмуш-шартын жакшыртуу үчүн ар түркүн аракеттерди жасашат. Алардын бул аракеттеринин интенсивдүүлүгүн аныктоодо төмөндөгүдөй көрүнүштөр байкалды.

**Жадыбал 3.39.** “Жер иштеткенден бөлөк кошумча жеке ишкердик менен алектенесизби?" деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен)[2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптору | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Жок | 64,7 | 58,6 | 61 |
| Ооба, кээде | 15 | 23,2 | 20 |
| Ооба, дайыма | 20,3 | 18 | 18,9 |

Учурдагы Кыргызстандагы айлык акынын аздыгы дээрлик бардык эле тургундарды канааттандырбайт. Ошондуктан облустун айылдарында да, шаарларында да орто жана чакан бизнести өнүктүрүүгө жол ачылган. Мамлекет тарабынан социалдык жардамдар берилген социалдык жардамдар аз. Ошондуктан, тургундар мамлекеттик кызматтан сырткары кандайдыр бир жеке ишкердик менен алектенүүнү туура табышкан. Жеке ишкердик менен айылдарга караганда шаарда көп алектенишет. Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, 20,3% шаардыктар дайыма алектенгендигин билдиришкен. Айылдыктардын 23,2% кээде алектенгендигин белгилешет. Бул көпчүлүк учурда сезондук мүнөзгө ээ. Айыл-чарба жумуштары токтогон мезгилдерде шаарларга келип иштешет, же үй-бүлөдөн бирөө-жарымы шаарда иштеп, айыл-чарба жумуштарын жүргүзүүгө акчалай көмөктөшөт. Шаарларга жакын жашаган айыл тургундары маятниктик миграция аркылуу өз турмуш-тиричилигин жүргүзүшөт. Жалал-Абад шаары боюнча 64,7%, ал эми Базар-Коргон айылы боюнча 58,6% сурамжылангандар жеке ишкердик менен алентенбегендигин көрсөткөн. Жалпы облус боюнча 61% жер иштеткенден бөлөк кошумча жеке ишкердик менен алектенбегендигин көрсөтүшкөн, демек бардык эле каалоочулар шаарлардан жумуш таба алышпайт же иш баштоого алгачкы түрткү болуучу каражаты жок.Өз алдынча иш баштоого аз да болсо мүмкүнчүлүгү барлар жеке ишкердик менен алектенет. Төмөндөгү материалдар Жалал-Абад өрөөнүнүн калкынын арасында  жеке ишкердиктин кандай түрлөрү өнүгүп жаткандыгынан кабарлайт.

**Жадыбал 3.40.** "Жеке ишкердик менен алектенсеңиз, эмне кыласыз?" деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптору | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Майда соода | 47,5 | 59,7 | 54,9 |
| Балдарды карап, чарбага жардам берем | 11,7 | 8 | 9,4 |
| Жеке айдоочумун | 8,5 | 6,2 | 7,1 |
| Жашылча-жемиш өстүрөм, тоок багам, мал багам | 5,3 | 9 | 7,5 |
| Репетитормун, котормочумун | 3,2 | 0,6 | 1,6 |
| Медициналык, косметикалык, чачтарачтык кызмат көрсөтөм | 4,2 | 7,4 | 6,3 |
| Газета жана ар түрдүү товарларды таратам | | 1,04 | 0,6 |
| Дары чөптөрдү жыйноого, тоют даярдоого жардам берем | | | |
| Адамдардын эс алуусун уюштурам, музыкалык аспаптарда ойнойм | 1,0 | 2,7 | 2,1 |
| Тиричилик техникасын жана автомашина оңдоого жардам берем | 2,1 | 0,3 | 1,05 |
| Бөтөлкө жана башкаларды чогултам | | | |
| Башка | 16,0 | 4,5 | 9,05 |

Биздин изилдөөлөргө караганда сурамжылангандардын 55% майда соода менен алектенишет. Шаарга караганда (47,5%), айылда майда соода менен алектенгендер 59,7% ды түздү. Ал айыл-чарбасынан чыккан продукцияларга байланыштуу. Ошондой эле, облус боюнчаучурда жеке айдоочулардын (7,1%) жана жашылча-жемиш өстүрөм, тоок багам, мал багам (7,5%) дегендердин саны көбөйүүдө. Жеке айдоочулар айылга (6,2%) салыштырмалуу шаарда (8,5%) көбүрөөк. "Балдарды карап, чарбага жардам берем" деп жооп бергендер 9,4% түздү. Демек, жумушсуздуктун натыйжасында, үйдө отуруп, тиричиликке жардам берген тургундардын саны өсүүдө. Медициналык, косметикалык, чачтарачтык кызмат көрсөтөм дегендер 6,3% болду."Адамдардын эс алуусун уюштурам, музыкалык аспаптарда ойнойм" дегендер шаарда 1,0% болсо, айылдарда 2,7%, ал эми облус боюнча 2,1% түздү. Бул тармак учурда кеңири жайылтылган. Себеби, той-мааракелерде кызмат кылган томада, ырчы, бийчилердин саны өсүүдө десек жаңылышпайбыз. "Тиричилик техникасын жана автомашина оңдоого жардам берем" дегендер айылга караганда шаарда 2,1% болду.

**Жадыбал 3.41.** “Азыркы мезгилде бай болуу үчүн эмне керек?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптору | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Көп иштөө керек | 63,6 | 71,1 | 68,2 |
| Бардык нерседен кабардар болуу керек | 9,6 | 5,5 | 7,1 |
| Чоңдордун арасында таанышың болушу керек | 17,1 | 16,6 | 16,8 |
| Пара бергенди билүү керек | 1 | 1,3 | 1,2 |
| Кымбат буюмдарды албоо керек | | 0,3 | 0,2 |
| Үрп-адаттарга көп сарптабоо керек | 3,2 | 3,8 | 3,5 |
| Кыргыз тилин мыкты билүү керек | 2,1 | 0,6 | 1,26 |
| Орус тилин мыкты билүү керек | 3,2 | 0,3 | 1,47 |

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, бакубат жашоонун негизги шартын облус боюнча суралгандардын эң көбү (68,2%) эмгектенүү менен байланыштырышат. Жакшы жашоо үчүн абдан көп иштөө керектигин шаардыктарга караганда айыл тургундары көбүрөөк белгилешет. Айылдыктар 71,1%, ал эми шаардыктар 63,6% көп иштөө керектигин айтышат. Суралгандардын үчтөн бири бакубат жашоо үчүн жогору жактарда тааныш болуу керек деп эсептешет. Бул биздин реалдуулукту көрсөтүп турган сандар, анткени жашообуздун бардык чөйрөлөрүндө коррупция терең бутак жайганы эч кимге жашыруун эмес. Ааламдашуунун, маалыматтык технологиялар өнүккөн шартта бардык нерседен кабардар болуу керек экенин Жалал-Абад шаарынан суралгандардын ондон бири, базар-коргондуктардын бештен биринен көбү айтышкан. Сыртка чыкканда көбүнчө орус тилинен кыйналгандыктан, суралгандардын 1,4% орус тилин мыкты билүү бакубат жашоого мүмкүнчүлүктөрдү көбөйтөт деп эсептешет. Шаар тургундарынын ичинде орус тилин мыкты билүү керектигин белгилегендердин саны айылдыктарга караганда көбүрөөк. Кыргыз тилин мыкты билүү жашоону жакшыртууга абдан аз таасир этүүсү өкүндүрбөй койбойт. Кыргыздар үрп-адаттарга башка кошуна этносторго караганда абдан көп каражат жумшашаары белгилүү. Мындай чыгымдарды азайтуу жашоо шартты жакшыртууга аз да болсо таасир этээрин 3,2% шаар тургундары, 3,8% айылдык суралгандар белгилешти.

Жыйынтыктап айтканда, калктын өз турмушун жакшыртууга өзү аракет кылып жатканына карабастан калктын арасында учурдагы материалдык абалына канааттанбагандардын саны арбын. Ошондуктан алар мамлекет тарабынан жардамга муктаж. Калктын ичиндеги жардамга муктаж  бөлүгүн (кедейлер, балдар, оор социалдык абалдагы үй-бүлөлөр, майыптар, жалгыз-жарым жана улгайган адамдар) мамлекет социалдык коргоону жакшыртуусу зарыл. Андыктан төмөнкү маселелерге көңүл буруу керек:

1) мамлекеттик жөлөкпулдар менен пенсиялардын көлөмүн көбөйтүү;

2) мамлекеттик колдоонун даректүүлүгүн жогорулатуу;

3) бюджет чөйрөсүндөгү кызматкерлердин эмгек акыларын жогорулатуу;

4) Кыргызстандын мыйзамдарында каралган эмгек жана аны коргоо маселелерин чечип туруу.

Социалдык кызмат көрсөтүүнүн системасы реформалоону талап кылат. Социалдык кызмат көрсөтүүнүн эффективдүү райондук тармактарын түзүп, ал муктаж атуулдарга жана үй-бүлөлөргө улам келип болуп жатканмаселелерди чечүүгө жана коом менен байланышып туруу аркылуу коомдон изоляцияда калуудан сактап калуусу керек [6.153.].

Социалдыккоргоожаатындагыиш-чаралардыкаржылоочоң каражатты талап кылууда. Натыйжада социалдык инфраструктураны даректүү колдоо, кызматтарды көрсөтүү, жеңилдиктерди берүү маселелери чечилүүсү абзел. Даректүү социалдык жардамдардын механизми жана сапаты өркүндөтүлүп, социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн туруктуу системасы түзүлүүсү керек.Жогорку квалификациялуу кадрлардын жер-жерлерде бекитилишин камсыздап, травмалар, кесиптик оору-сыркоолор, эмгекти коргоо жөнүндөгү башка мыйзамдардын бузулушун азайтуу керек.

Ошондуктан керектүү чаралар төмөнкүлөр:

1) жеке ишкердикти өнүктүрүүгө шарт түзүү;

2) жеңилдетилген, пайызсыз насыяларды киргизүү;

3) калктын ички миграциясын турукташтыруу механизмдериништеп чыгуу керек;

4) тышкы миграцияны жөнгө салууга аракеттер көрүлүшү керек;

5) миграциянын так эсебин алуу үчүн компьютерлештирилген жалпы маалыматсистемасы түзүлүшү керек;

6) экономикалык жактан жигердүү калк катмарларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттыруу зарыл.

Эмгек рыногу менен миграциянын мамлекеттик саясатынын башкы максаты болуп алардын динамикалуу өнүгүшүнө шарт түзүп, калктын эмгек менен камсыз болушунун жогорку деңгээлине жетишүү болуп эсептелет. Ошондо мамлекеттик коопсуздук, мигранттардын бардык категорияларынын укуктарын колго алуу аркылуу аларга туура мамиле жасоого шарт түзүлөт.

Андыктан, бул иш-чараларды ишке ашыруу үчүн мамлекет тарабынан каржылоо керек. Анын натыйжасында, калкты иш менен камсыз кылуу, жашоо деңгээлин жана сапатын жогорулатуу, жумушсуздукту азайтуу, дестабилдешүү очокторун жоюу жана социалдык чыңалууну бошоңдотуу мүмкүндүгү ачылат. Миграциялык жүрүмдөрдү жөнгө салууда адамдардын жумуш менен камсыз кылуучоң роль ойнойт. Ошондой эле, каражаттарды топтоп, кичи жана орточо инвестициялык долбоорлордо тышкы инвесторлордун катышуусуна жол ачат.

Кыргызстандын  Жалал-Абад облусунун азыркы учурдагы абалы, анын тургундарынын жашоого көз караштары, талаптары, керектөөлөрү, кызыгуулары, баалуулуктарына  байланыштуу дайыма өсүп, өнүгүп, өзгөрүп турат. Ааламдашуунун шартында турмушубузга кирген илимий жана технологиялык ачылыштар, өнүгүүлөр коомдун ар тарабында, өзгөчө өндүрүштө көптөгөн жаңылануулларды жаратты.

Кыргызстандагы соңку мезгилдеги саясий, экономикалык, маданий өзгөрүүлөр, түрдүү баалуулуктар, эски жана жаңы өзгөргөн жүрүш-туруш нормалары, ага коюлган талаптар бардык адамдарга таасирин тийгизип, оор абалга дуушар кылууда. Ушундай коомдук абалга адамдын көнүп жашоосуна кандайдыр бир жардам, колдоо керек болот. Калктын саны көбөйүп, түрдүү себептерден улам айылдардан шаарларга агылган көчтүн натыйжасында шаар четинде жаңы конуштар пайда болуп, ал жерлерде жашаган калк түрдүү

күнүмдүк тиричиликке эле эмес, ал жерге көнүүгө байланыштуу көптөгөн маселелер менен алпурушууда. Мындай жашоо шарттарынын өзгөртүлүүсү, ага жараша өзгөргөн талаптар, жаңы чөйрөгө көнүү үчүн атайын жол көрсөткөн жардам, кеңештерге зарылчылык туудурат.

Көптөгөн үй-бүлөдө энелердин иштегени, үйдөгү негизги жүктүн аялдын мойнунда болушу, балдарды тарбиялоо маселелери аларды дагы кошумча түйшүктөргө дуушар кылууда. Бүт дүйнөдөгү кылмыштуулуктун, баңги заттарды колдонгондордун санынын күн санап көбөйүшү ж.б.у.с. абал ал маселелерди азайтуу үчүн психологиялык кеңеш кызматынын зарылдыгын айтып турат.

Облустун кыргыздарынын башка шаарларга кетүүсүнүн, же болбосо багыт алуусунун себептеринин бири, алардын өзүлөрүнүн жашоосуна болгон канаттаанусу болуп эсептелет. Эгер алар өзүлөрүнүн жашоосуна канааттанбаса, анда миграциялык жүрүмдөргө катышкандардын саны күн санап өсөт.

Жогорудагыдай коомдогу өзгөрүүлөргө кыргыздар кандай көнүп жатканына көңүл бурабыз. Совет доорунда республикадагы калктын көз карашы, аң-сезими, коомдогу болуп жаткан кубулуштарды аңдап билүүсүнө өзгөчө көңүл бурулган. Улуттар арасында пикир келишпестиктер, карама-каршылыктар негизинен жокко эсе болгон. Ал мезгилдердеги изилдөөчүлөрдүн, социологдордун көңүл борборунда көп улуттуу эмгек жамааттарынын мамилесин окуп үйрөнүү турган. Улуттар аралык нике мамилелеринин натыйжасында улуттар арасында тыгыз алакалар пайда болуп, аралаш нике курушуп, кыргыз элинин салт-санаа, үрп-адат, тили жана маданиятына аралаша башташкан.Ошол эле учурда, кыргыздар да башка улуттун өкүлдөрүнүн каада-салттарынын, үрп-адаттарынын элементтерин өздөрүнө кабыл алышкан.

Биз жүргүзгөн сурамжылоодо бир топ суроолор берилди жана анын натыйжасында төмөнкүлөр белгилүү болду.

**Жадыбал 3.42**. “Сиз өзүңүздүн коомдогу абалыңызга канааттанасызбы?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8.,2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Толук канааттанам | 32,6 | 28,1 | 29,8 |
| Көбүнчө канааттанам | 21,3 | 26,0 | 24,2 |
| Көбүнчө канааттанбайм | 17,1 | 16,3 | 16,6 |
| Такыр канааттанбайм | 7,4 | 11,8 | 10,1 |
| Айтуу кыйын | 21,3 | 17,7 | 19,1 |

Жогорудагы жадыбалда (3.42.) көрүнүп тургандай, Жалал-Абад облусу боюнча сурамжылангандардын 29,8% коомдогу абалына канааттанат жана 10,1% такыр канааттанбайт. Жалал-Абад шаарына (7,4%) караганда өздөрүнүн коомдогу абалына Базар-Коргон айылынын тургундарынын 11,8% канааттанбайт. Негизинен Жалал-Абад шаары боюнча 32,6% толук канааттанышын билдирген. Мындан учурда шаарга караганда айылдыктардын коомдогу абалынын начардыгы жана жашоо шарттарынын оорлугу көрүнүп турат. Жаңы шарттагы жашоо-турмушуна адамдар ар кандай мамиледе экендигин биздин изилдөөлөр да көрсөттү.

**Жадыбал 3.43.** “Сиздин азыркы мезгилдеги жашоого мамилеңиз”? деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Баары эле жаман эмес, жакында жакшы болот | 46,5 | 57,6 | 53,2 |
| Жашоо кыйын, бирок чыдаса болот | 41,7 | 31,9 | 35,7 |
| Азыркы биздин абалыбызга такыр чыдаганга болбойт | 5,3 | 6,9 | 6,3 |
| башка | 6,4 | 3,4 | 4,6 |

Облус боюнча 53,2% суралгандар “баары эле жаман эмес, жакында жакшы болот” деп жашоого оптимисттик көз караш менен карашкан. Анын 57,6% айылдыктар болсо, 46,5% шаардыктар болду. Ошондой эле 35,7%

суралгандар “жашоо кыйын, бирок чыдаса болот” деп билдиришкен. Анын 41,7% шаардыктар болсо, 31,9% ын айылдыктар түздү. Азыркы рынок экономикасынын шарттары элди кааласа-каалабаса чыдоого, оор жагдайдан жол таап, чыгып кетүүгө үйрөттү. Оор социалдык-экономикалык абал, саясий туруксуздук дээрлик бардык элге жакпаган көрүнүш. Элдин тынчтыкта жашоосу, ага умтулуусу, жакшы жашоого оптимисттик көз карашы албетте кубантат. Коомдогу жашоо ыргагынын өзгөрүшү Жалал-Абад облусунун тургундарынын “жакшы жашоо” түшүнүгүн да өзгөрттү.

**Жадыбал 3.44.** “Азыркы учурда “жакшы жашоо” деген сиз үчүн эмне?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Жакшы үй-бүлөлүү болуу | 40,1 | 40,6 | 40,4 |
| Кызыктуу жумушта иштөө | 8,5 | 11,8 | 10,5 |
| Бардык нерседен камсыз болуу | 39,5 | 41,6 | 40,8 |
| Бийликте туруу | 3,2 | 4,8 | 4,2 |
| Жогорку билимдүү болуу | 8,5 | 1 | 4,0 |

Облус боюнча айылдарда да, шаарда да биригип, бардык нерседен камсыз болуу – бул “жакшы жашоо” деп 40,8% сурамжылангандар эсептешет. Анын 39,5% шаардыктар, ал эми 41,6% айылдыктар болду. 40,4%суралгандар жакшы үй-бүлөлүү болуу деп эсептешет. Чындыгында адам баласынын жашоосу үй-бүлөдө бекемделет жана экономикалык жактан камсыз болуу негизги орунда турат. Биздин материалдарга таянсак, жалал-абаддыктар үчүн үй-бүлөнүн керектүү шарттар менен камсыз болуусу жакшы жашоонун эң башкы негизи. Өзгөрүлгөн заманда да үй-бүлө баалуулуктарынын жогору болуусу кубандыраарлык көрүнүш. Шаардыктардын 8,5%, ал эми айылдыктардын 1% жакшы жашоону жогорку билимдүү болуу менен байланыштырышат. Мындан илим, билим жана технологияга шаардыктар кызыктар экендиги көрүнүп турат.

Азыркы турмуштагы бардык эле инновациялар адамдар тарабынан бирдей кабыл алына бербейт. Төмөндөгү материалдар биздин бул оюбузду тастыктайт.

**Жадыбал 3.45.** “Азыркы турмушта сизге эмне жагат?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Рынок мамилелеринин өнүгүүсү | 39 | 25 | 30,5 |
| Жеке менчикти колдоо | 19,2 | 37,8 | 30,5 |
| Эркиндиктин ар тараптуу өнүгүүсү | 16 | 17 | 16,6 |
| Буюмдардын таңсыктыгынын жоктугу | 4,2 | 3,8 | 4,0 |
| Эч нерсе жакпайт | 21,3 | 16,3 | 18,3 |

Сурамжылангандардын 30,5% азыркы турмушта рынок мамилелеринин өнүгүүсү жана жеке менчикти колдоо жаккандыгын айтышты. Шаарда 39% рынок мамилелеринин жаккандыгын белгилешсе, айыл калкы 37,8% жеке менчикти колдошкон. Мындай жыйынтык айыл жергесинде жер иштетүүчүлүккө байланыштуу, ал эми шаарда негизинен соода мамилелери өнүккөндүгү менен түшүндүрүлөт. “Эч нерсе жакпайт” деп 18,3% сурамжылангандар белгилеген. Эгемендүүлүктөн кийинки калктын миграциясынын күчөшү (өзгөчө түштүк облустарынан) бул аймактагы жашоочулардын келечекке болгон көз караштары менен да тыгыз байланыштуу. Келечек ээлери жаштар үчүн бул аймак көрүнүксүз болуп калуусу бизди тынчсыздандырууда, ошондуктан биз адамдарга келечекке ишенимдүү кароого кандай шарттар керектигине кызыктык.

**Жадыбал 3.46**. “Сизге эртеңки күнгө ишенимдүү кароого эмне мүмкүндүк берет?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен)[2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Менчик капиталым бар | 12,3 | 6,6 | 8,8 |
| Иштеп акча таба алам, кесибим бар | 64,1 | 58,3 | 60,6 |
| Кызмат абалым | 5,3 | 5,5 | 5,4 |
| Үй-бүлөмдүн, туугандарымдын, досторумдун колдоосу | 17,1 | 26,0 | 22,5 |
| Өзүм оптимистмин | 1 | 3,4 | 2,5 |
| Эртеңки күнгө ишенбейм | | | |
| Башка | | | |

Бул суроого жооп берүүдө сурамжылангандардын облус боюнча дээрлик көпчүлүгү же 60,6% иштеп акча таба алаарын жана кесиби бар экендигин билдирген. Анын 64,1% шаардыктар жана 58,3% айылдыктар болду. Ал эми төрттөн бир бөлүгү үй-бүлөсүнүн, туугандарынын, досторунун колдоосуна таянышат. 8,8% сурамжылануучу менчик капиталын белгилесе, анын 12,3% шаардыктар түздү. Кызмат абалын 5,4% сурамжылануучу белгилеген. 3,4% айылдыктар өздөрүнүн оптимисттигин көрсөтө алышты. Демек, көпчүлүгү алган кесиптерине жана өз күч-кубатына ишенишет, салттуу түрдө сакталып келген тууганчылыкка да таянбай кое алышпайт.

Кийинки учурда Кыргызстандын коомдук-саясий, экономикалык турмушундакөп эле кыйынчылыктар болууда. Жумушсуздуктун, жакырчылыктын айынан көптөгөн жарандарыбыз сыртка иштеп келүү үчүн кетүүдө. Мигранттардын жөнөткөн акчаларын пайдалануу ички рынокто баалардын өсүүсүнө алып келүүдө. Оор экономикалык абал социалдык оорулардын көбөйүшүнө, баңгичилик, аракечтиктин жайылышына, руханий баалуулуктардын, коомдук моралдын төмөндөшүнө алып келүүдө. Калктын аймактык-демографиялык жайгашуусунда дисбаланс сезилээрлик болуп баратат. Бул өз кезегинде этностор аралык мамилелерге да таасир этүүдө.

**Жадыбал 3.47.** “Сиздин оюңуз боюнча Кыргызстанда кайсы социалдык проблемалар курчуду?” деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Жумушсуздук өстү | 53 | 67,3 | 61,6 |
| Пенсия, жөлөкпул (пособие), айлык акы төмөн | 10,7 | 18,7 | 15,5 |
| Оор экономикалык абал | 9,6 | 2,7 | 5,4 |
| Аракеччтик, баңгилик | 4,2 | 2 | 2,9 |
| Кылмыштуулук, коррупция | 9,6 | 2,4 | 5,2 |
| Билим алуу кыйындады | 2,1 | 2,4 | 2,3 |
| Калктын сыртка миграциясы күчөдү | 7,4 | 4,1 | 5,4 |
| Экологиялык проблемалар | 2,1 | | 0,8 |
| Башка | 1 | | 0,4 |

Жалал-Абад облусунун кыргыз калкынын Кыргызстандагы социалдык маселелерге берген баасын карап көрөбүз. Кыргызстандын бардык аймактары сыяктуу эле облустагы сурамжылангандардын 61,6% жумушсуздуктун өскөндүгүн белгилешти. Анын 67,3% айылдыктар болсо, 53% шаардык болду. Себеби эмгекке жарамдуу калктын көпчүлүгү жумуш издеп жаткандарды түзөт. Анын натыйжасында акча табуу үчүн чет мамлекеттерге агылуусу токтобой келет. Сурамжылангандардын 15,5% пенсия, жөлөкпул (пособие), айлык акы төмөн деп белгилешкен. Анын 18,7% айылдыктар жана 10,7% шаардыктар болуп эсептелет. Себеби, кийинки катмар эмгекке жарамдууларга чейинки жана улгайган курактагы калк болуп саналат да, анын басымдуу бөлүгү айылдарда жашашат. Чындыгында, алар мамлекеттин каржылоосуна муктаж. 5,4% сурамжылануучу оор экономикалык абалды жана калктын сыртка миграциясынын күчөшүн көрсөтүшкөн. Облус боюнча 5,2% сурамжылануучу кылмыштуулукту жана коррупцияны көрсөткөн. Анын ичинде шаардыктар - 9,6% жана айылдыктар - 2,4%. Мындан айылдарга караганда кылмыштуулук жана коррупция шаарда жогору экендиги билинип турат. Билим алуунун кыйындагандыгын шаарда 2,1% сурамжылануучу жана айылда 2,4% сурамжылануучу белгилеген. Өз мезгилинде билим алууга ар бир үй-бүлөдөн балдарын жогорку окуу жайларында окутууга каражат жумшашууда жана үй-бүлөлүк бюджетине таасирин тийгизүүдө. Шаарда экологиялык маселелердин курчугандыгын 2,1% сурамжылануучулар көрсөткөн. Бул шаардыктардын орчундуу маселелеринин бири. Мисалы, таштандылардын көптүгү, автоунаалардын уулуу заттарды бөлүп чыгаруусу ж.б.

Өзгөрүлгөн шарттагы кыйын социалдык-экономикалык кырдаалдан чыгуу үчүн адамдар өз аракети менен мурда ата-бабалары кесиптенген өнөрлөрдү жандандырышты. Кийинки мезгилдеги көптөгөн экономикалык изилдөөлөр илимий-техникалык өнүгүүнүн жетишкендиктерине карабай Кыргызстандын чарбаларынын архаизацияланышын айтып жатышат. Мисалы, айыл-чарба техникаларын иштетүү абдан кымбат болгондуктан азыр айыл жеринде совет мезгилине чейин колдонулган ат араба, эшек арабалар

колдонулууда, суу тегирмендер иштетиле баштады. Кыйын кезеңде жашоого кайсы эски чарбалар көмөктөшөөрүн биздин сурамжылангандар төмөндөгүдөй көрсөтүштү.

**Жадыбал 3.48.** "Сиздин оюңуз боюнча ата-бабалар билген кайсы чарба азыркы кыйын социалдык-экономикалык кырдаалда жашоого көмөк берет?" деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Багбанчылык | 25,1 | 38,5 | 33,2 |
| Тоок, майда жандыктарды кармоо | 20,3 | 26 | 23,7 |
| Тери иштетүү | 3,2 | 1,3 | 2,1 |
| Элдик кол өнөрчүлүктү жандандыруу | 19,2 | 11,8 | 14,7 |
| Улуттук кийим, тамак-аштарды жасоо | 16 | 11,1 | 13,0 |
| Жапайы жемиштерди, чөптөрдү чогултуу, даярдоо | 7,4 | 1 | 3,5 |
| башка | 8,5 | 10 | |

Кыргызстандын түштүгүндөгү субаймактар жер иштетүүчүлүккө көбүрөөк басым жасашат. Өзгөчө багбанчылык азыркы кыйын социалдык-экономикалык жагдайда жашоого көмөктөшөөрүн сурамжылангандардын 33,2% билдиришкен. Анын ичинде шаардыктардын 25,1% жана айылдыктардын 38,5% багбанчылыкты белгилешкен. Кийинки учурда түштүк аймагында, анын ичинде Жалал-Абад облусунда чарбасында майда жандыктарды, тоокту кармагандардын саны көбөйдү. Шаарда 20,3%, айылда 26%, облус боюнча 23,7% сурамжылануучу тоок жана майда жандыктарды кармоосун көрсөтүштү. Шаарда 19,2%, айылда 11,8% сурамжылануучулар элдик кол өнөрчүлүк жандангандыгын белгилешкен.Элдик кол өнөрчүлүк эгемендүүлүктү алгандан кийин өзгөчө жанданды. Улуттук кийим-кечеге керектөө абдан өстү. Азыр улуттук кийим-кече өндүрүшү – жеке ишкердүүлүктүн бир багыты болуп калды. Аны менен алектенген аялдардын саны өстү жана улутубуздун келечеги үчүн бул эң жакшы көрүнүш экендигин белгилеп кетүүбүз керек. Улуттук тамак-аш, суусундуктар кеңири жайылтыла баштады.

**Жадыбал 3.49.** "Кыргызстандагы жалпы абалды оңдоо үчүн сиздин оюңуз боюнча эмне кылуу керек?" деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8., 2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Өлкөдө тартипти калыбына келтирүү керек | 51,8 | 51,3 | 51,5 |
| Рынок мамилелерин өнүктүрүү керек | 28,8 | 30,2 | 29,6 |
| Жеке менчикти ар тараптуу колдоо керек | 9,6 | 11,1 | 10,5 |
| Жеке менчикти чечкиндүү токтотуу керек | 6,4 | 3,1 | 4,4 |
| башка | 3,2 | 4,1 | 3,7 |

Сурамжылангандардын 51,5% "өлкөдө тартипти калыбына келтирүү керек" деп жооп беришкен. 29,6% суралгандар "рынок мамилелерин өнүктүрүү керек" деп жооп беришкен.

Биздин изилдөөнүн жүрүшү көрсөткөндөй, Кыргызстандын жалпы абалына анын жарандары кайдигер карашпайт. Өлкөбүздүн келечеги өзүбүздүн колубузда, биздин аракетибизге жараша экендигин сурамжылангандардын баары бир ооздон белгилешти. Өлкөдө тартипти калыбына келтирүү керектигин айткан жарандар маектешүү учурунда мамлекеттик чиновниктерге көп ишеним артпагандыктарын билдиришти. Мунун өзү эл менен мамлекеттик ар түрдүү деңгээлдердеги чиновниктердин ортосунда, же башкача айтканда, эл менен бийликтин ортосунда ажырым бар экендигин кабарлайт.

Жалпысынан алганда, облустун тургундары жаңы турмуштук шартта өздөрү да өзгөрүшүүдө. Алар көптөгөн социалдык маселелерди чечүү үчүн, Кыргызстандын абалын ондоо үчүн бирдиктүү аракет жана тынымсыз эмгек керек экендигин кабылдашат.

## IV БАП. Жалал-Абад облусундагы калктын миграциясы жана анын калктын курамына тийгизген таасири

### 4.1.Облустагы калктын миграциясынын жүйөлөрү, факторлору жана негизги багыттары

Калктын миграциясы – бул дайыма өзгөрүлүп туруучу, кыймыл-аракеттеги динамикалуу жана татаал жүрүм. Анын өнүгүү өзгөчөлүктөрү түздөн-түз социалдык-экономикалык жана саясий шарттардан көз каранды. Эң негизгиси, коомдогу өзгөрүүлөр калктын миграциясына бат таасир этет. Ошондуктан миграцияны талдоо өлкөдөгүаймактарда, шаарларда жашоонун негизги бурулуштарын өз убагында орнотууда жардам берет.

Калктын миграциясы адамзаттын тарыхында болуп келген жана улана бермекчи [4.119. 256-б., 4.120. 119-б.]. Миграциялык жүрүмдөр көптөгөн өлкөлөрдүн, ошондой эле дүйнөнүн кээ бир бөлүктөрүнүн калкынын санынын өзгөрүүсүнө эң күчтүү таасирин тийгизет [4.127.,352-б.].

Элдин ири санда бир жерден экинчи жерге орун которуп, көчүп барып жашашы, отурукташуусу ошол аймактагы айылдын, же шаардын социалдык-этностук түзүмүнө белгилүү деңгээлде өзгөртүү киргизбей кое албайт. Ал гана турсун, ошол аймактагы улуттар аралык никенин көбөйүшү аркылуу жергиликтүү элдин тилинин, улуттук психологиясынын, маданиятынын, турмуш-тиричилигинин жана жогорудагылардын жыйынтыгы катары улуттук аң-сезиминин өзгөрүшүнө да өз таасирин тийгизет. Учурда улуттар, этностор аралык мамилелер баштагыга караганда курчуп турган кезде этникалык жүрүмдөр терең, ар тараптуу изилдөө теориялык гана эмес, практикалык да чоң мааниге ээ жана өтө зарыл. Облустун социалдык-экономикалык турмушунда абдан чоң көңүл буруунy талап кылган маселелердин бири – *миграция маселеси*. Ал аймактын социалдык - экономикалык, демографиялык, этникалык жүрүмдөрүнө түздөн-түз таасирин тийгизүүчү көп функциялуу көрүнүш. Анын

өнүгүүөзгөчөлүгү түздөн-түз социалдык-экономикалык жана саясий шарттарга байланыштуу.

Борбордук Азиядагы миграциянын тарыхына баа бере турган болсок, анда, 60-жылдары Борбордук Азия СССРдин бардык аймактарынын калкын өзүнө тарткан жалгыз экономикалык аймак экендигин көрөбүз. Ал эми 70-жылдары калкы көчүп чыгып кеткен негизги аймакка айланды. Бул республикалар аралык миграциянын тамырынан өзгөрүүсү алда качан башталгандыгын айгинелейт. Бирок, бул миграциялар стресстик жана аргасыз миграция эмес, эмгек ресурстарынын миграциясы болгондугун белгилей кетүүбүз зарыл. Мында нормалдуу экономикалык, нике жана окуу миграциясы ишке ашкан.

70-жылдары Борбордук Азиянын республикаларында эмгек ресурстары тез ылдамдыкта өсүп, жумуш орундарын көбөйтүүгө жетишүү кыйынга турган. Аны менен Борбордук Азиянын аймактарынан Россияга миграция күчөгөн. Миграция менен экономиканын өз ара байланышы – эң чоң маселе. 70-80-жылдары биздин өлкөдөн чыккан мигранттардын негизги жүйөсү – бул өлкөдөгү жашоо деңгээлинин төмөндөөсү болгон.

80-жылдардын аягында СССРдеги республикалардын арасында Кыргызстан айлык акы эң төмөн республика болгон. Мына ошондон тартып Россияга карай миграция күчөгөн. Бул мезгилге чейин республикадагы өндүрүштүк шаарларда “баланстоо” сыяктуу жасалма саясатынын негизинде титулдук улуттар менен орустардын санын башка союздук улуттарга теңөө максатында шаардыктардын саны жогортон көзөмөлгө алынган [4.74.,162-б.].

СССР таркагандан кийин саясий жана экономикалык кризистин натыйжасында, этностор мамилелер курчуп, бир гана Кыргызстанда эмес, коңшулаш мамлекеттерде да миграциялык агымдын түзүмүндө, көлөмүндө жана багыттарында түп тамырынан бери бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду[4.104., 264-б.]. Бул мезгилге чейин нормалдуу миграция ишке ашкан болсо, эми стресстик, аргасыз миграциялар кескин түрдө көбөйдү.

Адамдардын баалуулук багыттарында, ой жүгүртүү моделдеринде жана жүрүш-туруштарында чоң өзгөрүүлөр болду. Азыркы күнгө чейин республикада жана анын ичиндеги облустарда, шаарларда болуп өткөн жогорудагыдай миграциялык жүрүмдөр этностордун жашоосуна ар тараптан оң жана терс таасирин тийгизип келет.

Облустагы калктын жайгашуусунда болуп өткөн түзүмдүк орун алмашуулар түздөн-түз коомдун экономикасына, социалдык чөйрөсүнө, маданиятына, экологиясына таасирин тийгизет. Өндүрүштүк, илимий-техникалык, маданий жана этностор аралык мамилелер начарлай баштады.

Өлкөдөгү оор экономикалык абал, квалификациялуу адистерге жана жаштарга жумуш орундарынын жоктугунун айынан айылдардагы жана шаарлардагы социалдык, маданий инфраструктуралардын талкаланышынан улам жарандар өлкөнүн сыртына чыгып кете башташкан [4.44.,56-б.].

Учурдагы миграциялык жүрүмдөр белгилүү деңгээлде облустагы демографиялык кырдаалга да өз таасирин тийгизди. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары миграциялык чыгып кетүүлөрдүн зыян экендигин түшүнүшүп, кырдаалды өзгөртүүүчүн зарыл чараларды көрүшүүдө. Бул маселе боюнча 2000-жылдын 28-апрелинде Президент А.А.Акаев тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик демографиялык жана миграциялык саясаты боюнча концепция иштелип чыкты [1.6.]. Ошондой эле, 2000-жылдын 20-майында Президент Кыргыз Республикасындагы миграциялык жүрүмдөрдү жөнгө салуу боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндө буйрукка кол койгон [1.7.].

Жогорудагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указын ишке ашыруу максатында республиканын өкмөтү бул маселе боюнча токтом кабыл алды жана анда төмөнкүлөрдү белгиледи. Алсак, ички жана тышкы миграциялык жүрүмдөрдү жана миграциялык агымдын багыттарын изилдөө, ички жана тышкы миграциялык агым боюнча прогноз түзүү, республикадагы жана аймактардагы социалдык-экономикалык абалга миграциялык

жүрүмдөрдүн тийгизген таасири жана анын кесепеттерин аныктоо каралган [5.145.,164-б.].

1993-жылы облуста гана эмес, республикада миграциянын жогорку деңгээли байкалган. Биздин республикада өлкөдөгү миграциялык кырдаалды турукташтыруу боюнча бир топ иш чаралар көрүлгөн жана турукташтыруучу мыйзамдык база түзүлгөн. Ал мыйзамдар эл аралык нормаларга ылайык келип, кээ бир этникалык топторго басым жасалбай, кайсы гана улут болбосун дискриминацияга жол коюлбай жана артыкчылык берилбей түзүлгөн.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин орус тилдүү калк бир топ артыкчылыктарга ээ болушкан жана бийликтин башында турушкан. Мындай артыкчылыктардан айрылуу аларга оор кыйроодой сезилген да, миграция активдешкен. Бул орус тилдүү калктын сыртка чыгып кетүүсүнүн бир себептеринен болгон.

Миграцияга азыркы учурда экономикалык жана материалдык факторлор дуушар кылуусун аныктадык. Бирок мигранттар өздөрүнүн көчүп жүрүүсүн эреже катары саясий факторлор менен байланыштырышат. Алар улуттук белгилер боюнча кысымга алынып жаткандыгын баса белгилешет. Алардын бирден бир максаты – качкын статусун алуу жана анын натыйжасында Россиянын мүмкүн болгон бардык жеңилдиктерине ээ болуу [7.161., 6-б.].

Акыркы жыйырма жылдын ичинде жумушсуздуктун айынан чет өлкөлөрдөн жумуш орундарын издеген жарандарыбыздын саны жарым миллионго чукулдады. Ошол эле кезде жыл сайын жогорку жана башка окуу жайларын бүтүрүшкөн жаштарыбыздын жетимиш пайызы жумушсуздардын катарын толуктап калышууда. Дүйнөдө болсо, экономикалык кризис кучак жайып жатат. Азыр дүйнө жүзүндө экономикалык абал оорлошкондуктан, ар бир мамлекет тездик менен өзүлөрүнүн ички эмгек рыногун коргоонун ар кыл чараларын көрүшүүдө. Ал эми биздин жарандар өлкөнүн ичинде жумуш таба алышпагандыктан, көпчүлүгү сыртка чыгып кетүүгө муктаж болуп жатканда бул жаатта мамлекеттин саясатын бекемдеп, иштиктүү чараларды көрүүбүз зарыл [7.167., 7-б.].

Мекендештерибиздин көбү Россиянын борбор шаары Москва, Санкт-Петербург ж.б. чоң шаарларына жашоо-турмуштун айынан мыйзамдуу да, мыйзамсыз да жол менен барышат. Көпчүлүктүн агымына кошулуп, мыйзамсыз жол менен баргандардын арасында ар кандай кыйынчылыктарга кабылып, жумуш таба албай жүргөндөрү да көп [7.168., 14-15-б.].

Бул жаатта сурамжылоо үчүн Базар-Коргон айылы алынды. Базар-Коргон айылы Жалал-Абад шаарынан 40 км. алыстыкта жайгашкан жана эң жакын маданий-административдик борбор болуп саналат. Жер үлүштөрүнөн түшкөн киреше калкты толук камсыздай албайт. Калктын көпчүлүк бөлүгү башка облустарга жана мамлекеттерге кетишкен жана кетишүүдө. Эң негизгиси, бүткүл Кыргызстандагы абал сыяктуу эле, жаштар кетүүдө. 16-25 жаштагы сурамжылангандардын жарымынан көбү башка жактарга кетүүнү каалашат.

Базар-Коргон айылынын жашоочуларынын миграциясынын *жүйөсүн* аныктоо максатында *“Эгерде кетүүнү кааласаңыз, эмне себептен кетесиз?”* деген суроо берилди. 50,7% суралгандар - жумушсуздукту көрсөтүшсө, 23,6% - үй-бүлөлүк абалын, 10% - төмөнкү жашоо деңгээлин, 7,3% - окууну, 5,6% - экономикадагы туруксуздукту, 1,4% - улуттар аралык мамилени, 1,4% - турак-жайынын жоктугун көрсөтүшкөн. Жер иштетүүчүлүгү бар райондорго салыштырмалуу бул жердеги суралгандар экономикалык себептерди көрсөтүшкөн. Атап айтканда, көпчүлүк мигранттар аябай чоң суммадагы каражат керектелүүчү салттык иш-чараларды (той, аш ж.б.) өткөрүүүчүн каражат чогултканы кетишет. Ар түрдүү субаймактардагы кыргыздардын социалдык турмушу ар түрдүү. Себеби тоо этектериндегирайондордо айыл-чарбасына караганда мал чарбачылык үстөмдүк кыла баштады. Мисалы, Базар-Коргон айылынын жашоочулары башка райондорго салыштырмалуу салттык иш-чараларды өткөрүүдө айырмаланышат. Мындай учурларда көп сандагы мал союлат. Аш-тойлорго көп каражат кеткендиктен аны таап келүү үчүн башка мамлекеттерге кеткендер арбын. Кээ бирлери аш-тойлорго кошумча кошуудан кыйналганынан да, сарптоону азайтып, каражаттарын чогултуу максатында да сыртка кетүүдө.

Миграциянын жүйөсү сурамжылангандарды жынысы жана башка демографиялык белгилери боюнча айырмалайт. Жашоо шарттарынын төмөн деңгээлинен 69% аялдар жана 31% эркектер жумуш издеп кетүүнү каалашат, 90,3% аялдарды жана 9,7% эркектерди үй-бүлөлүк абал мажбур кылат. Жогорудагы эки жүйөнү аялдардын басымдуу көпчүлүгү тандап алышкан [4.76., 149-150-б.].

16-20 жаш курактагы жаштар кетүү жүйөсү катары окууну жана жумушсуздукту көрсөтүшкөн. Бул эки себепти тандап алган сурамжылангандардын саны бирдей – 32,3%. Жаш курагынын жогорулашы менен сурамжылангандар экономикалык себептерди көрсөтө башташкан. Алар: жумушсуздук, жашоонун төмөн деңгээли, экономикадагы туруксуздук ж.б. Мисалы, 21-29 жаштагы жаштар сыртка чыгуунун себеби катары жумушсуздукту тандап көрсөтүшсө, анда 40-49 жаштагы калктын 49% суралгандар ушул эле себепти (жумушсуздукту) көрсөтүшкөн. Андан жогорку курактагы сурамжылангандардын көпчүлүгүүй-бүлөлүк абалын көрсөтүшкөн. Мисалы, 40-49 жаштагы 12% суралгандар сыртка чыгуунун себеби катары үй-бүлөлүк жана оор финансылык абалын көрсөтүшкөн.

**Жадыбал 4.50.** “Эгерде кетүүнү каалasaңыз, эмне себептен?” деген суроого Базар-Коргон айылынын тургундарынын жүйөлөрү (жынысы боюнча, % менен)[2.9.].

| жынысы боюнча / жүйөлөрү | эркектер | аялдар | баардыгы |
|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 43,8 | 56,1 | 50,6 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 31,0 | 68,9 | 10,0 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 62,5 | 37,5 | 5,5 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 50,0 | 50,0 | 1,39 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 50,0 | 50,0 | 1,39 |
| Билим алуу үчүн | 38,1 | 61,9 | 7,29 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 9,6 | 90,3 | 10,7 |

Суралгандардын ичинен аялдардын 56,1%, эркектердин 43,8% жумушсуздукту көрсөтүшкөн. Жалпысынан 50,6% жумушсуздукту көрсөтүшкөн. 69% аялдар жашоо деңгээлинин төмөндүгүн баса белгилешсе,

62,5% эркектер экономикалык абалдын туруксуздугун көрсөтүштү. Билим алуу үчүн эркектерге караганда аялдардын көп кетип жаткандыгы белгиленди. Башкача айтканда, 62% аялдар, 38,1% эркектер билим алуу үчүн кетип жатышат. 90,3% аялдар үй-бүлөлүк шартка байланыштуу чыгып кетип жаткандыгын белгилешкен. Мындан аялдардын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө активдүүлүгүн көрүүгө болот.

**Жадыбал 4.51.** Базар-Коргон айылынын калкынын миграциясынын жүйөлөрү(жашы боюнча, % менен) [2.9.].

| жашы боюнча / жүйөлөрү | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 7,5 | 21,9 | 19,8 | 13,0 | 10,9 | 15 | 11,6 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 10,3 | 27,5 | 17,2 | 20,6 | 24,1 | 0 | 0 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 0 | 31,2 | 25,0 | 18,7 | 12,5 | 12,5 | 0 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 0 | 50 | 50 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 0 | 0 | 50 | 50 | 0 | 0 | 0 |
| Билим алуу үчүн | 52,3 | 38,1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 9,5 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 19,3 | 32,2 | 12,9 | 9,6 | 12,9 | 6,4 | 6,4 |

21-25 жаш курактагылардын 22%, 26-29 жаштагылардын 19,8% жумушсуздукту көрсөтүшкөн. Демек, бул курактагы жаштар окуу жайларын бүтүп, ушул маселелерге кабылгандар болуп саналат. Жашоо деңгээлинин төмөндүгүн 21-25 жаш курактагылардын 27,5% жана 40-49 жаш курагындагылардын 24,1% көрсөтүшкөн. Экономикалык абалдын туруксуздугун 21-25 жаш курагындагылардын 31,2% жана 26-29 жаш курагындагылардын 25% көрсөттү. Калктын 16-20 жаш курактагы катмарынын 52,3% билим алуу үчүн кетип жатканын көрсөтөт. Негизинен социалдык-экономикалык абалын канааттандыруу максатында кетип жаткандыгына байланыштуу, дээрлик баары үй-бүлөлүк шартка байланыштуу кетип жаткандыгы да билинди.

**Жадыбал 4.52.** Базар-Коргон айылынын калкынын миграциясынын жүйөлөрү(үй-бүлөлүк абалы боюнча, % менен) [2.9.].

| үй-бүлөлүк абалы / жүйөлөрү | бойдок | үй-бүлөлүү | ажырашкан | жесир |
|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 19,8 | 69,8 | 6,1 | 4,1 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 17,2 | 58,6 | 24,1 | 0 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 25,0 | 62,5 | 12,5 | 0 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 50 | 50 | 0 | 0 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 50 | 50 | 0 | 0 |
| Билим алуу үчүн | 80,9 | 19,0 | 0 | 0 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 48,3 | 38,7 | 6,4 | 6,4 |

Негизинен үй-бүлөлүүлөрдүн түйшүгү оор эмеспи. Аларда турмуш-тиричиликке байланыштуу түйшүктөр бойдокторго, ажырашкандарга жана жесирлерге караганда үстөмдүк кылат. Үй-бүлөлүүлөрдүн 69,8% жумушсуздукту белгилешкен. Ошол эле мезгилде үй-бүлөлүүлөрдүн 58,6% жашоо деңгээлинин төмөндүгүн, 62,5% экономикалык абалдын туруксуздугун көрсөтүшкөн. Бойдоктордун 81% билим алуу үчүн кетип жаткандыгын белгилешкен.

**Жадыбал 4.53.** Базар-Коргон айылынын калкынын миграциясынын жүйөлөрү(билим деңгээли боюнча, % менен) [2.9.].

| билим деңгээли / жүйөлөрү | Жогорку | бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 54 | 40,8 | 36,7 | 55 | 69,2 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 12,1 | 14,3 | 6,7 | 4,7 | 8 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 8,3 | 2 | 13,3 | - | - |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 3 | - | - | - | - |
| Турак-жайдын жоктугунан | 1,5 | 4,8 | - | - | - |
| Билим алуу үчүн | 2,3 | 22,4 | 6,7 | 6,2 | 7,7 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 5,3 | 12,2 | 13,3 | 22 | - |

Жадыбалда (4.53.) көрүнүп тургандай, сурамжылангандардын билим деңгээли миграциянын жүйөсүн тандоодо өз таасирин тийгизет. Демек,

жогорку билимдүүлөрдүн 54% жумушсуздуктун айынан иштеп келүүүчүн сыртка чыгууну каалашса, жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн - 12,1%, экономикалык абалдын туруксуздугунан - 8,3%, улуттар аралык мамиленин начарлашынан - 3% каалайт. Толук бүтпөгөн жогорку билимдүүлөр үчүн сыртка чыгуунун негизги себеби болуп жумушсуздук эсептелсе (40,8%), билим алуу үчүн (22,4%), жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн (14,3%) көрсөткөн. Атайын орто билимдүүлөрдүн арасында жумушсуздукту аз гана сурамжылангандар белгилешкен. Мунун себеби, мындай орто билим деңгээлиндеги адамдардын жумуш табуусу оңой. Ал атайын орто жана профессионалдык-техникалык окуу жайларынын ишмердүүлүгүнүн жакшырышы менен башланыштуу болушу да мүмкүн. Ал эми орто жана бүтпөгөн орто билимдүүлөр үчүн сыртка чыгуусунун негизги жүйөсү жумушсуздук, жашоо деңгээлинин төмөндүгү жана үй-бүлөлүк шартка байланыштуу (22%) деп көрсөтүшкөн.

Сурамжылоонун материалдарын талдаганда, миграциянын эң негизги жүйөсү болуп *жумушсуздук* белгиленди. Аны бардык билим деңгээлиндеги сурамжылангандар тандап алышкан. Улуттар аралык мамиленин начарлашынан деген себепти сурамжылангандардын 3% жогорку билимдүүлөр гана көрсөтүшкөн. Бул облустагы жерге болгон мамиледен келип чыгат десек жаңылышпайбыз. Себеби, фермерлер гана ушул себепти көрсөтүшкөн. Жергиликтүү фермерлер менен аңгемелешүүдө алар башка улуттун өкүлдөрүнө жер сатууга каршы чыгышты. Өзгөчө Жалал-Абад шаарынын тегерегинде жалаң гана өзбектер эң жакшы жерлерди сатып алышканын билдиришти. Баса белгилеп кетүү зарыл, өзбек улутунун салыштырмалуу салмагы шаарда да, айылда да жогорулап баратат, ал эми кыргыздардын саны салыштырмалуу жай өсүүдө.Сурамжылануучуларга *“Эгерде кетүүнү каалаптаңыз, эмне себептен?”* деген суроо берилди жана жыйынтыгында чоң кызыгууну жараткан төмөнкү материалдар алынды.

**Жадыбал 4.54.** “Эгерде кетүүнү кааласаңыз, эмне себептен?” деген суроого Жалал-Абад облусунун жашоочуларынын жооптору (жынысы боюнча, % менен) [2.8].

| жынысы боюнча / жүйөлөрү | эркектер | аялдар | баардыгы |
|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 40,9 | 59,0 | 49,8 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 47,1 | 52,8 | 11,1 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 63,6 | 36,3 | 4,6 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 50,0 | 50,0 | 0,8 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 40,0 | 60,0 | 2,1 |
| Билим алуу үчүн | 32,6 | 67,3 | 10,3 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 27,6 | 72,3 | 9,8 |

Облустагы суралган аялдардын 59% жумушсуздуктун айынан кеткенин айтса, эркектердин 63,6% экономикалык абалдын туруксуздугунан кетүүнү каалашат. Турак-жайдын жоктугунан аялдардын 60%, ал эми эркектердин 40% кетүүнүн себеби катары көрсөтүшкөн. Эркек балдарга караганда кыздардын 67,3% билим алуу үчүн кетип жатканын белгилейт. Ошол эле мезгилде аялдардын ичинен 72,3% үй-бүлөлүк шартка байланыштуу кетип жатканын айтышкан.

**Жадыбал 4.55.** Жалал-Абад облусунун калкынын миграциясынын жүйөлөрү (жашы боюнча, % менен) [2.8.].

| жашы боюнча / жүйөлөрү | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 14,3 | 23,6 | 21,5 | 9,7 | 10,1 | 11,8 | 8,8 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 5,6 | 37,7 | 20,7 | 22,6 | 13,2 | 0 | 0 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 0 | 40,9 | 18,1 | 13,6 | 18,1 | 9,0 | 0 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 0 | 50 | 50 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 20,0 | 0 | 40,0 | 20,0 | 0 | 20,0 | 0 |
| Билим алуу үчүн | 34,6 | 44,9 | 12,2 | 0 | 0 | 0 | 8,1 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 21,2 | 25,5 | 12,7 | 10,6 | 17,0 | 8,5 | 4,2 |

Жалпы облус боюнча 21-25 жаш курактагы суралгандардын 23,6% жумушсуздукту көрсөтүшкөн. Ушул эле курактагы суралгандардын 37,7% жашоо деңгээлинин төмөндүгүн, 41% экономикалык абалдын туруксуздугун, 44,9% билим алуу үчүн кетип жаткандыгын жана 25,5% үй-бүлөлүк шартына байланыштуу кетүүнү каалагандыгын белгилешет.

**Жадыбал 4.56.** Жалал-Абад облусунун калкынын миграциясынын жүйөлөрү (үй-бүлөлүк абалы боюнча, % менен) [2.8.].

| үй-бүлөлүк абалы / жүйөлөрү | бойдок | үй-бүлөлүү | ажырашкан | жесир |
|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 29,5 | 62,4 | 5,4 | 2,5 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 32,0 | 54,7 | 13,2 | 0 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 36,3 | 54,5 | 9 | 0 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 50 | 50 | 0 | 0 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 20,0 | 80,0 | 0 | 0 |
| Билим алуу үчүн | 79,5 | 20,4 | 0 | 0 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 44,6 | 42,5 | 8,5 | 4,2 |

Үй-бүлөлүк абалы боюнча бойдоктордун 29,5% жана үй-бүлөлүүлөрдүн 62,4%, ажырашкандардын 5,4% жумушсуздукту көрсөтүштү. Чындыгында жумушсуздук дээрлик облус боюнча күчөдү. Үй-бүлөлүк абалы боюнча баары негизги жүйө катары жумушсуздукту белгилешти. Үй-бүлөлүүлөрдүн 54,5% жана бойдоктордун 36,3% экономикалык абалдын туруксуздугун белгилешкен. Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн деп бойдоктордун 32%, үй-бүлөлүүлөрдүн 54,7% тургуну белгилеген. Көпчүлүк сурамжылануучулар: бойдоктордун 36,3%, үй-бүлөлүүлөрдүн 54,5%, ажырашкандардын 9% экономикалык абалдын туруксуздугун белгилешкен. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу деп бойдоктордун 44,6%, үй-бүлөлүүлөрдүн 42,5%, ажырашкандардын 8,5% көрсөткөн.Турак-жай маселеси үй-бүлөлүүлөрдүн орчундуу маселелеринин бири экендиги айгинеленди. Себеби 80% үй-бүлөлүүлөр турак-жайынын жоктугун белгилеген. Облус боюнча 79,5% бойдоктор билим алуу үчүн кетип жатышат. Бул кадимки эле көрүнүш. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу бойдоктордун 44,6% жана үй-бүлөлүүлөрдүн 42,5% кетип жатышат.

**Жадыбал 4.57.** Жалал-Абад облусунун калкынын миграциясынын жүйөлөрү (билим деңгээли боюнча, % менен) [2.8.].

| билим деңгээли боюнча / жүйөлөрү | Жогорку | бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 31,4 | 14,7 | 7,3 | 18,2 | 4,1 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 32,8 | 20,5 | 5,4 | 12,3 | 1,3 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 41,9 | 16,1 | 12,9 | 0 | 0 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 50,0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 28,5 | 14,2 | 0 | 28,5 | 0 |
| Билим алуу үчүн | 16,0 | 58,9 | 3,5 | 7,1 | 1,7 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 22,9 | 25,0 | 20,8 | 29,1 | 0 |

Облус боюнча жогорку билимдүүлөрдүн 31,4% жумушсуздукту көрсөтүштү. Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн кетип жатканын жогорку билимдүүлөрдүн 32,8% белгиледи. Экономикалык абалдын туруксуздугунан кетип жаткандыгын суралган жогорку билимдүүлөрдүн 42% белгиледи. Билим деңгээли боюнча алып караганда облуста жогорку билимдүүлөр оор шарттарды баштарынан кечиришүүдө.

Биз жүргүзгөн изилдөөлөргө көрсөткөндөй, *биринчиден*, республиканын башка аймактары сыяктуу эле облустагы калктын түндүккө карай агылуусу байкалган. Бишкек, Ош шаарлары жана Чүй облусу ички миграция үчүн жагымдуу орундар болуп саналууда.

*Экинчиден,* облустагы субаймактарда калктын кыймылынын “тоолордон – түздүктүү жерлерге” карай агылуусу байкалган. Тактап айтканда, жашоо жеңилирээк деп эсептелген жарым тоолуу жана түздүктүү аймактарга көчүшүүдө.

*Үчүнчүдөн*, туулган жерлеринен башка жактарга көчүп кетүүнү ойлогон жана ага даяр адамдар облустагысурамжылоого алынгандардын жарымына жакынын түздү.

Облуста миграция жалпы социалдык-экономикалык кризис фонунда жүрдү. Рынок экономикасына өтүү шарттарындагы социалдык-экономикалык

жана саясий кырдаалдын өнүгүү мезгилиндеги миграциялык жүрүмдөр карама-каршылаш жана туруксуз. Ал мигранттардын рыноктук кайра курууларднын динамикасы, жумуш менен камсыз болуу чөйрөсүндөгү кырдаал, жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү, калктын жашоо деңгээлинин аймактык айырмачылыктары менен аныкталат.

Миграциянын себептеринин түзүмүндө ачык-айкын байкалган белгилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Союздун таралышы менен байланышкан *психологиялык факторлордун* таасири басаңдап, *экономикалык факторлордун* таасири жогорулаган.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен Кыргыз Республикасында жашоону демократиялаштырууга карата мамлекеттик саясаттын багыты жарыяланды. Эгемендүүлүктүн шарты саясий аң-сезимдин өсүүсүнө оң таасирин тийгизди. Ата мекенди кадырлоо сезимин жана тагдырдын астындагы жоопкерчилик сезимин ойготту[7.164.]. Бирок, 1990-1994-жылдардын аралыгында 60% өндүрүштүк ишканалар кыскарды, ал эми айыл-чарба продукциясын өндүрүүүчтөн бирге (же 35%) азайган. Мүлктүк катмарларга тез жана белгилүү деңгээлде бөлүнүү социалдык чыңалууну күчөтөт, коомдо кылмыштуулук өсөт.Облус боюнча бирөөнүн багуусунда болгон калктын көрсөткүчү жогору, себеби 18 жашка чейинки курактагы калк да жогорудагы категорияга кирет. Ал эми калктын 30% азыраагы эмгекке жарамдуу калк болуп саналат.

Негизинен майда коммерсанттар, ишкерлер, интеллигенция, врачтар жана педагогдор көчүп кетишүүдө. Миграциялык кызматтын маалыматтарына караганда миграциянын жаш курагы кескин жашарды. Эгерде 90-жылдары Россияга туугандарына, балдарына карай улуу курактагы адамдар кетишсе, учурда 1965-1970-жылы төрөлгөн жарандардын дээрлик баары көчүүгө даяр жана көчүшүүдө.

Миграциялык кызматтын өкүлдөрү түшүндүрүү иштерин кеңири жүргүзүшүүдө. Алар Россиядагы жана башка чет мамлекеттердеги иштөө, жашоо шарттарын түшүндүрүп берүүгө аракет жасашып, анда туш боло турган кыйынчылыктарды, оор  шарттарды айтып берүүгө далалантанышуудa. Өзгөчө

жашоо, эмгекке орношуу жана тил маселелери жана андагы бир топ экономикалык оор абалдар боюнча түшүндүрүшөт. Чындыгында көчүп барган адамдар менталитеттердин айырмачылыгынан жаңы чөйрөгө адаптациялана албайт жана өздөрү каалаган жыргал турмуш жана моралдык комфортко ээ болуусу кыйын.

1989-жылдан 1999-жылга чейинки этапта Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан өндүрүштүк чөйрөдө чечкиндүү реформалар жүргүзүлдү. Бардык ишканалар өнүгүү жана конкуренция үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында менчиктештирилди. Анын негизинде жаңы акционердик коомдор, жеке ишканалар, фирмалар пайда болду. Мурдагы өнөр-жай ишканалары банкротко учурап, жабылууга дуушар болду.

Эгерде инженердик-техникалык жумушчулардын жана квалификациялуу кадрлардын 70% орус тилдүү калкты түзгөндүгүн эске алсак, анда мурунку өндүрүштүк объекттердин жабылуусу орус тилдүү кадрларга түздөн-түз таасирин тийгизген. Мамлекеттин өнүгүүсү жана бекемдүүлүгүнүн негизи өндүрүш экендигине карабастан биздин өкмөт тарабынан тийиштүү иш-чаралар көрүлбөй жатат. Бул калктын миграциясына таасирин тийгизет.

**Жадыбал 4.59.** Облустагы калктын башка мамлекеттерге болгон миграциясы (келгендер, кеткендер, миграциялык өсүү, кемүү (-). адам) [3.25., 286-287-б.].

| Жалал-Абад облусу | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы келгендердин саны | 397 | 304 | 782 | 303 | 416 |
| Жалпы кеткендердин саны | 2877 | 4497 | 10317 | 5089 | 4188 |
| **Миграциялык өсүү, кемүү (-)** | **-2480** | **-4193** | **-9535** | **-4786** | **-3772** |
| Анын ичинен Россиядан келгендер | 327 | 263 | 717 | 259 | 372 |
| Анын ичинен Россияга кеткендер | 2679 | 4322 | 10125 | 4960 | 4048 |
| **Миграциялык өсүү, кемүү (-)** | **-2352** | **-4059** | **-9408** | **-4701** | **-3676** |
| Анын ичинен Казахстандан келгендер | 12 | 6 | 15 | 7 | 14 |
| Анын ичинен Казакстанга кеткендер | 93 | 91 | 99 | 63 | 88 |
| **Миграциялык өсүү, кемүү (-)** | **-81** | **-85** | **-84** | **-56** | **-74** |

Жадыбалда (4.59.) тышкы миграциянын багыты көрүнүп турат. Тышкы миграция негизинен Россия, Казахстанга багытталгандыгы байкалат. Эң негизгиси, башка мамлекеттерге кетүүгө мажбур болгон мигранттарыбыз ал өлкөлөрдүн жарандыгын алышып, мекенине кайтып келүүгө далалаттанбаганы өкүндүрүүдө [6.152.].

Калктын Россияга кетүүсүнүн эң негизги себеби – бул Кыргызстандагы экономикалык абал болуп саналат. Башкача айтканда, жумушсуздуктун кескин түрдө өсүүсү, адистерге талаптын жоктугу, келечектеги белгисиздик, татыктуу билим алуудагы татаалдыктар. Орус тилдүү калк Кыргызстандагы жакынкы келечекте экономикадагы баш аламандыкты жеңүүсүнө, өз эли үчүн жакшы шарттарды түзүп берип, бутуна туруп кетүүсүнө ишенбейт. Алар Россияга көчүүгө умтулушууда, Россия – кең жана анда окууга, жашоого жана эмгектенүүгө мүмкүнчүлүктөр бар деп эсептешет.

Элдер көп нерселерден кооптонууда. Өзгөчө түштүктөгү калк кайрадан ар кандай диний жана этникалык кырдаалдын курчуп кетишинен алдын ала чочулашат. Ошондуктан облустан жана андагы шаарлардан жогорку квалификациялуу адистер, куруучулар, инженердик-техникалык жумушчулар эмиграциянын алгачкы толкунунда чыгып кетишкен. Эл көп көчүп кеткен аймактарынын бири болуп Таш-Көмүр шаары эсептелет. Таш-Көмүр шаары ички миграциянын натыйжасында гана миграциялык балансын сактап келет жана айыл калкы үчүн шаар азыркы мезгилде дале болсо өзүнө тартып жатат. Облуста миграция жалпы социалдык-экономикалык кризистин фонунда жүрдү. Рынок экономикасына өтүү шарттарындагы социалдык-экономикалык жана саясий кырдаалдын өнүгүү мезгилиндеги миграциялык жүрүмдөр карама-каршылаш жана туруксуз. Ал мигранттардын рыноктук кайра куруулардын динамикасы, жумуш менен камсыз болуу чөйрөсүндөгү кырдаал, жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү, калктын жашоо деңгээлинин аймактык айырмачылыктары менен аныкталат.

Ички миграцияга токтолсок, облустагы шаарлардан негизинен интеллигенция жана жумушчулар кетишкен. Ал орундар жакынкы

райондордон келген адамдар менен толукталган. Жалпысынан, облустагы шаарлар боюнча аймактар аралык миграциялык баланс дурус боюнча калууда.

Учурда ички миграциянын өнүгүүсүндө белгилеп кетүүчү нерсе, бул кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Ош, Бишкек, Жалал-Абад сыяктуу ири шаарларга жана Чүй облусунун райондоруна багытталып кетүүсү.

**Жадыбал 4.58**. Жалал-Абад облусунун калкынын 1991-1997-жылдардагы ички (облустар аралык) миграциясы[3.13.,3.14., 3.15., 3.16., 3.17., 3.18., 3.19.].

| Жылы | Келгендердин саны | Кеткендердин саны | Миграциялык өсүү, кемүү (-) |
|---|---|---|---|
| 1991 | 4032 | 4998 | -966 |
| 1992 | 3268 | 4012 | -744 |
| 1993 | 2223 | 3457 | -1234 |
| 1994 | 1893 | 4382 | -2489 |
| 1995 | 1398 | 3742 | -2344 |
| 1996 | 1270 | 3028 | -1758 |
| 1997 | 1069 | 2918 | -1849 |

Жадыбалда (4.58.) көрүнүп тургандай, 1991-жылдан 1997-жылга чейин ички миграциянын натыйжасында облустагы калктын саны өспөдү жана жалаң кемиди. Өзгөчө 1994-жылы облус өзүнүн 2489, 1995-жылы 2344 адамын жоготту. Жыйынтыгында ички миграциянын натыйжасында бир топ адамын жоготту. Калктын санынын өзгөрүүсүнө миграциянын тийгизген таасири ар аймакта ар түрдүү. Анын натыйжасында кээ бир аймакта калктын саны азайса, ири шаарлардын көпчүлүгү мигранттардын толукталышынын эсебинен көбөйүүдө. Мигранттар жер которууда бир нече кыйынчылыктарды баштан кечиришет: жаңы шарттарга адаптацияланышат, башка турмуш шарттарына өтүшөт, жаңы кесиптик ыктарга ээ болушат, жаңы достук, ишкердик мамилелерин жана карым-катнаштарын калыптандырышат. Булар мигранттарга ар түрдүү таасир этип, кээде адаптацияланбаган көчүп жүрүүчүлөрдү өз жерине кайтууга мажбурлайт. Айылдардан шаарга болгон миграция агымы айылдагы

калктын санынын өсүшү, башкача айтканда, айыл калкындагы жергиликтүү улуттун төрөлүү деңгээли жогорулаганда гана күчөшү мүмкүн. Ошондой эле, салттуу түрдөгү жашоо образынын өзгөчөлүгү да таасирин тийгизет. Мисалы, айыл калкынын, анын ичинде өзгөчө аялдардын миграциялык кыймылы өзбек, тажик, түркмөндөрдө төмөн болсо, орус, украин, татарларда анын жогору болгондугу байкалат.Айылдан шаарга көчүүнүн төмөндүгү айылдагы жергиликтүү улуттун жаштары, биринчиден, айылдагы жашоо образына көнүп калгандыгына, экинчиден, тууган-туушкандык жана коңшулук мамилелердин күчтүүлүгүнө, үчүнчүдөн, орус тилинде эркин сүйлөй албагандыгына, төртүнчүдөн, кээ бир улуттагы жаштардын эрте никелешүү жана көп балалуулук салтына байланыштуу.Айылдан шаарга көчүү жүрүмдөрү, негизинен, ири шаарларга жогорку билим алуу максатында көчүүсү менен да байланышкан.

Жыйынтыктап айтканда, миграциянын натыйжасында славян элдери гана эмес, кыргыздардын сыртка миграциясы күчөдү. Эмгек миграциясынын багыты менен кыргыздар өзгөчө Россия жана Казахстанга, алыскы чет мамлекеттерге иштөө үчүн көчүп кетип, андан ары барган жерлеринде туруктуу жашап калуусу күтүлүүдө. Натыйжада, алар кыргыздардын диаспораларындагы санын көбөйтүүдө. Жакынкы он жылдыкта бул мүнөздүү багыт уланат деген ойдобуз.

### 4.2. Облустагы миграциялык жүрүмдөрдүн этникалык жагы

Калктын миграциясы өлкөбүздүн экономикалык, социалдык, демографиялык жана этникалык жүрүмдөрүнө белгилүү деңгээлде таасирин тийгизет. Ар түрдүү улуттагы элдердин жер которуусу, өлкөнүн аймагындагы элдердин жайгашуусундагы өзгөрүүлөргө шарт түзөт. Башкача айтканда, шаардын жана айылдын социалдык жана улуттук түзүлүшүн өзгөртөт, улуттар аралык мамилелердин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, улуттардын ортосундагы аралаш никелердин көбөйүшүнө алып келет. Ошондой эле мигранттар көчүп келген чөйрөгө өз улутунун психологиясынын, маданиятынын, тилинин, турмуш-тиричилигинин кээ бир элементтерин өздөрү менен кошо алып келишет.

Статистикалык маалыматтарга таянсак, Жалал-Абад облусундагы калктын миграциясы акыркы мезгилдерде кээ бир этникалык өзгөчөлүктөргө ээ болду. Кыргыз Республикасы КМШ өлкөлөрү менен мамлекеттик чек араларын салыштырмалуу ачык кармагандыктан, ошондой эле иммиграциялык контролдун жетишсиздигинен, мыйзамсыз мигранттардын ыксыз көбөйүп кетишине, акыры келип түштүк аймактарындагы эл аралык уюшкан бандалык топтордун кирип келишине түрткү болду. Андыктан, мамлекеттик деңгээлде чек ара маселеси боюнча олуттуу иш-чараларды жүргүзүү зарылчылыгы туулду.

Жогоруда, биз белгилегендей, Жалал-Абад облусунун аймагында 80 ден ашуун улут жашайт. Миграциялык жүрүмдөрдүнжана демографиялык абалдын начарлаганынын натыйжасында, акыркы он жылдыкта облуста калктын курамында улуттук өзгөрүүлөр болгон. Кыргыз улутунун саны 154,2 миң адамга өскөн же 34 %, өзбектер 36,3 миң же 21% га өскөн. Облустагы жалпы калктын 1999-жылы 70% ын кыргыздар түзгөн. 1989-жылы 61%ды гана түзгөн эле. Мындан шаар жергесиндегилер 1999-жылы 64% ды, айыл жергесиндегилер 72% ды түзгөн. Ушуну менен бирге эле эмиграцияга байланыштуу орустардын саны үч эсеге же 36,1 миңге төмөндөгөн. Татарлар 2,3 % га же алты миңге,

немецтер 6,6 эсеге же 3,8 миңге, украиндер 3,9 эсеге же жети миңге, күрддөр 3,8 эсеге же алты миңге төмөндөгөн.  1990-жылы облустан дээрлик бардык крымдык татарлар көчүп кетишкен [3.29.,12-б.].

Өзгөчө белгилеп кетчү кырдаал – бул мигранттардын улуттук курамы. Жалпысынан алганда аларды үч топко бөлсөк талапка ылайык болот:

1. Миграциялык кыймылы жогору улуттар: орус, татар, украиндер;
2. Миграциялык кыймылы орто улуттар: кыргыз, уйгур, түрктөр;
3. Миграциялык активдүүлүгү төмөн улуттар: өзбек, тажик, түркмөн, армян, белорус, азербайжан, корей ж.б.

Жогоруда байкалгандай, көпчүлүк улуттун өкүлдөрү көнүмүш болуп калган негизги жашаган аймагынын чегинде көчүп жүрүшөт. Ал мүнөздүү багыт акыркы мезгилдерде белгилүү деңгээлде күчөдү. Мурунку союздук республикалардын ортосундагы келүү жана кетүү агымдары токтоду десек да болот. Себеби бардык аймактардын жашоо деңгээлиндеги айырмачылыктар азайды. Болгону жумуш издөө максатында Россияга, Казахстанга көчүү токтобой келет [7.159.,5-б.].

Акыркы мезгилдердеги миграциянын натыйжасында жергиликтүү улуттун өкүлдөрү өсүп, башка улуттун өкүлдөрүнүн саны азайды. Мисалы, орустар, украиндер, белорустар, татарлар кескин түрдө азайды. Ошол эле учурда, мигранттардын көпчүлүгү кыргыздар экенин айтпай кетүүгө болбойт.

Ошентип, миграциялык агымга дээрлик бардык улуттун өкүлдөрү дуушар болушууда. Ал эми мигранттардын этникалык жагын изилдөө азыркы учурдун талабына ылайык. Негизинен калктын аймактык жайгашуусун прогноздоодо,эмгек ресурстарын жайгаштырууда негизди ролду ойнойт. Мындай изилдөөлөр калктагы миграцияга дуушар болгон башка улуттардын бөлөк жаратылыштык, социалдык чөйрөгө гана эмес, жаңы этникалык чөйрөгө да көнүүгө шарт түзөт.

**Жадыбал 4.60.** Жалал-Абад облусундагы улуттар боюнча калктын миграциясы (1999-2002-жж.) [3.22., 301-302-б.].

| жылдар / улуттар | 1999 | 1999 | 2000 | 2000 | 2001 | 2001 | 2002 | 2002 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Келүү | Кетүү | Келүү | Кетүү | Келүү | Кетүү | Келүү | Кетүү |
| кыргыздар | 4523 | 4298 | 3712 | 4909 | 3069 | 4354 | 3281 | 4967 |
| өзбектер | 814 | 516 | 65 | 866 | 527 | 760 | 618 | 976 |
| орустар | 251 | 1026 | 209 | 890 | 184 | 851 | 170 | 927 |
| татарлар | 113 | 443 | 104 | 360 | 93 | 274 | 64 | 381 |
| украиндер | 51 | 187 | 39 | 153 | 40 | 202 | 39 | 176 |
| уйгурлар | 27 | 49 | 12 | 28 | 19 | 23 | 17 | 33 |
| тажиктер | 19 | 46 | 16 | 25 | 13 | 17 | 16 | 24 |
| казактар | 17 | 57 | 14 | 40 | 18 | 56 | 15 | 43 |
| түрктөр | 14 | 7 | 6 | 6 | 6 | 10 | 34 | 142 |
| корейлер | 9 | 18 | 4 | 10 | 7 | 19 | 10 | 3 |
| азербайжандар | 7 | 9 | 11 | 13 | 6 | 6 | 1 | 1 |
| түркмөндөр | 3 | 5 | - | - | - | - | - | - |
| немецтер | 2 | 117 | 7 | 62 | 3 | 48 | 8 | 64 |
| белорустар | 1 | 16 | 4 | 6 | 2 | 1 | 2 | 8 |
| армяндар | - | 23 | - | 2 | 2 | 5 | 1 | 7 |
| башка улуттар | 34 | 204 | 33 | 137 | 24 | 117 | 35 | 150 |

Жадыбалга (4.60.) талдоо жүргүзө турган болсок, 1999-2002-жылдары төмөнкүдөй өзгөрүүлөр болуп өттү: м*играциялык активдүүлүгү жогору* улуттар: орустар (17930 адам) жалпы калктын 2,1% ын түзөт. Биз иликтеп жаткан мезгилдин ичинде облустун аймагына 814 орус келген болсо, 3694 орус кетип, терс сальдо 2880 адамды түзүп, ал облуста жашаган жалпы орус калкынын 20,6% ын түзгөн. Татарлар (6933 адам) облустагы жалпы калктын 0,8% ын гана түзөт. Ошого карабастан аларда да миграциялык активдүүлүк жогору экендиги төмөндөгү цифралардан көрүнүп турат: келген татарлар - 374, кеткендер - 1458, б.а. келгендерге караганда кеткендердин саны төрт эседей жогору. Украиндер (2463 адам) жалпы калктын 0,3% ын түзөт. Келген украиндер - 169 адам, кеткендер - 718 адам болду. Ошентип, терс сальдо - 549 адамды же 29,15% ды түздү. Демек, миграциялык агым украиндерде - 29,15%, татарларда - 21,02%, орустарда эң күчтүү - 20,6%.

*Миграциялык агымы орто улуттар:* кыргыздар жалпы калктын (607036 адам) 69,8% ын түзөт. Төрт жылдын ичинде келген кыргыздар - 14585, кеткендер - 18528 адам болуп, терс сальдо - 3943 адамды (3,05%) түзгөн.

Уйгурлар (3776 адам) жалпы калктын 0,4% ын түзөт. Келген уйгурлар - 75 адам, кеткендер - 133 адам болду. Мында терс сальдо 58 адам болуп, ал 3,52% түздү. Түрктөр (4842 адам) жалпы калктын 0,6% ын түзөт. Келген түрктөр - 60 адам, кеткендер - 165 адам болду. Ошентип терс сальдо - 105 адам же 3,4% ды түздү.

*Миграциялык агымы төмөн улуттар:* өзбектер (212030 адам) жалпы калктын 24,4% түзөт. Төрт жылдын ичинде облустун аймагына келген өзбектер 2024, кеткендер 3118 адам болуп, терс сальдо 1094 адамды (1,5%) түзгөн. Тажиктер (5236 адам) жалпы калктын 0,6% түзөт. Келген тажиктер 64 адам, кеткендер 112 адам болду. Терс сальдо 48 адам (2,13%) болду.

Жалпы миграциялык активдүүлүк украиндерде – 36,0%, татарларда - 26,4%, орустарда – 25,1%, уйгурларда – 5,5%, кыргыздарда – 5,4%, түрктөрдө – 4,6%, тажиктерде - 3,3% жана өзбектерде - 2,4%. Миграциялык пассивдүүлүк өзбектерден байкалат. Демек, башка улуттарга караганда Кыргызстанда өзбектер бир топ ыңгайлуу шартта жашап жаткандыгы көрүнүп турат.

Облустагы орус калкынын 88% шаарларда, 12% айыл жерлеринде жашашат. Облуста жалпы калктын ичинен орустардын үлүшү 2,1% ды түзөт. Мындан шаарларда 7,9%, айылдарда 0,3%. Облустагы калктын орточо жашы 24 жашты түзгөн. Мындан орточо жаш кыргыздарда - 23,1 жаш, өзбектерде - 24,1 жаш, орустарда - 39,2 жаш, татарларда - 39 жаш, украиндерде - 49,4 жашты түзөт.

Көп улуттуу өлкөлөр үчүн тил маселеси эң орчундуу маселелердин бири. Себеби, тил баарлашуу каражаты болуу менен бирге, этностун эң негизги белгиси жана элдин маданиятынын элементи болуп саналат.

Бир элдин тарыхын, маданиятын, каада-салтын, үрп адатын таанып билүү үчүн, алгач ошол элдин тилин билүү керек. Тил-ал элдин тарыхын, маданиятын, каада-салтын таанып билүүдөгү эң негизги курал, ал элдин жүрөгүнүн эшигин ача турган ачкыч. Тил - улуттун жүзү. Башка улуттун өкүлү биздин маданиятыбызды, тарыхыбызды, каада-салтыбызды таанып билгиси

келсе, жүрөгүбүздүн эшигин ачкысы келсе, эне тилибизди эне тил деп таанышы керек [7.157. 32-33-б.].

Кыргыз Республикасында кыргыз тили мамлекеттик тил жана орус тилине расмий тил катары статус берилген [1.4.]. Жалпы калктын ичинде кыргыздар, өзбектер жана орустардын басымдуу көпчүлүгү (99% жогору) өз улутунун тилин эне тили катары таанышкан. Көпчүлүк татарлар (79,0%), тажиктер (81,2%), да өз улутунун тилин эне тили катары таанышкан. Ошондой эле, кээ бир улуттун өкүлдөрү (уйгур, түрк) эне тили катары кыргыз же өзбек тилин көрсөтсө, көпчүлүк татарлар жана украиндер эне тили катары орус тилин тандап алышкан.

“Калкынын саны беш миллион болуп туруп мамлекетинде өз тилин колдонгон 5-6 эле мамлекет бар. Азыркы күндө тилди сактоо – мамлекетти сактоо менен барабар түшүнүк. Ошондуктан тилди сактоого өзгөчө мамиле кылышыбыз зарыл”, - дейт Каныбек Иманалиев талкуулардын биринде [7.160., 8-11-бб.]. Тил боюнча суроолор көп улуттуу өлкөдө аябай зарыл, тиги же бул элдин өзгөчө бир белгиси. Ошондой эле анын адебинин зарыл элементи. Ошондуктан бул бөлүктө калктын бөлөк улуттун эне тилин жана башка тилдерди өздөштүрүүсү көрсөтүлгөн.

Кыргыз тили республикада мамлекеттик тил болсо да, орус тилине официалдуу статус берилген [1.5.]. Дээрлик бардык калк кыргыздар, өзбектер, орустар эне тилин өзүнүн улуттук тили деп таанышкан. Көбүнчө татарлар 79%, тажиктердин 80% эне тилин улуттук тил дешет. Татар жана украиндерде эне тили көбүнчө орус тили болуп саналат. Жалал-Абад облусунда 15 жаш жана андан жогорку жаштар 235,6 миң адам же 46% калк башка тилде сүйлөшөт, өзбектер жалпы саны боюнча 15 жаш жана андан жогорку жаштар башка тилдерде сүйлөшөт. 45,8 миң адам же 62% кыргыз тилинде, 52,4 миң адам же 71% орус тилинде сүйлөшөт. Татарлардын дээрлик бардыгы, ушул жаштагылары экинчи тили орус тили деп эсептешет. Мындан 34% татарлар кыргыз тилинде сүйлөй алышат.

**Жадыбал 4.61**. Жалал-Абад облусунун тил боюнча көрсөткүчү (2009-жылга карата) [3.33.,102-б.].

| Улуттар | Бардык калк | Анын ичинде эне тили катары көрсөткөндөр | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | өз улутунун тили | % | кырг тили | % | өзбек тили | % | орус тили | % | башка лар | % |
| Бардык калк, анын ичинде | 1009889 | 998093 | 98,8 | 4932 | 0,4 | 3893 | 0,3 | 1951 | 0,1 | 1020 | 0,1 |
| кыргыздар | 725321 | 724649 | 99,9 | - | - | 476 | 0,06 | 164 | 0,02 | 32 | 0,004 |
| өзбектер | 250748 | 248271 | 99,0 | 1998 | 0,7 | - | - | 188 | 0,07 | 291 | 0,11 |
| орустар | 9120 | 9052 | 99,2 | 50 | 0,5 | 14 | 0,1 | - | - | 4 | 0,04 |
| түрктөр | 5842 | 2300 | 39,3 | 1479 | 25,3 | 1738 | 29,7 | 30 | 0,5 | 295 | 5,0 |
| тажиктер | 5642 | 4752 | 84,2 | 344 | 6,0 | 527 | 9,3 | 16 | 0,2 | 3 | 0,05 |
| татарлар | 3694 | 2916 | 78,9 | 129 | 3,4 | 61 | 1,6 | 585 | 15,8 | 3 | 0,08 |
| уйгурлар | 3271 | 1926 | 58,8 | 399 | 12,1 | 912 | 27,8 | 32 | 0,9 | 2 | 0,06 |
| курддар | 1902 | 1847 | 97,1 | 1 | 0,05 | 28 | 1,4 | 26 | 1,3 | - | - |
| азербайжандар | 996 | 656 | 65,8 | 9 | 0,9 | 1 | 0,1 | 21 | 2,1 | 309 | 31,0 |
| украиндер | 789 | 321 | 40,6 | 11 | 1,3 | 11 | 1,3 | 445 | 56,4 | 1 | 0,1 |
| казактар | 692 | 492 | 71,0 | 164 | 23,6 | 7 | 1,0 | 26 | 3,7 | 3 | 0,4 |

Жалпысынан облуста 725,3 кыргыз болсо, анын ичинде 99,9% кыргыз эне тили катары кыргыз тилин көрсөтүшкөн, ал эми 0,06% өзбек тилин, 0,02% орус тилин көрсөткөн.Жалпы калктын өзбектеринин саны 250,7 болсо, анын 99,0% өзбек тилин эне тили катары эсептешсе, 0,7% кыргыз тилинде, 0,07% орус тилинде сүйлөй алышат.Орустар облуста 9120 болсо, 99,2% орус тилин эне тили катары таанышса, 0,5% кыргыз тилинде, 0,1% өзбек тилинде сүйлөй алат.Татарлардын дээрлик көпчүлүгү экинчи тил катары (15,8%) орус тилин тандап алышкан. Андан сырткары, 3,4% татарлар кыргыз тилин, 1,6% өзбек тилинбилишет.Түрктөрдүн саны 5842 болсо, 39,3% өз улутунун тилин, 25,3% кыргыз тилин, 29,7% өзбек тилин тандап алышкан.

Жалпысынан, кыргыз, өзбек жана орустар өз улутунун тилин эне тили катары таанышса, татарлар орус тилине, ал эми түрктөр кыргыз жана өзбек тилдерине басым коюшкан.

Этносоциологиялык изилдөөлөрдө сурамжылануучуларга мамлекеттик тилди бардык жарандар билүүсүнүн керектиги жөнүндө суроо берилген. Бул жооптор аркылуу кыргыз тилинин этностор арасында таралышын карадык.

**Жадыбал 4.62.** «Сиз Кыргызстанда жашап жаткан бардык адамдар кыргыз тилин билүүгө милдеттүү деп эсептейсизби?» деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен)[2.8.,2.9.,2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| Ооба | 81,8 | 76,7 | 78,7 |
| Жок | 18,1 | 23,2 | 21,2 |

Жадыбал көрсөткөндөй (4.62.), Жалал-Абад шаары – 81,8%, Базар-Коргон айылы 76,7%, жалпы облус боюнча – 78,7% кыргыз тилин билүүгө милдеттүү деп эсептешет. Мында мамлекеттик тил деп эсептелген кыргыз тилине калктын басымдуу бөлүгү милдетүү түрдө улутуна карабай кыргыз тилин билүүсү керек деп эсептейт. Берилген маалыматтар кыргыздардын өзүн-өзү таануусу шаарларда күчтүү экендигин кабарлайт. Жалал-Абад шаарында облустун ар кайсы аймактарынан келген жаштар көпчүлүктү түзүшөт. Алардын этникалык аң-сезими да абдан жогору. Ошондуктан бул суроонун талдоосун жаш өзгөчөлүгүнө карай да талдап көрүүнү чечтик.

Эгемендүүлүктүн шартында кыргыз тили мамлекеттик тил катары өнүгүүдө. Анын өнүгүү жолундагы көйгөйлөргө карабай мааниси абдан жогору. Жаш муундарды тарбиялоодогу кыргыз тилинин ролун аныктоо үчүн ата-энелер балдарын кайсы тилдеги мектептерде окутууну каалагандыктарына кызыктык.

**Жадыбал 4.63.** «Балдарыңыз мектепте кайсы тилде окуусун каалайсыз?» деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.8.,2.9., 2.10.].

| аймактар / жооптор | Жалал-Абад шаары | Базар-Коргон айылы | Жалал-Абад облусу |
|---|---|---|---|
| кыргыз | 43,3 | 61,8 | 54,5 |
| орус | 54,5 | 37,1 | 44,0 |
| өзбек | 2,1 | 1,0 | 1,4 |

Жадыбалда (4.63.) көрүнүп тургандай, кыргыз тилинде окутууну айыл жергесинде калктын басымдуу бөлүгү каалашат. Мисалы, Базар-Коргон айылында 61,8% тандап алышкан. Бул биринчиден, айылдарда тургундардын дээрлик бардыгы кыргыздар, алар балдарын мамлекеттик тилде окутууну каалашат, улуттук каада-салтты, тарбияны нукура кыргыз тилинде балдарга сиңирүү керек деп эсептешет. Ал эми орус тилин негизинен Жалал-Абад шаарынын 54,5% тургундары тандап алышкан. Ал негизинен маалымат мейкиндигиндеги улуттар аралык байланыш орус тилинде жүргүзүлүп, ааламдашуу жүрүмүндө орус тилинин ролу жогору болгондуктан жана дүйнөдөгү маалыматтарды өздөштүрүү үчүн балдарын орус тилинде окутууну өзгөчө шаардыктар каалашат. Шаарлардагы урбанизация, унификация жана ааламдашуу жүрүмү активдүү болгондуктан, шаар тургундарынын балдары келечекте заманга ылайык адаптацияланышы үчүн окутуунун орус тилин тандашат.

**Жадыбал 4.64.** «Балдарыңыз мектепте кайсы тилде окуусун каалайсыз?» деген суроого Жалал-Абад шаарынын сурамжылануучуларынын тандоосу (жынысы боюнча, % менен) [2.10.].

| Жынысы боюнча / Мектептерде окутуунун тили | аял | эркек |
|---|---|---|
| Кыргыз | 49,3 | 50,6 |
| Орус | 58,8 | 41,1 |

Шаарда абал айылга салыштырмалуу жогорудагыдай көрүнүштү берди. Шаарда кыргыз тилине караганда орус тилине басым коюшат. Мектептерде орус тилинде окутууну суралган аялдардын 58,8% каалашат. Ал эми эркектердин 50,6% кыргыз тилинде окутууну каалашат.

**Жадыбал 4.65.** «Балдарыңыз мектепте кайсы тилде окуусун каалайсыз?» деген суроого Жалал-Абад шаарынын сурамжылануучуларынын тандоосу (жашы боюнча, % менен) [2.10.].

| Жашы боюнча / мектептерде окутуунун тили | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 11,1 | 34,5 | 19,7 | 2,4 | 14,8 | 7,4 | 9,8 |
| Орус | 27,4 | 29,4 | 23,5 | 11,7 | 3,9 | 3,9 | - |
| Өзбек | 50 | 50 | - | - | - | - | - |

Суралгандардын 21-25 жаштагы тургундарынын 34,5% кыргыз тилинде окутууну каалашат. 29,4% суралгандар орус тилин көрсөтүшкөн. Демек, Кыргызстанда жумушка орношуу үчүн кыргыз тилин билүү керектигинен кыргыз тилин тандап алышкан. Ал эми миграцияга дуушар болгон орто курактагы 26-29 жаштагы суралгандардын 23,5% жана 30-39 жаштагы суралгандардын 11,7% орус тилин тандап алышкан.

**Жадыбал 4.66.** «Балдарыңыз мектепте кайсы тилде окуусун каалайсыз?» деген суроого Жалал-Абад шаарынын сурамжылануучуларынын тандоосу (үй-бүлөлүк абалы боюнча, % менен) [2.10.].

| үй-бүлөлүк абалы боюнча / мектептерде окутуунун тили | бойдок | үй-бүлөлүү | ажырашкан | жесир |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 48,1 | 48,1 | 2,4 | 1,2 |
| Орус | 50,9 | 45,1 | 3,9 | 0 |
| Өзбек | 50 | 50 | - | - |

Шаардагы бойдоктордун 51%, ал эми үй-бүлөлүүлөрдүн 45,1% орус тилин тандап алышкан. Ал эми кыргыз тилин бойдоктордун жана үй-бүлөлүүлөрдүн 48,1% тандап алышкан. Демек, шаарда орус тилине көп басым

коюшат. Белгилей кетчү жагдай, шаардагы өзбектер өз эне тилине басым жасашат жана алар орус тилин да, кыргыз тилин да көрсөтүшкөн эмес.

**Жадыбал 4.67.** «Балдарыңыз мектепте кайсы тилде окуусун каалайсыз?» деген суроого Жалал-Абад шаарынын сурамжылануучуларынын тандоосу (билим деңгээли боюнча, % менен) [2.10.].

| Билим деңгээли боюнча / мектептерде окутуунун тили | жогорку | бүтпөгөн жогорку | атайын орто | орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 23,3 | 35,5 | 13,3 | 15,5 | 2,2 |
| Орус | 25,4 | 33,3 | 6,3 | 14,2 | 1,5 |
| Өзбек | 33,3 | - | - | 33,3 | - |

Бүтпөгөн жогорку билимдүүлөрдүн 35,5% кыргыз тилин, ал эми 33,3% орус тилинде балдарын окутууну каалашат. Жогорку билимдүүлөрдүн 23,3% кыргыз тилинде, ал эми 25,4% орус тилинде балдарын окутууну каалашат. Башкача айтканда ааламдашуу жүрүмүндө орус тилине көп басым жасалып жаткандыгы белгилүү болду.

Өзбек тили боюнча өзгөчө маселелер бар. Себеби, статистикалык маалыматтар боюнча Кыргызстандын түштүгүндө, кыргыздардан кийинки орунда өзбектер турат. Өзбектер өзбек тилин билсе да, аны өз эне тили катары тандап алса да, учурда кыргыз тилине маани бере баштады.

Өзбектер өткөн окуялардан улам коомдогу өзгөрүүлөргө калыс баа берип карап көрүштү. Кыргызстандын түбөлүктүү жараны экенин мурдагыдан да жакшы түшүнө баштašты [7.166., 13-б.].

Бир тил ортодогу көпүрө тил экенин, ал – мамлекеттик тил болуш керектигин эл түшүндү. Балдарын кыргыз мектептерге берип, атүгүл жогорку окуу жайларынын кыргыз филологиясына, кыргыз журналистикасына киргизип жаткан өзбек туугандарыбыз көбөйө баштады [7.158.,11-б.].

Эң негизгиси, Советтер Союзунун тушунда байкалбаган миграциялык активдүүлүк, эгемендүүлүккө ээ болгондон соң кеңири кулачын жайды. Бул да болсо учурдагы экономикалык абалыбыздын жакшы эмес экендигин далилдеп

тургандай. Чындыгында миграцияга дуушар болгон мигранттар эс алууга же саякаттаганы эмес, турмушунун оордугунан өздөрүнүн мүдөөлөрүн, муктаждыктарын канааттандыруу максатында көчүп жүрүшкөнүн айткыбыз келет. Миграциянын жогорку чеги 1993-жылы байкалган. Ошондуктан ошол жылдагы республикалар аралык жана тышкы миграцияны талдай турган болсок, анда төмөнкү көрүнүштү алабыз.

**Жадыбал 4.68.** Жалал-Абад областындагы улуттар боюнча калктын республикалар аралык жана тышкы миграциясы (1993) [3.15. 215-б.].

| Улуттар | Келгендердин саны | Кеткендердин саны | Миграциялык өсүү, кемүү) (-) |
|---|---|---|---|
| баары | 2113 | 17577 | -15464 |
| кыргыздар | 590 | 533 | 57 |
| орустар | 453 | 7555 | -7102 |
| украиндер | 88 | 1446 | -1358 |
| белорустар | 4 | 104 | -100 |
| өзбектер | 636 | 2747 | -2111 |
| казактар | 29 | 130 | -101 |
| грузиндер | 1 | 1 | - |
| азербайжандар | 4 | 28 | -24 |
| литовтор | 1 | 3 | -2 |
| молдавандар | 1 | 8 | -7 |
| латыштар | - | 3 | -3 |
| тажиктер | 24 | 62 | -38 |
| армяндар | 3 | 27 | -24 |
| түркмөндөр | - | 7 | -7 |
| эстондор | 1 | 8 | -7 |
| татарлар | 157 | 2895 | -2738 |
| еврейлер | 1 | 13 | -12 |
| немецтер | 17 | 628 | -611 |
| уйгурлар | 13 | 92 | -79 |
| дунгандар | 1 | - | 1 |
| корейлер | 3 | 42 | -39 |
| түрктөр | 12 | 7 | 5 |
| башка улуттар | 74 | 1238 | -1164 |

Жадыбалда көрүнүп тургандай, 1993-жылы облус өзүнүн 17577 адамын жоготуп, миграциялык кемүү 15464 адамды түздү. Бул жылы дээрлик көпчүлүк орустар, украиндер, татарлар, немецтер, казактар, өзбектер, белорустар чыгып кетишкен. Кыргыздарды эсепке албаганда бардык улуттарда миграциялык кемүү катталган.

Жыйынтыктап айтканда, Жалал-Абад облусунун калкынын этнодемографиялык өнүгүүсүнө миграциялык жүрүмдөр чоң таасир тийгизет. Тышкы эмгек миграциясына негизинен эмгекке жарамдуу жаштар кетип жаткандыгына байланыштуу облустун этнодемографиялык өнүгүүсүнүн бардык тармактарында анын таасири байкалууда.Облустагы калктын, анын ичинде өзгөчө кыргыздардын көпчүлүгү Россияга, Казакстанга барып иштеп келүү жана жашоо үчүн багытталган. Алардын активдүү миграциялык жүрүм-туруму негизинен социалдык-экономикалык себептер менен шартталган. Миграциялык жүрүмдөр жана калктын этнодемографиялык өнүгүүсү бири-бири менен тыгыз байланышта жана өз ара бири-бирине таасир тийгизип турушат.

# ЖЫЙЫНТЫК

Учурда ааламдашуу шарттарында постсоветтик мейкиндикте изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү этнодемографиялык жүрүмдөргө көңүл буруууда. Биз карап жаткан хронологиялык алкакта Кыргызстан эгемендүүлүктүн жолуна түштү жана жыйырма жыл ичинде татаал тагдырды башынан кечирди. Калктын өнүгүүсүнө жана өзүн өзү өндүрүүсүнө коомдогу социалдык-экономикалык, саясий жана социалдык-маданий факторлор өз таасирин тийгизди.

Биздин изилдөөлөр боюнча Кыргызстандын түштүгүндөгү Жалал-Абад облусунун көп улуттуу калкы демографиялык жактан көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Калктын санынын динамикасына табигый өсүш жана миграция чоң таасир этет. Биз изилдеген мезгил ичинде Жалал-Абад облусунун калкынын саны жалпысынан өскөн.

Жыйырма жыл аралыгында Жалал-Абад облусунун калкынын этникалык курамы чоң өзгөрүүлөргө кабылды. Эмиграциянын күч алышы менен калктын курамында өзбектердин, тажиктердин үлүшү өскөн, орустардын, украиндердин, белорустардын, татарлардын, немецтердин үлүшү кемиген. Миграциянын таасири күчтүү болгон менен башка аз сандуу этностор мурдагыдай эле облустун аймагында жашап, анын көп улуттуу калкын түзүүдө.

Жалал-Абад облусунун калкы демографиялык жактан салыштырмалуу жаш. Калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны көп. Улгайган адамдардын саны Кыргызстандын түндүк облустарына караганда аз. Жыныстардын ортосундагы дисбаланс жокко эсе. Улгайган жаштагы эркектердин саны аялдарга караганда эки эсеге аз.

Эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий жана социалдык-экономикалык реформалар шартында калктын демографиялык өнүгүү маселелеринде, андагы табигый өзүн-өзү өндүрүү мүмкүнчүлүгүндө жана сапаттык өнүгүүсүндө көптөгөн өзгөрүүлөр бар. Калктын демографиялык өсүүсүнүн негизги фактору

табигый өсүү болуп эсептелет. Жалал-Абад облусунун калкынын табигый өсүүсү жогору.

Өткөөл мезгилдеги экономикалык абалдын туруксуздугу, кардиналдуу реформалар учурунда облустун калкынын никелешүүсү төмөндөгөн. Айыл жана шаар калкында никелешүү жана ажырашууларда кээ бир айырмачылыктар бар. Кийинки эл каттонун материалдары көрсөткөндөй калктын ичинде аз санда болсо да мамлекеттик каттоодон өтпөгөн никелер пайда болууда.

Жалал-Абад облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган. Этномаданий өнүгүүдөгү жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз түгөйлөрүндө кездешет.

Шаар калкынын этникалык курамы өзгөрдү. Анын басымдуу бөлүгүн кыргыз калкы түзүүдө. Ар бир шаардагы калктын эмгекке жарамдуу калкы анын негизин түзүүдө, анын ичинде эркектер жана аялдардын дисбалансы байкалган жок. Облустагы шаарлар экономикалык борборлордон болгонго толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Себеби, жогорудагы шаарлар жаратылыштык-географиялык шарттарга жана эмгек ресурстарына ээ. Бул шаарлардын өнөр-жайын калыбына келтирүүгө болот. Мисалы, Жалал-Абад шаары курорт жана туризм борборуна айлана алат. Мында өнөр-жай ишканаларын жайгаштырып, санаторийлерди, пансионаттарды, туристтик базаларды ачууга болот. Аны менен андагы жашаган калктын социалдык-экономикалык абалын жана маданиятын өнүктүрүүгө шарт түзүлмөк.

Айыл жана шаарлардын калкынын жашоо деңгээли бирдей эмес. Шаарлар аймактардын экономикалык, маданий, административдик борборлору. Шаарларда ишканалар, базарлар, тейлөө борборлору жашоочуларга жумуш жана жашоо каражаттарын берүүдө. Жалал-Абад шаары - аймактын борбору катарында өтө чоң социалдык-экономикалык, саясий, маданий функцияларды аткарып келет. Өзүнүн айланасындагы айылдардын тургундары үчүн маятниктик, сезондук миграциянын борбору. Статистикалык маалыматтар

көрсөткөндөй, Жалал-Абад шаарынын тургундарынын жашоо деңгээли айылдыктардыкына караганда жогору.

Негизинен шаар калкынын, өзгөчө акыркы мезгилдердеги шаардык кыргыз калкынын санынын көбөйүүсүтабигый өсүүгө байланыштуу болууда. Ошондой эле, айылдагы калктуу пункттардын шаар статусуна ээ болуусу, айыл калкынын шаарга жана шаар тибиндеги поселокторго агылып келүүсүнө да байланыштуу болууда. Өзгөчө ички жана тышкы миграцияга байланыштуу облустун шаарларындагы калктын саны бирде көбөйүп, бирде кескин түрдө азайып жаткандыгын байкоого болот.

Жаңы экономикалык шартта Жалал-Абад облусунун тургундары бакубат жашоону эмгектенүү менен байланыштырышат. Жакшы жашоо үчүн абдан көп эмгектенүү керектигин белгилешкен. Ал эми көпчүлүгү бакубат жашоо үчүн жогору жактарда тааныш болуу керек деп эсептешет. Муну менен жошообуздун бардык чөйрөлөрүндө коррупциянын бар экендиги айгинеленип турат.

Азыркы ааламдашуунун, информациялык технологиялар өнүккөн шартта шаардыктар да, айылдыктар да бардык жаңылыктардан кабардар болууну каалашат жана сыртка чыкканда пикир алмашуу үчүн орус тилин билүүнү зарыл деп эсептешет. Натыйжада мамлекеттик тилибиз болгон – кыргыз тили менен катар, эл аралык пикир алмашуунун тили болгон – орус тилине басым жасашууда. Ошондуктан кыргыз тилин мыкты билүү жашоону жакшыртууга абдан аз таасирин тийгизүүсү өкүндүрөт. Биз изилдеп жаткан аймак полилингвистикалык аймакка кирет. Бул жерде жашагандар кеминде 2-3 тил билишет. Байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, азыркы ааламдашуу шартында анлис, түрк, кытай, араб тилдерин үйрөнүүгө аракеттер башка аймактарга караганда арбын.

Андан сырткары, кыргыздын үрп-адаттарына башка кошуна этносторго караганда абдан көп каражат жумшалат. Мындай чыгымдарды азайтуу жашоо шартты жакшыртууга кыйла таасирин тийгизмек. Ошондуктан, жер-жерлерде мындай чыгымдарга бөгөт коюуга коомчулук өзү да аракет кыла баштаган

шартта, бул маселе боюнча мамлекеттик органдар да иш-чараларды жүргүзүүсү талапка ылайык.

Кийинки учурда Кыргызстандын коомдук-саясий, экономикалык турмушунда көп эле кыйынчылыктар болууда. Жумушсуздуктун, жакырчылыктын айынан көптөгөн жарандарыбыз сыртка иштеп келүү үчүн кетүүдө мигранттардын жөнөткөн акчаларын пайдалануу ички рынокто баалардын өсүүсүнө алып келүүдө. Оор экономикалык абал социалдык оорулардын көбөйүшүнө, баңгичилик, аракечтиктин жайылышына, руханий баалуулуктардын, коомдук моралдын төмөндөшүнө алып келүүдө. Калктын аймактык-демографиялык жайгашуусунда дисбаланс сезилээрлик болуп баратат. Бул өз кезегинде этностор аралык мамилелерге да таасир этүүдө.

Калктын өз турмушун жакшыртууга өзү аракет кылып жатканына карабастан калктын арасында учурдагы материалдык абалына канааттанбагандардын саны арбын. Ошондуктан алар мамлекет тарабынан жардамга муктаж. Калктын ичиндеги жардамга муктаж бөлүгүнө (жакырлар, балдар, оор социалдык абалдагы үй-бүлөлөр, майыптар, жалгыз-жарым жана улгайган адамдар) мамлекет социалдык коргоону жакшыртуусу зарыл.

Кыргызстандын түштүгүндөгү субаймактар жер иштетүүчүлүккө көбүрөөк басым жасашат. Өзгөчө багбанчылык азыркы кыйын социалдык-экономикалык жагдайда жашоого көмөктөшөөрүн билдиришкен. Кийинки учурда түштүк аймагында, анын ичинде Жалал-Абад облусунда чарбасында майда жандыктардыкармагандардын саны көбөйдү. Элдик кол өнөрчүлүк эгемендүүлүктү алгандан кийин өзгөчө жанданды. Улуттук кийим-кечеге керектөө абдан өстү. Азыр улуттук кийим-кече өндүрүшү – жеке ишкердүүлүктүн бир багыты болуп калды. Улуттук тамак-аш, суусундуктар кеңири жайылтыла баштады.

Биздин изилдөөнүн жүрүшү көрсөткөндөй, Кыргызстандын жалпы абалына анын жарандары кайдигер карашпайт. Өлкөбүздүн келечеги өзүбүздүн колубузда, биздин аракетибизге жараша экендигин сурамжылангандардын баары бир оздон белгилешти. Өлкөдө тартипти калыбына келтирүү

керектигин айткан жарандар маектешүү учурунда мамлекеттик чиновниктергекөп ишеним артпагандыктарын билдиришти. Мунун өзү эл менен мамлекеттик ар түрдүү деңгээлдердеги чиновниктердинортосунда, же башкача айтканда, эл менен бийликтин ортосундагы ажырым дале бар экендигин кабарлайт.

Жалпысынан алганда, жалалабаддыктар жаңы турмуштук шартта өздөрү да өзгөрүшүүдө. Көптөгөн социалдык маселелерди чечүүдө, Кыргызстандын абалын ондоо үчүн бирдиктүү аракет жана тынымсыз эмгек керек экендиги талашсыз. Жалал-Абад облусунун калкынын этнодемографиялык өнүгүүсүнө миграциялык жүрүм чоң таасир тийгизет. Тышкы эмгек миграциясына негизинен эмгекке жарамдуу жаштар кетип жаткандыктан облустун этнодемографиялык өнүгүүсүнүн бардык параметрлеринде анын таасири сезилээрлик. Облустагы калктын, анын ичиндеги кыргыздардын көпчүлүгү Россияга, Казахстанга барып иштеп келүү үчүн багытталган. Алардын активдүү миграциялык жүрүм-туруму негизинен социалдык-экономикалык себептер менен шартталган. Миграциялык жүрүмжана калктын этнодемографиялык өнүгүүсү бири-бири менен тыгыз байланышкан жана өз ара бири-бирине таасир этип турушат.

Облустагы калктын санынын өзгөрүүсү социалдык-экономикалык, маданий жана демографиялык факторлордун биргеликте тийгизген таасиринин жыйынтыгы болуп саналат. Салттуу жашоо образы, көп балалуу болуу салты, үй-бүлө жана нике баалуулуктары, жагымдуу демографиялык түзүм калктын санынын өсүүсүнө шарт түзөт.

